ЧҮЙ ОБЛУСТУК БИЛИМ БЕРҮҮ БАШКАРМАЛЫГЫ

АЛАМҮДҮН РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ

ЧҮЙ ОБЛУСТУК МЕКТЕП-ГИМНАЗИЯСЫ

# ТАРЫХ

ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН

V-XI –КЛАССТАР

ҮЧҮН ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТТЫН ПРОГРАММАСЫ

Мугалим: Курманбекова Н.К.

Таш-Дөбө 2022

5-9-класстар

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 5-9-класстар үчүн «Кыргызстан тарыхы жана дүйнө тарыхы» боюнча предметтик стандарт**

**Мазмуну**


1- бөлүм. Жалпы жоболор
1.1. Документтин статусу жана түзүмү
1.2. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн негизги ченемдик документтердин системасы
1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

2- бөлүм. Предметтин концепциясы
2.1. Окутуунун максаттары менен милдеттери
2.2. Предметтин методологиялык негиздери
2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр
2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы
2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү.
2.6. Предмет аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер.

3- бөлүм. Билим берүүчүлүк натыйжалар жана баалоо
3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)
3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

4- бөлүм. Билим берүү процессин уюштурууга коюлуучу талаптар
4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар
4.2. Шыктандаруучу окуу чөйрөсүн түзүү.

**1. бөлүм. Жалпы жоболор**

Бүгүнкү күндөгү Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын өнүгүү этабында тарых боюнча мамлекеттик стандартын маданияттык компетентүүлүк мамиленинин негизинде жаңылоо зарылчылыгы келип чыкты.

Бул стандарт Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамынын, 2014-жылдын 21-июлундагы «Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүүчү стандартын бекитүү жөнүндө» № 403 токтомунун негизинде иштелип чыгып, мамлекеттик милдетүү билим берүүнүн мазмунуна, мектептеги окуучулардын жана бүтүрүүчүлөрдүн тарыхый билиминин даярдыгынын деңгээлине талаптарды коет.

**1.1. Стандарттын статусу жана структурасы:**

«Тарых» боюнча предметтик стандарт Кыргызстандын окутуу кыргыз, орус, өзбек, тажик ж.б. тилдерде жүргүзүлгөн бардык мектептери үчүн бирдиктүү болуп, бардык окуучуларга сапаттуу мектептик билим алуусу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүп, сапаттуу билим алышын шарттайт.

**1.2. Жалпы билим берүү уюмунун негизги нормативдик документтердин системасы.**

Бул стандарт төмөндөгүлөрдү негиз кылып алды:

— «Билим берүү тууралу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

— Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы «Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүүчү стандартын бекитүү жөнүндө» № 403 токтому.

Тарых боюнча предметтик стандарт негизги (тогуз жылдык) жана орто (толук) жалпы орто билим берүүнүн базистик окуу планы, жалпы билим берүү уюмунун окуу планы, негизги жана кошумча жалпы билим берүүчү программалар, окуу китептери жана окуу-методикалык колдонмолор менен комплексте колдонулат.

**1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер**

Бул стандарттагы түшүнүктөр жана терминдер, алардын аныктамасы жана кыскартылышы Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык колдонулду.

**Мектептик тарых боюнча предметтик стандарты** – окуучунун билим алышынын, аларга жетишүү ыкмаларын жана предметтин алкагында өзгөрүүлөрдүн натыйжаларын жөнгө салган документ.

**Предметтин концепциясы** – мектептеги тарых предметин системалык баяндоо, түшүнүү, түшүндүрмө берүү, жетектөөчү идеяларды ачып көрсөтүү, ирээттөө жана өнүктүрүү.

**Компетенттүүлүк** – адамдын ар түрдүү билимдердин, билгичтиктердин элементтерин жана иш-аракеттин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонууга болгон интегративдик жөндөмдүүлүгү.

**Компетенция** – (лат. competere – ээ болуу, шайкеш келүү, туура келүү) – окуучунун белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) натыйжалуу, майнаптуу иштөөсү үчүн зарыл болгон билим даярдыгына карата алдын ала коюлуучу социалдык талаптар (нормалар, стандарттардын тизмеси).

**Негизги компетенттүүлүк** – окуучулардын өздөрү өздөштүргөн турмуштук иш ыкмаларын теориялык жана практикалык милдеттерди чечүүдө колдонуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

**Предметтик компетенттүүлүк** - негизги компетенттүүлүккө карата мамиле боюнча жекече компетенттүүлүк, билим берүү натыйжаларынын топтому түрүндө айрым предметтердин материалдары менен аныкталат.

**Мектептик тарых предметинин базалык мазмуну –** мектепте окутулууга милдеттүү сабактын мазмунун түзүлүшүнүн жана курамынын тизмеси.

**Мектептеги тарых боюнча окуу программасы –** мектептик тарых предметинин мазмунун аныктоочу нормативдик документ.

**Натыйжалар (билим берүүчү)** – негизги жана предметтик компетенттүүлүккө ээ болуу деңгээлинде билдирилген билим берүү процессинин белгилүү этабында окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктеринин топтому

**Баа берүү** – окуучунун когнитивдик (таанып-билүү), аффективдик (эмоционалдык-баалуулук) жана жүрүм-турумдук ишмердигине, мугалимдердин, класстын, мектептин ишине байкоо жүргүзүүнүн, ошондой эле алынган билимдин натыйжаларынын пландаштырылганга ылайык келүү даражасын аныктоо үчүн билимдин сапатын жакшыртуу максатында маалыматты сыпаттоонун, чогултуунун, каттоонун жана интерпретациялоонун тутумдуу процесси.

## 2- бөлүм. Предметтин концепциясы

### 2.1. Окутуунун максаттары жана милдеттери

Кыргызстан тарыхын окутуу демократиялык мамлекеттин өнүгүшүнүн, дүйнөнүн көп түрдүүлүгүн кабылдоого даяр, азыркы доордун толеранттуу инсанын калыптандыруунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

***Мектептик тарых предметинин негизги максаты*** – социалдык эстутумдун негизинде окуучулардын тарыхый ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, азыркы көп улуттуу, көп маданияттуу коомдо өзүн идентификациялоого, өз алдынча чечим кабыл алууга, өнүгүүгө жөндөмдүү компетенттүү инсанды калыптандыруу.

Бул максатка жетүүдөгү негизги мектептин салымы – окуучуларда жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда турат.

***Мектепте тарыхты окутуунун негизги милдеттери:***

**Когнитивдик (таанып-билүү) чөйрөсүндө:**

— Кыргызстандын аймактары жана чек аралары тууралу элестөөлөрдү камтыган, тарыхый-географиялык образды калыптандыруу;

— окуучуларда тарыхый окуялардын көп түрдүүлүгү жана алардын азыркы дүйнөгө таасири тууралуу элестөөлөрүн камсыз кылуу;

— илимий маалыматтарды табуу, тарыхый материалдар менен иштөө жана өткөндү баалоодо өз аргументтерин тизмектөө ыктарын калыптандыруу;

— окуучуларда социалдык-сынчыл ой жүгүртүүнүн негиздерин, тарыхыйлуулук принцибин, жетекчиликке алып, өткөндөгү жана азыркы учурдагы окуялар жана көрүнүштөрдү анализдөө жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;

— окуучуларда тарыхый билимдерин азыркы көп маданияттуу жана көп этностуу коомдо башка адамдар менен алака-мамиле түзүүдө колдоно билүү ыктарын калыптандыруу.

**Жүрүм-турумдук чөйрөдө:**

— окуучуларды мекенчилдик, өз Ата Мекенин урматоо, өз өлкөсү үчүн сыймыктануу сезимин, жарандык иденттүүлүктү жана этностор аралык толеранттуулукту калыптандыруу;
— курчап турган реалдуулукка карата өз позициясын аныктоо жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;
— окуучуларда тең укуктуу мамилелердин жана өз ара урматоонун негизинде диалог жүргүзүү, конфликттерди конструктивдүү маанайда чечүү ыктарын калыптандыруу;
— башка элдердин өткөн доорлордогу тарыхына, маданиятына толеранттуу мамиле жасоо, гуманизмдин идеяларын кабылдоо, адам укуктарын урматтоо мамилесин калыптандыруу.

**Аффективдик (эмоционалдык-баалуулук) чөйрөдө:**
— жаш муундарда жарандык, этноулуттук, социалдык, маданий чөйрөдө өзүн иденттештирүү үчүн багыттарын калыптандыруу;
— үй-бүлөнүн салттуу баалуулуктарына урматтоо мамилесин, табиятты сүйүү, өзүнүн жана башка адамдардын саламаттыгынын баалуулугун таануу, дүйнөнү кабылдоодогу оптимизмди калыптандыруу;
— улуттук жана жалпы адамзаттык тарыхый-маданий баалуулуктарды урматтаган, жаратылыштын эскирбес баалуулуктарын жана айлана-чөйрөнү коргоо зарылдыгын аңдап билген, адептик сапаттарга ээ болгон инсан катары идентификациялоого көмөктөшүү;
— көз караштык мамилелердин түрдүүлүгүн эсепке алуу менен, окуучулардын ой-пикирди жана ишенимди эркин тандоо укугун жүзөгө ашыруу, окуучуларды гуманисттик жана демократиялык баалуулуктарга багыттоо.

## 2.2. Тарых предметин түзүүнүн методологиясы

Тарых окуу предмети катары азыркы билим берүү мейкиндигинин ажырагыс бөлүгү болуп, тарыхый эстутумдун жана аң-сезимдин калыптанышына шарт түзөт. Тарых предметин окуп-үйрөнүү компетенттик мамилеге дал келүүгө тийиш.

Тарых предметин окуп-үйрөнүүдө хронологиялык, өлкө таануучулук жана проблемалык принциптерге таянып, цивилизациялык мамилени колдонуу оптималдуу жол болуп саналат. Цивилизациялык мамиле бир цивилизациянын ичинде, өз өлкөсүнүн, өзүнүн этникалык, диний, маданий жалпылыгын, негизги баалуулуктарын жана тарыхый тажрыйбасын өспүрүмдөрдүн кабылдоосуна басым жасайт.

Стандарттын жаңылыгы негизги мектепте окуу курстарын түзүүнүн азыркы талаптарын, тажрыйбасын жана билим берүүнү модернизациялоонун келечектеги милдеттерин эсепке алуу менен байланышкан. Ал окуучулардын маалыматтык жана коммуникативдик маданиятын, окуучулардын социалдык иденттүүлүгүн өнүктүрүүгө жетишүүдө турат.

Тарых предметинин мазмунундагы темалардын олуттуу бөлүгү, азыркы талаптарга ылайык өзгөртүлдү. Негизги мектепте тарыхый көрүнүштөрдүн маанилүү өзгөчөлүктөрүн чагылдырып, материалдардын кайталануучулугуна жол бербеген окуу курстарынын кыйла тең салмакташтырылган структурасын түзүү аркылуу жүзөгө ашырылат.

**«Тарых» предметинин базалык принциптери төмөндөгүлөр:**
— окуу предмети катары тарыхты окутуунун **негизги максатына жана милдеттерине** жетишүүгө багытталгандыгы;

— **системалуулук** (компоненттердин ар бири башкалар менен өз ара аракетке келген учурда гана толук кандуу иштей алат);

— мазмундун, материалды баяндоонун формасынын жана окуу ишмердигинин **окуучулардын жаштык мүмкүнчүлүктөрүнө, муктаждыктарына жана кызыкчылыктарына туура келиши**;

— курстардын ичиндеги (5-9-класстар жана 10-11-класстар) **тынымсыздык жана улануучулук принциби**, бул бирдиктүү мазмундук сызык, окутууну уюштуруунун жалпы принциптери жана окуучуларда компетенттүүлүктөрдү ырааттуу калыптандыруу;

— окуу маалыматтарынын илимий изилдөөлөрдүн негизги натыйжаларына дал келишин аныктаган, **илимийлүүлүк принциби**;

— азыркы мектептик билим берүүнүн **демократиялуулук принциби**;

— балдардын өзүн жана азыркы коомду таанып-билүү, жоопкерчиликтүү **инсанды тарбиялоо жана өнүктүрүү принциби**;

— **көп маданияттуулук принциби,** окуучуларга өткөн муундар тарабынан иштелип чыккан улуттук жана жалпы гуманисттик баалуулуктарды өздөштүрүүнү камсыз кылып, көп маданияттуу коомдо жашоо жөндөмдүүлүгүн калыптандырат;

— **толеранттуулук принциби**: маданияттык көп түрдүүлүктү түшүнүүнү жана урматтоону, өзүнө жоопкерчиликти ала билүүнү, биргелешкен чечим кабыл алууга катышууну, ар кандай жаңжалдарды сүйлөшүү жолу менен жөнгө салууну камтыйт;

— жынысына, расасына ж.б. карабастан жарандын укуктарынын жана милдеттеринин теңдигин какмтыган – **гендердик теңчилик принциби**;

— **жашоо менен байланыш принциби** жашоого зарыл болгон (алакалашуу ыктары, өз укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо ж.б.) ишмердиктин ыкмаларын өздөштүрүү аркылуу жүзөгө ашат;

— **экологиялаштыруу принциби** табияттын маанисин аңдап-билүү жана азыркы учурдун глобалдык проблемаларын түшүнүү аркылуу табиятка аяр мамилеси калыптанат.

Төмөндөгү артыкчылыктуу билим берүүчү жана тарбиялык багыттар мектепте тарыхты **окутуунун методологиялык негиздерин** түзөт:

— Кыргызстандын тарыхын жана маданиятын, ***дүйнөлүк тарых менен байланышта*** окуп-үйрөнүү;

— ***жарандык коомдун баалуулуктары*** – укуктун жогоркулугу, жарандык тилектештик, коопсуздук, эркиндик жана жоопкерчилик;

— ар бир баскычта өмүр бою ***үзгүлтүксүз билим алууга талаптарын калыптандыруу***;

—***мультиперспективалык мамиле*** тарыхты баяндоодо жаңжалдардын себептерине жана натыйжаларына эки тараптын көз карашы менен түшүндүрмө берүүгө мүмкүнчүлүк берет;

— ***антропологиялык мамиле***, өткөндү инсандык, эмоциялык боектор менен кабылдоосун калыптандырат;

— ***тарыхый-маданият таануучулук мамиле***, маданияттар аралык диалогго, маданий мурастарды кабылдоо жана аяр мамиле жасоо жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырат.

**Жогорудагы мамилелерге таянып, стандарттын жаңы моделинин чегинде мазмунда бир катар структуралык өзгөрүүлөр жүргүзүлдү:**

1. Саясий жана экономикалык тарыхтын материалдарын кыскартуунун, өткөндөгү согуштук-саясий темаларды экинчи планга түшүрүүнүн эсебинен, тарыхый антропологиянын, мифологиянын, диндин, маданияттын жана искусствонун тарыхынын,

биринчи кезекте, руханий маданияттын, Кыргызстан элинин өз ара алака-мамилелеринин, күндөлүк тарыхтын материалдары кыйла кеңейтилди.

2. Түрк Кеңешинин мүчө-өлкөлөрүнүн: Азербайджандын, Казакстандын, Кыргызстандын жана Түркиянын мамлекет башчыларынын, 2012-жылдын 23-августта Кыргызстандын борбору Бишкекте өткөн жолугушуусунда «Орток Түрк тарыхы» курсун окутуу тууралуу биргелешкен чечим кабыл алынган. Түрк Кеңешинин бул чечими 2013-жылдын 16-августундагы Габаладагы (Азербайжан) жана 2014-жылдын 5-июнундагы Бодрумдагы (Түркия) саммиттеринде бекитилген. Аталган чечимдерди жүзөгө ашыруу максатында, «Тарых» предмети боюнча стандартка, Европа өлкөлөрүнүн тарыхынын материалдарын кыскартуунун эсебинен, Түрк элдеринин, Борбордук Азия элдеринин, Азия, Африка, СССР жана анын урандыларында пайда болгон өлкөлөрдүн тарыхы боюнча материалдар кеңейтилди.

3. Тарыхтагы инсандарга өзгөчө орун берилет, ал көрүнүктүү инсандардын өмүр баяндарын окуп-үйрөнүү аркылуу гана эмес, «карапайы адамдардын» да тагдыры аркылуу социалдык жана саясий процесстер баяндалып берилет.

4. Кыргызстан тарыхы курсуна, өзгөчө, азыркы мезгилине өлкөнүн калкынын көп улуттуу жана көп конфессиялуу экендигин эсепке алган материалдар киргизилет.

5. Өзгөчө көңүл критикалык ой жүгүртүү өнүгүшүнүн негизги ыкмаларынын бири тарыхтагы "талаш маселелерге" бурулат. Бул материалдарды изилдеп жатып, мугалим окуянын адеп-ахлактык жана руханий жактарын талкуулагандан баш тартпаш керек. Мугалим алардын бирине да ташуучу катары иш-аракет кылууга болбойт, окуучуларга өздөрүнүн маданий салттарга байланыштуу критикалык ой-жүгүртүү жана түшүнүүсүн үйрөтүү керек. Булактардын тексттери менен иштөө ретроспективалык маалыматтар менен сабаттуу иштөөнүн негиздерин түптөө, аны анализдөөнү жана анализденген маалыматтардын негизинде өз алдынча корутунду жасоого үйрөтүү.

6. Тарых курстарында көркөм адабияттын көбүрөөк колдонулуп, тарыхый географиянын маселелери кеңири чагылдырылат.

***«Тарых» предметин окуп-үйрөнүү системасы*** жалпы билим берүүнүн экинчи жана үчүнчү баскычын камтыйт. Кыргызстан тарыхы менен алгачкы таанышуу башталгыч мектептеги «Мекен таануу» курсунда болуп, ал тарыхый материалдар менен байытылат. Биринчи деңгээлде (5–9-класстар) программмалык материалды окуп-үйрөнүү окуучулардын жаштык мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алуу менен хронологиялык улануучулукта жүргүзүлөт.

«Кыргызстан тарыхы» жана «Дүйнөлүк тарых» курстары, 5—9-класстарда тизмектүү, биринчи жарым жылдыкта «Дүйнөлүк тарых» жумасына 2 саат (жылына 32 саат), экинчи жарым жылдыкта «Кыргызстан тарыхы» жумасына 2 саат (жылына 36 саат). 9-класста «Кыргызстан тарыхы» курсу боюнча мектептик бүтүрүү экзамендери жана атайын орто окуу жайларына кирүү экзамендерин тапшырышат.

Негизги орто билим берүү баскычында предметти окуп-үйрөнүүнүн милдеттерине ылайык «Кыргызстан тарыхы» курсу өлкөнүн жана анын элдеринин өткөндөгү дооруна кызыгуусун арттырган, социомаданий мүнөздөгү материалдар менен кеңейтилди. «Тарыхый персонаждар» мазмундук сызыгына ылайык өткөндөгү окуялардын жүрүшү жана натыйжалары окуу китептерде жана сабактарда адамдардын ишмердиктери жана тагдырлары аркылуу өтөт.

«Тарых» предметинин мазмуну негизги жана кошумча жалпы билим берүүчү программалар аркылуу жүзөгө ашырылат. 5—9-класстар үчүн «Тарых» предметинин мазмуну эки: «Кыргызстан тарыхы» (көлөмү боюнча окуу убактысында артыкчылыктуу орун ээлейт) жана «Дүйнөлүк тарых» (Орток Түрк тарыхы курсу көлөмү боюнча окуу убактысында артыкчылыктуу орун ээлейт) курстары түрүндө баяндалат.

Негизги билим берүүчү программанын мазмуну предметтин базалык мазмунун аныктайт. Негизги билим берүүчү программада бөлүктөрдүн жана темалардын мазмуну салыштырмалуу кыскача берилет, ал кошумча (вариативдик), автордук программаларды түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мугалимдер автордук, эксперименталдык программаларды иштеп чыгууга жана колдонууга укуктуу.

**2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр:**

«Кыргызстан тарыхы» (көлөмү боюнча окуу убактысында артыкчылыктуу орун ээлейт) жана «Дүйнөлүк тарых» (түрк элдеринин орток тарыхы көлөмү боюнча окуу убактысында артыкчылыктуу орун ээлейт) курстарындагы предметтик компетенттүүлүктөр төмөндөгүлөр:

| | **Компетенттүүктөр** | **Компетенттүүктөрдү** |
|---|---|---|
| 1 | **Хронологиялык жана картографиялык** | негизги даталарды атап, хронологиясын тизмектей алат;<br>мезгилдик терминологияны колдонуп, мезгилдик бирдиктерди (жылды, кылымды, биздин заманга чейинки жана биздин заманды) аныктап, алардын ортосундагы айрмачылыктарды таба алат;<br>негизги окуяларды конкреттүү мезгилге шайкеш келтирет;<br>даталарды белгилүү тарыхый окуялар менен шайкеш келтире алат;<br>аталган окуяга, көрүнүшкө дал келбеген даталарды таба алат;<br>тарыхый картада орун алган шарттуу белгилерди окуй алат жана туура колдонот;<br>тарыхый окуяларды тарыхый карта менен шайкш келтире алат;<br>өз алдынча контурдук картада мамлекеттердин чек араларын жана алардын өзгөрүшүн көрсөтө алат;<br>үйрөнүлүп жаткан окуялардын жайгашкан жерин жана материалдык маданияттын эстеликтерин белгилей алат;<br>карта боюнча тарыхый окуяларга түшүндүрмө берет;<br>тарыхый картанын жардамы менен тарыхый окуяларды анализдейт; |
| 2 | **Тарыхый-цивилизизациялык** | адамдардын эмгек жана чарбалык ишмердүүлүктөрүн, материалдык өндүрүштүн, техниканын өнүгүшүн сүрөттөп бере алат;<br>тарыхый окуяларды, көрүнүштөрдү сүрөттөп бере алат;<br>фактыларды, окуяларды, көрүнүштөрдү шайкеш келтире алат;<br>тарыхый окуяларды, кырдаалдарды көрүнүштөрдү салыштыра алат;<br>окуялардын жана көрүнүштөрдүн тиешелүү экендигин аныктап бере алат; |

| | | |
|---|---|---|
| | | окуяны жыйынтыгы боюнча, бүгүнкү күндүн көз карашы менен баалай алат. |
| 3 | **Этномаданий** | өз элинин маданий байлыктарын анализдеп, анын тарыхый-маданий баалуулуктарына инсандык мамилесин билдирет;<br>өз элинин маданий мурастарын урматтайт жана башка элдердин маданий мурастарына толеранттуу мамиле жасайт;<br>маданият таануучулук мамиленин тажрыйбасына таянып, тарыхый инсандарга мүнөздөмө берет;<br>гуманизмдин идеяларын кабылдап, адам укуктарына урматтоо менен мамиле жасайт. |
| 4 | **Социалдык-жарандык** | доорго өз изин, ордун калтырган тарыхый инсандардын аттары атап бере алат;<br>жеке инсандык тажрыйбасынын негизинде тарыхый инсандарга мүнөздөмө берет;<br>айрым инсандардын ролун «доордун руху» менен салыштыра алат;<br>тарыхый инсандардын портреттерин берилген критерийлер боюнча классификациялайт жана топтоштурат;<br>тарыхый өнүгүүнүн контекстинде инсандардын тарыхый ордун аныктай алат;<br>түрдүү тарыхый доорлордогу адамдардын жашоо-тиричилигинин шарттарын салыштыра алат. |

**2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланышы**

Тарых предмети боюнча предметтик компетенттүүлүктөр негизги компетенттүүлүктөр менен тыгыз байланышкан.

**Мамлекеттик стандартта белгиленген негизги компетенттүүлүктөр төмөнкүлөр:**

**1. Маалыматтык компетенттүүлүк**

— адамзаттын өнүгүүсүнүн тарыхый жолу жана тажрыйбасы тууралуу базалык билимдери бар;

— тарыхый мүнөздөгү материалдарды өз алдынча максаттуу тандап, тарыхый маалыматтардын булактарын салыштырып, өткөндү баалоодо өз аргументтерин келтире алат;

— алынган тарыхый-социалдык маалыматка сынчыл анализ жасай алат;

— түрдүү тарыхый окуяларды азыркы турмуш, тарыхый инсандарды азыркы инсандар менен салыштыра алат.

**2. Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк**

— позициялардын түрдүүлүгүн таануунун жана баалуулуктарга (диний, этникалык, профессионалдык, инсандык ж.б.), башка адамдарга карата урматтоо мамилесинин негизинде, өз көз караштарын маданияттуу коргой алат;

— тарыхый фактыларга түшүндүрмө берүүнүн объективдүү жана субъективдүү-инсандык ыкмаларын айырмалай алат;

— жалпы адамзаттык баалуулуктарды негиз кылып алып, гуманизмдин идеяларын көтөрүп чыгат, адам укуктарын урматтайт, маданиятка жана дүйнө элдеринин өткөндөгү тарыхына толеранттуу мамиле жасайт;

— маданият таануучулук билимдерине, тажрыйбасына таянып, өз ара алака-мамиле түзөт.

**3. Өзүн-өзү өркүндөтүү компетенттүүлүгү**

— диалогдон зарыл маалыматтарды алып, аны жеке, социалдык жана профессионалдык проблемаларды оозеки жана жазуу түрүндө сунуш кылат;

— ишмердик процессинде, адамдардын, уюмдардын ортосундагы өз ара мамилелеринде, коомдо үстөмдүк кылган маданий-баалуулук системаларды колдонот;

— тарыхый окуяларга жана инсандарга аргументтүү мүнөздөмө берет.

## 2.5. Мазмундук сызык. Окуу материалын мазмундук сызык жана класстар боюнча бөлүштүрүү.

### 2.5.1. Мазмундук сызык.

«Тарых» предметинин негизги мазмундук сызыгы тарыхый билимдердин ар тараптуулугун жана көп перспективалуулугун чагылдырып турат. Мазмундук сызык: тарыхый мезгил, тарыхый мейкиндик, тарыхый кыймыл жана тарыхый персонаж деген негизги компоненттер менен аныкталат.

**Мектептик тарых курсунун негизин төмөнкү мазмундук сызык түзөт:**

**I. Тарыхый мезгил**

1. окуялардын чен-өлчөмдөрүн жана датасын билүү;

2. даталардын, кубулуштардын жана процесстердин өз ара байланыштуулугун аныктоо;

3. окуяларды, процесстерди доорлого (мезгилдерге) бөлүштүрүү.

**II. Тарыхый мейкиндик**

1. Кыргызстандын жана дүйнөнүн тарыхый картасы, анын динамикасы;

2. тарыхый топография жөнүндө билим;

3. дүйнөнүн, региондун, өлкөнүн түрдүү доорлордогу тарыхый картасындагы өзгөрүүлөр тууралуу билимдер;

4. цивилизациялардын, мамлекеттердин географиялык, экологиялык, этникалык, социалдык, геосаясий абалы жөнүндө элестөөлөрү;

5. тарыхый картада адамдын, коомдун жана табияттын өз аракеттеринин чагылышы.

**III. Тарыхый динамика**

1. окуяларды жана көрүнүштөрдү баяндап жазуу;

2. фактылардын жана процесстердин, көрүнүштөрдүн өз ара катышын аныктап, шайкеш келтирүү;

3. фактыларды жалпылаштыруу;

4. тарыхый окуялардын өз ара байланыштуулугунун себептик-натыйжалык байланышын аныктоо;

5. тарыхый окуялардын жана процесстердин карама-каршылыктуулугун, тенденцияларын, динамикасын, диалектикасын ачып берүү;

6. тарыхый окуяларды, кырдаалдарды, көрүнүштөрдү салыштыруу;

7. окуялардын жана көрүнүштөрдүн маңызын, таандык экендигин, типтерин аныктоо;

8. окуяларды натыйжалары, кесепеттери, бүгүнкү күндүн көз карашы менен баалоо ж.б.

**IV. Тарыхый персонаждар**

1. көрүнүктүү тарыхый ишмерлердин ишмердүүлүктөрүнүн маанилүүлүгүн баяндоо;

2. кээ бир инсандардын ролун «доордун рухуна» салыштыруу;

3. түрдүү персонаждардын тарыхый ишмердүүлүгүн мазмунун салыштырып, аларды типтештирип, ишмердиктериндеги жалпы жана өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү;

4. персонаждардын тарыхый ордун тарыхый өнүгүүнүн контекстинде аныктоо;

5. түрдүү тарыхый доорлордогу адамдардын жашоо шарттарын жана тиричилигин, алардын муктаждыктарын, кызыкчылыктарын, иш-аракеттеринин мотивдерин, дүйнөнү кабылдоосун, баалуулуктарын салыштыруу.

Аталган сызыктарга ылайык негизги (тогуз жылдык) мектепте окуу материалынын базалык мазмуну эки: Дүйнөлүк тарых жана Кыргызстан тарыхы курстарында баяндалат.

**2.5.2. Окуу материалын мазмундук сызык жана класстар боюнча бөлүштүрүү.**

Негизги мазмундук багыттар Кыргызстан тарыхы жана Дүйнөлүк тарых курстарынын чегинде жүзөгө ашырылат. Жалпы орто билим берүүнүн II баскычында (V—IX класстар) окуучулар тарыхты окуу предмети катары төмөнкүдөй структура боюнча окуп-үйрөнөт:

**1. V класс — Тарыхты үйрөнүүгө киришүү жана Дүйнөлүк тарых;**
**2. VI класс—Кыргызстан тарыхы жана Дүйнөлүк тарых (Түрк цивилизациясы);**
**3. VII класс — Кыргызстан тарыхы жана Дүйнөлүк тарых;**
**4. VIII класс — Кыргызстан тарыхы жана Дүйнөлүк тарых;**
**5. IX класс — Кыргызстан тарыхы жана Дүйнөлүк тарых.**

Окуучулар эзелки доордон бүгүнкү мезгилге чейинки тарых боюнча билимдерге ээ болушат. Негизги мектепте тарыхты окуп жатып, окуучу жөнөкөй хронологиялык-мейкиндиктик системада келтирилген тарыхый билимдерге ээ болуп, айрым бир доорлордун спецификасына ылайык тарыхый терминология менен иштөөгө үйрөнүп, тарыхый анализдин негизги ыкмалары менен таанышат.

Бул курстардын сунуш кылынып жаткан хронологиялык бөлүштүрүүсү негизги билим берүүчү программаларда чагылдырылган.

**2.6. Предметтер аралык байланыштар. Өзөктүк тематикалык сызыктар**

**2.6.1. Предметтер аралык байланыш**

Негизги предметтер аралык байланыштар төмөнкү багыттар аркылуу жүрүүгө тийиш: Кыргызстан тарыхы — Кыргыз тили; тарых — адабият; тарых — география; тарых — *«Адам жана Коом»*.

Табигый жана так илимдерди үйрөнүүдө, окуучуларга алардын тарыхы, көрүнүктүү окумуштуулар, алардын ата мекендик жана дүйнөлүк илимге салымы тууралуу маалыматтарды берүү максатка ылайыктуу.

*Кыргыз тили* сабактарында Кыргызстандын өткөн доорлордогу, азыркы учурдагы жана келечектеги кыргыз тилинин ордун жана ролун, тилде чагылдырылган, кыргыз элинин адептик баалуулуктарын айкындоо керек.

*Кыргыз адабиятын окуп-үйрөнүүдө* адабий образдардын тарыхый, тарыхый образдардын — көркөм болуусуна жетишүү зарыл.

Кыргыз адабиятын окуп үйрөнүп жатып, төмөндөгүлөргө көңүл буруу керек:

— Кыргызстандын элдеринин көркөм маданиятындагы, дүйнөлүк көркөм маданияттагы кыргыз адабиятынын ролу;

— ата мекендик адабияттын түрдүү жанрларынын калыптанышынын жана доордун колоритин чагылдырган көрүнүктүү чыгармалардын жаралышынын тарыхый шарттары;

— түрдүү тарыхый доорлордогу табиятты, адамдардын жашоо-тиричилигин, алардын кесиптерин жана каада-салттарын сүрөттөө.

*География* курсунда төмөндөгү жалпы проблемалардын жана темалардын өз ара байланышын эсепке алуу зарыл:

— географиялык жана тарыхый карта;
— дүйнөнүн саясий картасы,
— дүйнөнүн экономикалык картасы;
— улуу географиялык ачылыштар;
— дүйнө элдери;
— дүйнөнүн эң ири шаарлары;
— Кыргызстандын географиялык абалы;
— Кыргызстандын административдик-территориялык бөлүнүшү;
— Кыргызстандын экономикасы;
— Кыргызстандын калкынын саны жана жайгашуусу;
— Кыргызстандын калкынын улуттук составы;
— Кыргызстандын геологиясы жана табияты.

*«Адам жана Коом»* курсу тарыхты окуп-үйрөнүү учурунда алынган, фактылык материалдарга жана конкреттүү аппаратка таянууга тийиш. Өз кезегинде, коомдук илимдердин түшүнүктүк аппараты, тарых курстарында ийкемдүү колдонулууга тийиш.

Бир катар жалпы проблемаларды окуп-үйрөнүүгө өзгөчө көңүл бурулууга тийиш:

— Кыргызстандын саясий, социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү;
— революцияга чейинки, советтик, эгемен Кыргызстандын калкынын этникалык курамы, улуттук саясаты жана улуттар аралык мамилелер;
— коомдун турмушундагы маданияттын, диндин орду жана ролу.

**1.6.2. Мазмундук тилкелер. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү.**

«Тарых» предметинин негизги мазмундук тилкелер төмөнкүдөй:

| **Мазмундук тилкелер** | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Тарыхый мезгил** | Тарых эмне окутат. Өткөн тууралуу билим булактары. Тарыхый жыл эсептөө (жыл, кылым, миң жылдык). Көмөкчү тарыхый дисциплиналар тууралуу маалыматтар. | Адамзаттын тарыхый өнүгүшүнүн этаптары | Адамзаттын тарыхый өнүгүшүнүн этаптары | Адамзаттын тарыхый өнүгүшүнүн этаптары | Адамзаттын тарыхый өнүгүшүнүн этаптары |
| **Тарыхый мейкиндик** | Тарыхый карта: урууларлардын жана элдердин аймагы, мамлекеттердин чек арасы, тарыхый окуядардын орду ж. б. Дарыя цивилизациялары (Нил, Ефрат, Тигр, Хуанхе, Янцзы, Инд, Ганг). Египет, Алдыңкы Азия: Ассирия жана Вавилон, Индия, Кытай. Деңиз цивилизациялары (Финикия, Карфаген, Греция, Рим) | Кыргызстан, Түрк дүйнөсү жана Борбордук Азия байыркы доордо. Көчмөн цивилизациялар. Борбордук Азия). Улуу Жибек Жолу. Тургундардын кесиптери. | Кыргызстан, Түрк дүйнөсү жана Борбордук Азия, Чыгыш, Азия жана Африка, Европа жана Америка орто кылымдарда | Кыргызстан, Түрк дүйнөсү жана Борбордук Азия, Чыгыш, Азия жана Африка, Европа жана Америка жаңы мезгилде | Кыргызстан, Түрк дүйнөсү жана Борбордук Азия, Чыгыш, Азия жана Африка, Европа жана Америка соңку мезгилде |
| **Тарыхый динамика** | Мамлекеттердин пайда болушу. Байыркы Чыгыштын, Грециянын жана Римдин тарыхый мурастары. Эллинизм. Байыркы диндердин пайда болушу. | | Борбордук Азия элдеринин салттуу маданияты. Орто кылымдык цивилизациянын мүнөздүү белгилери. Элдердин улуу көчү жана варвардык | Түрк дүйнөсү. Чыгыштын жана Борбордук Азия элдеринин салттуу маданияты. Азия жана Африка өлкөлөрү Батыш Европа жана Америка. | XX к. социалдык революциялар. Борбордук Азия элдеринин салттуу маданияты. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Конфуцийдин окуусу. Зороастризм. Буддизм. Христианчылык. | | королдуктар доору. Христиан цивилизация-сы. Мусулман цивили-зациясы. Ыраакы Чыгыш цивилизациясы. Түрк-монгол цивилизациясы. Кайра жаралуу доору | Европадагы социалдык революциялар. Өнөр жай революциясы. Колониялык система-нын пайда болушу. Илимий-техникалык революция. Европанын салттуу маданияты. | |
| **Тарыхый персонаждар** | Менес, Хуфу, Хаммурапи, Соломон, Кир II, Дарий I, Цезарь, Александр Македонский | Модэ-Шаньюй, Ли Лин, Чжи-Чжи, Бумын, Истемин, Барсбек, Эрен Улуг | Алп Сол, Або, Сатук Буура хан, Жусп Баласагын, Махмуд Кашгари, Чыңгыз хан, Урус инал, Хайду хан, Тогулук-Темир, Султан-Халил, Мухаммед-кыргыз, Улуу Карл, Мухаммед пайгамбар, леонардо да Винчи, Рафаэль, Мартин Лютер, Иван IV | Тайлак баатыр, Ормон хан, Боромбай, Жантай хан, Шабдан баатыр, Байтик баатыр, Болот хан, Алымбек датка, Курманжан датка, О. Кромвель, Ж.Вашингтон, Н. Бонапарт, Пётр I, О. Бисмарк, А. Линкольн, С. Боливар, Махмуд II, Сунь Ятсен, | К.Сарыкулаков, А.Сыдыков, А.Орозбеков Ж.Абдрахманов, И.Арабаев, К.Тыныстанов, Д.Шопоков, Ч. Түлөбердиев, Панфилов, Раззаков, Усубалиев, А.Акаев. К.Бакиев. А.Атамбаев, В.И.Ленин, И.В.Сталин Ф. Рузвельт, М.Ганди, М. Кемал, М.Хрущев, Б.Клинтон, М. Тетчер, М. Горбачев, Мао Цзедун, Дэн Сяопин, Ли Сын Ман, Обама, Путин. |

## 3- бөлүм. Билим берүүчүлүк натыйжалар жана баалоо

### 3.1. Окуучуларды окутуунун күтүлгөн натыйжалары (баскычтар жана класстар боюнча)

Негизги мектепте тарыхты окуп-үйрөнүүнүн натыйжасы катары окуучуларда негизги компетенттүүлүктөрдү — маалыматтык, социалдык-коммуникативдик жана «Өзүн-өзү өркүндөтүү компетенттүүлүгү», атайын (предметтик): хронологиялык жана картографиялык, этномаданий, тарыхый-цивилизиялык жана социалдык-жарандык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу болуп саналат.

**Негизги мектепте тарыхты окуп-үйрөнүүнүн маанилүү инсандык натыйжасы төмөнкүлөр:**

— үй-бүлөнүн, этникалык жана диний топтун мүчөсү катары өз иденттүүлүгүн аңдап билет;

— азыркы коомдун гуманисттик традицияларын жана баалуулуктарын кабылдайт жана адам укуктарын жана эркиндиктерин урматтайт;

— өткөн муундардын социалдык-адептик тажрыйбасы тууралуу ой жүгүртө алат, азыркы коомдогу өз позициясын жана жүрүш-турушун жөнгө салат;

**Негизги мектепте тарыхты окуп-үйрөнүүнүн метапредметтик натыйжасы төмөнкүлөр:**

— өзүнүн: окуу, коомдук ж.б. ишмердиктерин аң-сезимдүү уюштуруу жана жөнгө салуу жөндөмдүүлүгү калыптанган;

— окуу жана мектептен тышкаркы окуу маалыматтары (фактыларды анализдөө жана жалпылоо, жөнөкөй жана кеңири план, тезис, конспект түзүү, корутунду жасоо жана негиздөө ж.б.) менен иштөө ыктарына ээ болуп, маалыматтын азыркы булактарын, ошонун ичинде, электрондук материалдарды колдонот;

— чыгармачыл тапшырмаларды аткарууга, ишмердигинин натыйжаларын түрдүү формада (кабарлоо, эссе, презентация, реферат ж.б.) алып чыгууга жөндөмдүү;

— классташтары менен кызматташууга, коллективдүү ишке, мектепте жана социалдык чөйрөдө маданияттар аралык өз ара аракеттенүүнүн негиздерин өздөштүрүүгө даяр.

### 3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)

| Мазмундук сызыктар | Компетент үүлүктөр | Билим берүүнүн натыйжалары | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
| **1. Тарыхый мезгил** | 1 Хронологиялык жана картографиялык | **5.1.1.1.** тарыхый жыл менен кылымды шайкеш келтире билет. | **6.1.1.1.** окуялардын мезгилдерге жараша узактыгын жана уланмачылуулугун тактай алат. **6.1.1.2.** легендаларга таянуу менен тарыхый картаны чечмелей билет | **7.1.1.1.** тарыхтагы негизги окуялардын даталарын атайт жана мезгилдерге бөлүштүрө билет, хронологиялык талблица түзө алат. | **8.1.1.1.** тарыхтагы эң башкы даталарды, негизги тарыхый процесстердин мезгилин хронологиялык рамкада белгилей алат. | **9.1.1.1.** XX–XXI кк эң негиздүү, түп тамырынан бери өзгөрүүгө алып келген тарыхтагы саясий окуяларды айтып бере алат жана картадагы өзгөрүштөрдү көрсөтөт. |
| | 2 Тарыхый-цивилизациялык | **5.1.2.1.** өзгөчөлөнгөн тарыхый фактыларды жана жалпы тарыхый көрүнүштөрдү дал келтире алат. | **6.1.2.1**. хронологияны пайдалануу менен окуялардын узактыгын жана уланмачылуулугун аныктай алат. | **7.1.2.1.** дүйнөлүк маданияттын көптүрдүүлүгү жөнүндө элестете алат. | **8.1.2.1.** берилген чен өлчөмгө карата тарыхый булактарды максатуу түрдө тандай (системалаштыра) алат. | **9.1.2.1.** кээ бир өлкөлөрдүн социалдык-экономикалык өнүгүү динамикасын салыштыруу менен анын этаптарын мүнөздөйт, алардын XX – XXI кк чектериндеги модернизациялануу жолунун негизги мазмунун жана жыйынтыгын баалай алат. |
| | 3 Этномаданий | | **6.1.3.1**. өзүнүн жана башка этностордун тарыхый маданий баалуулуктарын билет. | **7.1.3.1.** өз жана башка этностордун тарыхый-маданий баалулуктарын анализдей алат. | **8.1.3.1.** өз жана башка маданий чөйрөдө жүрүм-турум нормаларын түшүндүрүп бере алат. | **9.1.3.1**. өз өлкөсүнүн жана дүйнөлүк тарыхый маданий социалдык чөйрөнүн өзгөчөлүктөрүн тааныйт ошо менен бирге мезгилге жараша анын өзгөрүүлөрүн көрө билүүгө жөндөмдүү. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **4** Социалдык -жарандык | **5.1.4.1.** жалпы адамзаттын негизги баалуулуктарын билет жана түшүнөт | **6.1.4.1.** жалпы адамзаттык принциптерди классификациялайт | **7.2.3.1.** жалпы адамзаттын негизги баалуулуктарды анализдей алат | **8.1.4.1.** азыркы окуялардын маңызын баалоодо жана анын себептерин ачууда тарыхый билимдерин колдоно алат. | **9.1.4.1.** өзүнүн жарандык позициясын көрсөтөт жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде аракеттене алат. |
| **2. Тарыхый мейкиндик** | **1** Хронологиялык жана картографиялык | **5.2.1.1**. тарыхый картадан аймактарды, мамлекеттерин чектерин, шаарлардын ордун көрсөтө алат. | **6.2.1.1**. тарыхый картаны пайдалануу менен байыркы цивилизациялардын ордун, алардын жаратылыш шарттарын жазып бере алат. | **7.2.1.1.** тарыхый окуя жана көрүнүштөрдүн негиздүү белгилерин жана мүнөздөрүн атап бере алат. | **8.2.1.1**.XVII-XIX кк. колониялык империялардын кеңейишин көрсөтүп, колониялык саясаттын негизги багыттарын жана кесепеттерин айтып бере алат. | **9.2.1.1**. тарыхый фактыларды салыштыруу менен анын жалпылыгын жана өзгөчөлүгүн бөлүп көрсөтө алат. |
| | **2** Тарыхый-цивилизациялык | **5.2.2.1**. тарыхый окуялар жана алардын катышуучулары жөнүндө айтып бере алат (ооз эки жана жазуу түрүндө) | **6.2.2.1**. дүйнөлүк жана ата мекендик тарых жана маданияттагы негизги фактыларды элестете алат. | **7.2.2.1**. маданияттын жана руханий жашоонун өнүгүшүндө диндин ролун белгилей алат. | **8.2.2.1**. ири согуштардын себебин, жүрүшүн анализдейт, алардын мүнөзүн баалайт, ири дөөлөттөрдүн союзунун тышкы саясаттарынын негизги багыттарын аныктай алат | **9.2.2.1.** өткөн жана азыркы окуялардын жана көрүнүштөрдүн маанисин ачып берүүдө тарыхый билимдерин жана тарыхый анализдөөнүн жолдорун колдоно алат. |
| | **3** Этномаданий | **5.2.3.1**. ар түрлүү тарыхый доорлордогу элдердин ишмердигин, жашоо образын жана шарттарын мүнөздөй алат. | **6.2.3.1.** өз жана башка маданий чөйрөдө жүрүм-турум нормаларын түшүндүрүп бере алат | **7.2.3.1**. өз ата мекенинин жана дүйнөлүк маданияттын өнүгүшүнө мүнөздөмө бере алат | **8.2.3.1.** башка этностордун тарыхый-маданий баалуулуктарына толеранттуу мамиле жазай алат. | **9.2.3.1.** өз жана башка маданий чөйрөдөгү жүрүм-турум нормаларына анализ бере алат. |
| | **4** Социалдык -жарандык | **5.2.4.1.** тарыхый тексти окуп аңдап түшүнөт, анын негизги мазмунун | **6.2.4.1.** байыркы цивилизациянын жаратмандарынын өз ара мамилелери | **7.2.4.1.** ар түрдүү доорлордогу элдердин тарыхый-маданияттынын тажрый- | **8.2.4.1.**адамзаттын өнүгүшүнүн өзгөчөлүгүн, алардын материалдык жана рухий | **9.2.4.1.** саясий система жана режимдерге мүнөздөмө берет, |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | ачып бере алат. | жөнүндө элестете алат. | баларын түшүнөт жана кабыл алат | керектөөлөрүнүн өсүшүн, эмгек шарттарынын өзгөрүшүн, жашоо образын жана турмуш-тиричилигин түшүндүрүп бере алат. | фактыларга таянуу менен саясий режимдердин маңызын ачып берет. |
| **3. Тарыхый динамика** | **1** Хронологиялык жана картографиялык | **5.3.1.1.** бир же бир нече булактардан зарыл маалыматты табуу жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алат. | **6.3.1.1.** ар түрлүү булактарга таянуу менен маалыматтын окшоштуктарын жана айрымачылыктарын салыштыра алат. | **7.3.1.1.** негизги тарыхый түшүнүктөрдүн маанисин жана маңызын чечмелеп бере алат. | **8.3.1.1.** ири өлкөлөрдөгү өнөр жай төңкөрүшүнүн фактыларын, экономикалык өнүгүүнүн негизги белгилерин анализдей алат. | **9.3.1.1.** ар түрлүү булактарда белгиленген тарыхый фактыларга баа бере алат. |
| | **2** Тарыхый-цивилизациялык | **5.3.2.1.** ар түрлүү доорлордогу элдердин тышкы облигин, турак жайын, эмгек куралдарын, турмуш тиричилик буюмдарын, кийим кечелери, тарыхый эстеликтерин жана элдик чыгармачылык предметтерин жазып бере алат. | **6.3.2.1**. маданияттын негизги жетишкендиктерине мүнөздөмө берүү менен дүйнөлүк маданиятка байркы цивилизациянын кошкон салымын баалоо аркылуу анын маданий өнүгүштөгү өзгөчө маанилүүлүгүн аныктай алат. | **7.3.2.1.** жашоо образынын, адамдардын дүйнөнү кабыл алуусунун өзгөрүшүн көрсөтүү менен маданий жашоодо жана саясатта, диний багытта, чарбачылыкта шаарлардын ролун тактай алат. | **8.3.2.1.** өткөн доорлорго салыштырмалуу адамдардын дүйнөгө, айлана чөйрөгө болгон көз карашынын, элестөөлөрүн өзгөрүшүн анализдей алат. | **9.3.2.1.** негизги саясий агымдардын эволциясына, алардын өкүлдөрүнүн ишмердүүлүктөрүнө баа бере алат. |
| | **3** Этномаданий | | **6.3.3.1.** өз жана башка этностордун тарыхына жана маданиятына кызыгат. | **7.3.3.1.** тарыхый билимди колдонуу менен өз өлкөсүнүн жана дүйнөлүк тарыхый эстеликтерди аныктайт жана | **8.3.3.1.** өз өлкөсүнүн тарыхындагы элдердин жана жеке инсандардын аракеттерин алардын жашоодогу ишмердүүлүк- | **9.3.3.1.** тарыхый өнүгүштүн натыйжаларын анын күчтүү жана алсыз жактарын анализдей алат. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | сактоого даяр | төрүнө жана бүтүндөй адамзаттагы жетишкендиктерди баалоо тажрыйбасы бар экендигин көрсөтө алат. | |
| | **4** Социалдык-жарандык | **5.3.4.1.** адамдар менен сүйлөшүү билимдерин колдонуу менен мектепте жана мектептен тышкары жашоодо маданияттын көп түрлүү чөйрөсүндө диалог жүргүзө алат. | **6.3.4.1.** ар түрлүү тарыхый жана азыркы булактардан маалыматтарды системалаштыра алуу билгичтигин көрсөтө алат. | **7.3.4.1.** жеке жана топтук иштерде өзүнүн күчтүү жана алсыз жактарын белгилеп, аргументтештирүү аркылуу жыйынтык чыгара алат. | **8.3.4.1**. окутулган тарыхый окуяга карата өзүнүн интерпретациясын, баасын сунуштай алуу жөндөмүнө ээ. | **9.3.4.1**. ар түрлүү булактардан тарыхтагы социалдык-саясий окуяларды бөлүп көрсөтө алат. |
| **4. Тарыхый персонаждар** | **1** Хронологиялык жана картографиялык | **5.4.1.1.** тарыхый инсандарды атап беришет | **6.4.1.1.** тарыхый инсандардын ишмердүүлүктөрүн жазып беришет | **7.4.1.1**. инсандарды конкреттүү мезгилдердин убактысына локалдаштыра алышат | **8.4.1.1.** инсандарды белгилүү бир мезгилдин убактысына жараша топтоштура алышат. | **9.4.1.1**. XX к четериндеги ири техникалык ачылуулар жана материалдык, руханий маданияттын өнугушунун негизги белгилерин жана алардын адамдын жашоосуна тийгизген таасирин баалай алышат. |
| | **2** Тарыхый-цивилизациялык | | **6.4.2.1.** элдердин жана тарыхый инсандардын ишмерүүлүктөрүнүн маанисин жазып беришет | **7.4.2.1**. мамлекеттик ишмердердин ишмердүүлүгүн мүнөздөй алышат | **8.4.2.1.** тарыхтагы негизги окуялар, андагы катышуучулар жөнүндө айта алышат жана алардын аракеттеринин маанисине баа беришет | **9.4.2.1**. тарыхы балкатарды жана мезгилдүү басмаларды колдонуу менен адамдардын жашоо белгилерин аныктай алышат |
| | **3** | **5.4.3.1**. жашоо | **6.4.3.1**. тарыхтагы өтө | **7.4.3.1.** маданиятта- | **8.4.3.1.** тарыхый оку- | **9.4.3.1**. саясий лидер- |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Этнома-даний | предметтерин жана тиричилигин, маданий эстеликтерди салыштыра алышат | маанилүү окуя жана инсандарга өз мамилесин аныктайт жана түшүндүрүп бере алат. | гы эң көрүнүктүү эстеликтерге жана аларды жаратуучуларга баа берүү менен мүнөздөй алат | яларды жана окуу адабиятында берилген тарыхый инсандарды анализдей алышат. | лердин жана топтордун ишмердүүлүгүнүн мотиви, максаты жана жыйынтыгына баа беришет |
| | 4 Социалдык -жарандык | | **6.4.4.1**. маданияттын эң көрүнүктүү ишмерлер жана алардын кошкон салымдары жөнүндө айтып беришет | **7.4.4.1.** эң негиздүү ачылыштар жана адамдардын ойлоп табуулары, алардын адамзаттын өнүгүшүнө кошкон салымы жөнүндө элестете алышат жана искусстводо, диний ишенимдердеги өзгөчөлүктөрүн тактап беришет | **8.4.4.1**. адамдардын коомдогу абалынын кээ бир мисалдарына мүнөздөмө беришет | **9.4.4.1.** коом менен мамлекеттин , инсандар ортосундагы карама-каршылыктарды чечүү жөндөмдүүлүктөрүн бөлүп көрсөтө алышат |

### 3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

Билим берүүнүн сапатына баа берүү окуучунун билим алуудагы жетишкендиктеринин, билим берүү программаларынын, билим берүү процессинин касиеттеринин жана билим берүү уюмдарында мамлекеттик билим берүү стандарттарынын ресурстук камсыз кылынышын жана билимдин сапатынын ченемдик-укуктук актыларда белгиленген башка талаптарга шайкеш келишин аныктоо максатында жүргүзүлөт.

1. Окуучулардын жеке билимдик жетишкендиктерин жана прогрессин өлчөө үчүн баа берүүнүн диагностук, форматтык жана жыйынтык сыяктуу үч түрү колдонулат.

2. Диагностук баа берүү окуучунун прогрессине баа берүү үчүн колдонулат – окуу жылынын ичинде мугалим окуучулардын компетенттүүлүгүнүн калыптанышынын баштапкы деңгээлин жетишилген натыйжалар менен салыштырууну жүргүзөт. Диагностук баа берүүнүн натыйжалары сыпаттама түрүндө катталат, алар жалпыланат жана мугалим үчүн окутуу милдеттерин жана окуучулар үчүн окуу милдеттерин коюу жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизүү жана өркүндөтүү үчүн негиз болуп, кызмат кылат.

3. Форматтык баа берүү материалды өздөштүрүшүнүн жекече өзгөчөлүктөрүн (ишти аткаруу темпи, теманы өздөштүрүү ыкмалары ж.б.) эске алуу менен окуучунун прогрессин аныктоо, ошондой эле ийгиликтерге жетишүү үчүн рекомендацияларды иштеп чыгуу максатында колдонулат. Мугалим форматтык баа берүүнү окутууну өз убагында коррекциялоо, пландаштырууга өзгөртүүлөрдү киргизүү, ал эми окуучулар – алар аткарган иштин сапатын жакшыртуу үчүн пайдаланат. Окуучунун прогресси окуучу аткарган конкреттүү иштин негизинде билим берүү чөйрөсүнүн алкагында окутуу максаттарында түптөлгөн белгилүү натыйжаларга жетишүү катары аныкталат. Журналга белги коюу менен мугалим окуучунун жекече прогрессине көз салууну белгилейт.

4. Суммативдик баа берүү окутуунун ар бир баскычы үчүн пландаштырылган натыйжаларга окуучунун жетишүү даражасын аныктоо үчүн жардам берет жана учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу баа берүүдөн келип чыгат.

5. Жекече аткарылган милдеттерге учурдагы баа берүү баа берүү ченемдерине (туура чечимдердин саны, жол берилген каталыктардын саны, тариздөө эрежелерин жолдоо ж.б.) жана мугалими жана/же окуучунун өзү берген айрым иштерди аткаруу критерийлерине жараша жүргүзүлөт. Мугалим окуу материалдарын өздөштүрүүдө окуучунун жекече өзгөчөлүктөрүнө учурдагы баа берүүнү жүргүзөт.

6. Орто аралык баа берүү предметтик стандартта аныкталган иштин түрлөрүнүн негизинде жүргүзүлөт: жазуу жүзүндөгү иштер/булактары менен иштер; оозеки жооп/бет ачар; долбоор, изилдөө иштери, иштин өзгөчөлүү түрлөрү; портфолио (жетишкендиктердин папкасы) ж.б. Иштин бардык түрлөрү баа берүү критерийлеринин негизинде бааланат, милдеттүү болуп саналат жана мугалим тарабынан баа берүү планын иштеп чыгууда алдын-ала пландаштырылат.

7. Жыйынтык баа берүү мектептин календарына (чейрек, жарым жылдык, окуу жылы) ылайык жүргүзүлөт жана колдонуудагы ченемдерге жана баа берүүнүн иштеп чыккан критерийлерине ылайык жазуу жүзүндө аткарылат. Милдеттүү иштердин түрлөрүнүн саны жана алардын жыйынтыктоочу баа берүүдөгү салыштырма салмагы окутуунун баскычтарын жана предметтердин өзгөчөлүгүн эске алуу менен предметтик

стандарттар боюнча аныкталат. Иштердин формаларынын ар түрдүүлүгүн мугалим окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен аныктайт.

8. 5-9-класстарда баа берүү окуучунун ички туюмуна дем берүү, өзүнө-өзү баа берүү, өзүнө-өзү талдоо жана өз ара баа берүү, өз ишине жана башка окуучулардын ишине сын көз менен баа берүү жөндөмүн калыптандырууга багытталган. Ушул максатта белгилер, ошондой эле сапаттык жана сыпаттоо ыкмалары колдонулат.

9. Баа берүү максаттарына жетишүү үчүн негизги жана жогорку мектептин мугалими:

1) бааны окутуунун натыйжасына жетишүү даражасынын көрсөткүчү катары карайт;

2) натыйжаларга жетишүүгө жана инсандык өнүгүшүнө тиешелүү окуучунун прогрессине көз салат;

3) сапаттык жана сандык баа берүүнүн (окуучунун портфолиосу, байкоо жүргүзүү, тесттер, контролдук иштер ж.б.) ар кандай формаларын (жеке жана топтук, оозеки жана жазуу жүзүндө ж.б.), усулдарды, ыкмаларды жана аспаптарды пайдаланат;

4) маселени биргелешип чечүү үчүн окуучунун прогресси жана окутуу процессиндеги кыйынчылыктар жөнүндө ата-энелерге маалымдайт;

5) ким, качан жана кайда, ага баа бергендигине карабастан окуучуларга коюлган талаптардын биримдигин камсыз кылат.

Баалоо окуу-тарбия пролцессинин маанилүү этабы, окуучу, мугалим жана жалпы эле тарбиялоо процесси тууралу маалымат алууга багытталган дидактикалык аракеттердин комплекси болуп саналат. Баа окуучулардын алган билимдерин жана ээ болгон компетенцияларын, окуучулардын иштеринин натыйжалуулугун жана колдонулуп жаткан дидактикалык стратегиялардын тууралыгын аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

Баалоо – бул билим берүү процессине интеграцияланган комплектүү дидактикалык метод, ал өткөрүү мөөнөтүнө жараша: биринчи, күндөлүк жана жыйынтыктоочу болушу мүмкүн.

Натыйжалуу окутууга багытталган баалоо системасы төмөндөгүлөргө мүмкүнчүлүк түзөт:

— окуучуларга предметти окуп-үйрөнүүдө канчалык ийгиликке, мугалимге коюлган максатына жетишкендиги тууралу маалымат берип, кайтарым байланышты жүзөгө ашырат;

— аны жазалоо эмес, кызыктыруу формасында колдонуу;

— окуу ишмердигин стимулдаштыруу;

— анын жардамы менен окуучулардын бир аз да болсо алга жылуусун белгилөө;

— өзүн-өзү баалоонун калыптанышына жана өнүгүшүнө көмөктөшүү.

Бардык окуучулардын активдүүлүгүнө жана потенциалына карабастан камтылгандыгы баалоонун маанилүү шарты. Баа окуучулардын таанып-билүү жана изилдөөчүлүк ишмердигин стимулдаштырууга, кыйла жогорку натыйжаларга жетишүү перспективасын ачууга тийиш. Баалоо аркылуу мугалим окутуу процессинде окучу кездеше турган проблеманы, кыйынчылыктарды айкындоого тийиш. Баалоонун натыйжасында чыгарылган тыянак, мугалимге конкреттүү кырдаалда иштөө методдорун жана формаларын колдонуунун натыйжалуулугу тууралу зарыл маалымат берет.

Баалоо төмөнкү этаптарды өзүнө камтыйт:

1. Максатты пландаштыруу, коюу, критерийлерди жана баалоо шкаласын аныктоо.

2. Иштелип чыккан критерийдин негизинде окутуунун натыйжаларын баалоо жана түшүндүрмө берүү.
3. Баалоонун негизинде корутунду чыгаруу.
4. Жүргүзүлгөн баалоонун негизинде практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Окуучуларды баалоонун принциптери жана критерийлери билим берүүнүн максаттары жана милдеттери менен шартталган. Негизги максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн мугалим окуу стандарттарын колдонот жана анын базасында баалоонун критерийлерин жана формаларын иштеп чыгат.

Мугалим натыйжаларды баалоонун оозеки, жазуу жана практикалык формаларын колдонууга тийиш. Окуучулардын билимин текшерүүнүн төмөндөгүдөй формалары жана методдору каралат:

— суроолорго жооп;
— айтып берүүнүн түрлөрү;
— тарыхый инсандарга мүнөздөмө берүү;
— жеке жана топтук долбоор;
— контурдук карта менен иштөө;
— тестирлөө.

Мында жооптордун тууралыгы гана бааланбастан, билимдердин жана компетенциялардын системасы, жооп берүүчүнүн эрудициясы, предметке мамилеси бааланат.

## 4. Билим берүү процессин уюштурууга коюлуучу талаптар

### 4.1. Ресурстук камсыз кылууга коюлуучу талаптар

1. Жалпы билим берүүчү мекемелерде окуу процессин окуу-методикалык жактан камсыздоо Кыргыз Республикасынын билим жана илим Министрлиги тарабынан жарыялануучу окуу жылындагы окуу сабактарын окутуу жөнүндөгү инструктивдик-методикалык катка ылайык ишке ашырылат.

**Бул катта төмөнкүлөр берилет:**

Кыргыз Республикасындагы башталгыч, негизги, орто жалпы билим берүүчү мекемелердеги мамлекеттик компонент базистик окуу процессинде бардык сабактар окуу китептери жана окуу-методикалык комплекстери (ОМК) (конкреттүү аталыштарын көрсөтүү менен) камсыз болушу;

Окуу-методикалык пособиялардын, сабактар боюнча рекомендациялардын тизмеси (тандоо курсу, факультативдик окутуу, прикладдык курстар).

1. Окуу адабиятынын төмөнкү типтерин өзүнө камтыган окуу-методикалык комплекстерин иштеп чыгуу, кыйла келечектүү деп таануу керек.

— ***Окуу программасы*** — тарых предметинин мазмунун: билимдердин көлөмүн жана түзүмүн, үйрөнүүлүчү темалардын ырааттуулугун жана сабактардын санын, ошондой эле, тарыхты окуп-үйрөнүү процессинде окуучуларда калыптанууга тийиш болгон ишмердүүлүктөрдүн ыкмаларын аныктаган нормативдик документ.

— ***Окуу китеби*** — негизги жалпы орто билим берүүнүн мазмунун чагылдырган, зарыл иллюстративдик жана методикалык материал менен жабдылган китеп;

— ***Окуу колдонмосу*** — факультативдик курстарда колдонулуучу китеп;

— ***Окуу үчүн китеп*** — окуу китеби менен катар эле, негизги курстун айрым темаларын же сюжеттерин кызыктуу формада баяндаган китеп;

— ***Хрестоматия*** — Кыргызстан жана Дүйнө тарыхынын үйрөнүлүп жаткан мезгилдери боюнча документтердин жана булактардын жыйнагы;

— ***Жумушчу дептер*** — окуучулар үчүн түрдүү таанып-билүүчүлүк тапшырмалардын жыйнагы, ошонун ичинде, контурдук карталар бар индивидуалдуу окуу-методикалык колдонмо;

— ***Маалымдамалар*** — милдеттүү материалды, ошондой эле, окуучунун өз алдынча кошумча иштөөсү үчүн зарыл болгон, маалыматтык-энциклопедиялык билимдердин минимумун камтыган китеп;

— ***Картографиялык материалдар*** (түшүндүрмө тексттери жана иллюстрациялары бар тарыхый карталардын жыйнагы – тарыхый атластар, дубал карталары, контурдук карталар) тиешелүү тарыхый материалдарды өздөштүрүүгө, картографиялык компетентентүүлүктөрдү калыптандырууга багытталган.

— ***Окутуунун электрондук каражаттары*** (мультимедиялык презентациялар, электрондук энциклопедиялар жана маалымдамалар, хрестоматиялар, интернет-ресурстар, электрондук окуу китептери, электрондук окуу карталары жана атластары) окутуунун окуп, таанып-билүү ишмердигинин бардык этаптарында окутуунун салттуу каражаттарын компьютердик колдоо катары маалыматтык компьютердик технологияларды колдонуунун караштырат.

— ***Аудиовизуалдык каражаттар*** (диафильмдер, диапозитивдер, компьютердик программалар, кинофильмдер, видеожазмалар, аудиоматериалдар ж.б.) тарыхты окутуунун көрсөтмөлүүлүгү принцибин жүзөгө ашырууга багытталган.

Мындан тышкары, тарыхый темадагы көркөм сүрөттөрдүн репродукциясын, окуу картиналарын колдонуу зарыл.

**4.2. Шыктандыруучу окутуу чөйрөсүн түзүү**

Мотивация, окуу маселелерин чечүү процессинде окуучунун активдүүлүгүн жана өз алдынчалыгын камсыз кылат. Окуу мотиви – бул негизин аң-сезимдүү максат түзгөн, окуучунун окууга карата субъективдүү мамилеси. Бардык мотивдерди социалдык жана таанып-билүүчүлүк деп бөлүүгө болот. Биринчиси, адамдар менен өз ара аракеттенүү ыкмаларына багыт алып, оң баа алууга жетишүүгө жана белгилүү бир кесип алууга умтулуу аркылуу, тарыхтын баалуулугун аңдап-билүү менен байланышкан. Экинчисинде – процессуалдык мотивдер, б. а. окуу процессине кызыгуу өзгөчө роль ойнойт.

Окуу ишмердиги дайыма көп мотивдүү, анда тышкы жана ички мотивдер айкалышып турат. Ички мотивдерге окуу процессиндеги өзүнүн өнүгүүсү, башкалар менен жана башкалар үчүн аракет жасоо, жаңы, белгисизди таанып-билүү кирет. Андан аркы жашоосу үчүн окуунун зарылдыгын түшүнүү, мугалимдерден, өзүнөн улуу инсандардан мактоо угууну, табигый жана пайдалуу көрүнүш катары кароого болот. Аргасыздан окуу, окууну адаттагыдай көрүнүш катары кабыл алуу, лидерлик жана престиж үчүн окуу, көңүл борборунда болууга умтулуу мындай мотивдердин тышкы белгиси болуп саналат. Тышкы мотивдер ар кандай сыйлыктар жана жол болбой калуудан качуу үчүн окуудан ачык байкалат. Бул мотивдер окуу процессинин мүнөзүнө жана натыйжаларына терс таасир тийгизиши мүмкүн.

**Окуу ишмердигинин мотивдерин эки топко бөлүүгө болот.**

**I. Окуу ишмердигинин өзүндө түптөлгөн мотивдер:**

1) окуунун мазмуну менен байланышкан мотивдер: окуучуга жаңы фактыларды билүүгө, билимдерге, ишмердиктин ыктарына ээ болууга, көрүнүштөрдүн маңызын түшүнүү үчүн окууга түрткү болот;

2) окуу процесси менен байланышкан мотивдер: окуучу интеллектуалдык активдүүлүгүн көрсөтүүнү, талкуулоого катышууну, маселелерди чечүү процессинде пайда болгон тоскоолдуктарды жеңүүнү каалайт, б.а. баланы алынуучу натыйжа гана эмес, чечүү процессинин өзү да кызыктырат.

**II. Окуу ишмердигинен тышкаркы мотивдер:**

1) кеңири социалдык мотивдер: а) коом, класс, мугалимдер, ата-энелер алдындагы милдет жана жоопкерчилик; б) өзүн-өзү аныктоо (келечек үчүн маанисин түшүнүү, келечектеги ишке даярданууга каалоосу ж.б.) жана өзүн-өзү өркүндөтүү (окуунун натыйжасында өнүгүү);

2) тар жеке мотивдер: а) жагууга, жакшы баа алууга умтулуу (ойдогудай болуу мотивациясы); б) теңуштарынын арасында татыктуу орун ээлеп, биринчи окучу болууну каалоо (престиждүү мотивация);

3) терс мотивдер: мугалимдер, ата-энелер, классташтар тарабынан болуучу жагымсыз жагдайлардан качууга умтулуу (жагымсыз жагдайлардан качуу мотивациясы).

Окуу ишмердигиндеги мотивацияны эки жол менен өнүктүрүүгө мүмкүн болот. Биринчиси «төмөндөн жогоруга карай» жол катары белгиленген. Аны жүзөгө ашыруу окуучулардын жагымдуу эмоциялык толгонууларына таянуу менен, алардын каалоолорун жана муктаждыктарын канааттандыруу үчүн шарттарды түзүү аркылуу камсыз болот. Мында окуучулардын кызыкчылыктары эсепке алынып: аларга пикирилерин айтууга мүмкүнчүлүк берилип, таанымал болууга, жетишкендиктеринин баалануусуна, мактоолорго татыктуу болууга умтулуусуна колдоо көрсөтүлөт.

Экинчи жолу, «жогорудан төмөнгө карай» жол, окуучунун тандаган багытын эсепке алуу менен, окуучулардын каалоосуна, максат кое билүүсүнө, идеалдарды өздөштүрүүсүнө шарт түзүү. Бул жол ынандыруу, кеңеш берүү, үлгү көрсөтүү методдорун колдонуу менен байланышкан. Анда жамаат, социалдык чөйрө, каада-салттар өзгөчө роль ойнойт.

Адабият жана искусство тарабынан түзүлгөн тарыхый персонаждар, образдар аркылуу, мектеп окуучулары өзүнүн «мен» дегенин, курчап турган адамдарды таанып-билүүгө, өзүнүн жүрүм-турум сызыгын калыптандырууга, турмуштук тажрыйба алууга умтулат. Ушул жерден өзүнүн жүрүм-турумдарын салыштырып, окшоштуруу үчүн ага тарбиялык максаттта үлгүлөрдү көрсөтүүнүн канчалык маанилүү экендигин байкайбыз.

Окуучунун жашоо-тиричилигинде анын маанилүүлүгүн айкындоо аркылуу тарыхты окуп-үйрөнүү боюнча мотивациясын күчөтүү үч багытта жүрүшү мүмкүн.

Биринчи багыт окуучулардын эмгектик, коомдук жана турмуш-тиричилик чөйрөсүндөгү практикалык ишмердигинин кеңейиши, социалдык-саясий маанилүүлүгүн көрсөтүү менен байланышкан. Бул багытты жүзөгө ашыруу мектептин алдына коюлган маанилүү милдеттердин бири болуп саналат. Бул багыттагы иш көбүнчө тарых сабагынан тышкаркы жерлерде жүрөт.

Экинчи багыт азыркы коомдук-саясий турмушту түшүнүү жана ага активдүү катышуу үчүн тарыхты окуп-үйрөнүүнүн маанилүүлүгүн көрсөтүү аркылуу жүзөгө ашат. Аны жүзөгө ашыруу үчүн окуучуларга тарых коомдун өнүгүшүнүн ар бир этабындагы

социалдык-экономикалык проблемаларды анализдөөгө үйрөтүп, бүгүнкү күндүн өткөнгө, келечектин азыркы күнгө көз карандылыгын айкындайт.

Үчүнчү багыт маанилүү тарыхый фактыларды деталдаштыруу, инсандын руханий дүйнөсүн көрсөтүү жана жүрүм-турумдарын мотвациялоо аркылуу жүзөгө ашырылат. Тарых биринчи кезекте, айрым инсандардын тагдырларынын жана ишмердиктеринин чөйрөсү катары көрсөтүлөт. Бул бир эле мезгилде, тарыхый окуяларга түшүнүп гана тим болбостон, эмоциялык аралашууга, терең анализ жасоо мүмкүнчүлүгү түзүлөт.

Ошол эле мезгилде тарыхый инсандардын иш-аракеттерин көрсөтүү, тарыхый процесстин субъектисиин өнүгүшүн ачып берет жана окуучуларда адептик позицияны иштеп чыгуу проблемасын чечет. Ушул максатта, окуучуларга үйрөнүлүп жаткан окуяларды жана көрүнүштөрдүн маанилүүлүгүн көрсөтүү, алардын турмуштук тажрыйбасын, социалдык практикасын актуалдаштырууга ыраттуу таянууга тийиш.

10-11-класстар

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 10-11 класстары үчүн «Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» боюнча предметтик стандарты**

## МАЗМУНУ


**1 - БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР ........................................ 3**

**1.1. Предметтик стандарттын макамы жана түзүлүшү ........................................ 3**

**1.2. Негизги ченемдик документтердин системасы ........................................ 4**

**1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер ........................................ 4**

**2-БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ ........................................ 6**

**2.1. "Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых" предметин окутуунун максаты жана милдеттери ........................................ 6**

**2.2. Предметин түзүлүшүнүн методологиясы ........................................ 8**

**2.3. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр ........................................ 10**

**2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланышы ..... 12**

**2.5. Мазмундук тилке. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү. ........................................ 15**

**2.6. Предмет аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер ........................................ 17**

**3 - БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮЧҮЛҮК НАТЫЙЖАЛАР ЖАНА БААЛОО. 21**

**3.1. Окуучуларды окутуунун күтүлгөн натыйжалары (баскычтар жана класстар боюнча) ........................................ 21**

**3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары ..... 28**

**4 - БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮНҮ УЮШТУРУУГА КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР ........................................ 35**

**4.1. Ресурстук камсыз кылууга коюлуучу талаптар ........................................ 35**

**4.2. Шыктандыруучу окутуу чөйрөсүн түзүү ........................................ 39**

**«КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ ЖАНА ДҮЙНӨЛҮК ТАРЫХ»: ПРЕДМЕТИ БОЮНЧА 10-11 - КЛАССЫ ҮЧҮН ПРОГРАММА (БАЗАЛЫК ДЕҢГЭЭЛ) ........................................ 43**

# 1 - БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

## 1.1. Предметтик стандарттын макамы жана түзүлүшү

Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүчү уюмдарындагы «Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» боюнча предметтик стандарт Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21- июнундагы № 403 - Токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билимдин Мамлекеттик билим берүү стандартынын» негизинде иштелип чыккан жана жалпы билим берүүчү уюмдарда «Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» предметин окутуунун негизги багыттарын аныктайт.

Предметтик стандарт окутуунун жалпы стратегиясын аныктайт, мектепте жогорку 10-11-класстардын окуучуларын тарбиялоо жана өнүктүрүүдө – «Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» предметинин окутуу каражаты, «Социалдык» – билим берүү областынын максатына шайкеш келип, мамлекеттик милдетүү билим берүүнүн мазмунуна, мектептеги окуучулардын жана бүтүрүүчүлөрдүн тарыхый билиминин даярдыгынын деңгээлине талаптарды коет.

«Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» боюнча 10-11-класстар үчүн предметтик стандарт негизги жалпы билим берүүнүн базистик окуу планы, жалпы билим берүү уюмунун окуу планы, негизги жана кошумча жалпы билим берүүчү программалар, окуу китептери жана окуу-методикалык колдонмолор менен комплексте колдонулат.

Мамлекеттик стандартта бөлүп көрсөтүлгөн бардык окуучулар үчүн үйрөнүүгө милдеттүү нормалар жана мамлекеттик стандарттын базасында вариативдүү программалардын түзүлүшү инсанга багытталган билим берүүнү жүзөгө ашырууну, ар бир окуучунун муктаждыктарын эске алган окутуу чөйрөсүн түзүлүшүн шарттайт.

Стандарт компетенттүүлүк багытында жазылган бардык окуучулар үчүн күтүлүүчү натыйжалардын деңгээлин белгилейт.

«Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» боюнча стандарт окутуу жараянынын – окутуу, баалоо жана предметтик өзгөчөлөнгөн белгилүү компетенцияларды өнүктүрүү негизги элементтеринин призмасы аркылуу сапаттуу билим берүүнү камсыздоого салымын кошот. Дал ушул компетенциялар бүтүрүүчүгө коомдук жашоого активдүү аралашуу (интеграциялануу), жашоонун реалдуу, өзгөрүлмө шарттарына ылайыкташууга мүмкүнчүлүк берет.

Негизги билим берүү программаларынын алкагында бардык билим берүү уюмдарынын окутуу формасына карабастан Мамлекеттик билим берүү стандартына дал келиши керек. Стандарттын жоболору төмөнкү уюмдар тарабынан колдонууга жана сакталууга тийиш:

-тибине жана түрүнө карабастан Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мамлекеттик же жеке менчик уюмдарында;

-башталгыч жана орто кесиптик билим берүүчү уюмдарында;

- эл аралык билим берүүчү жана башка мамлекеттик, өкмөттүк эмес билим берүү уюмдарында;

-Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде

-Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлигинин лицензиялоо бөлүмүндө;

-Улуттук тестирлөө борборунда;

-Кыргыз Билим берүү Академиясында жана башка мамлекеттик илимий изилдөө институттарында;

-билим берүү системасындагы кызматкерлерди кайра даярдоо жана билимин жогорулатуу институттарында (борборлордо, курстарда);

-мамлекеттик билим берүүнү башкаруунун аймактык органдарында;

-жергиликтүү мамлекеттик башкаруучулук жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарда.

## 1.2. Негизги ченемдик документтердин системасы

Сунушталып жаткан стандарт төмөнкү ченемдик документтердин негизинде түзүлдү:

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамы (2003-жылы кабыл алынган, акыркы редакцияланышы 2013 - жыл).
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23. 03. 2012-жылдагы № 201 Токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2020-жылга чейин өнүктүрүү концепциясы.
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403 «Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүүнүн стандартын бекитүү жөнүндөгү» Токтому.
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 21. 01. 2013-жылдагы № 11 Токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2013-2017-жылдарына туруктуу өнүгүүсүнүн Улуттук стратегиясы.
- Кыргыз Республикасындагы көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү Концепциясы (2008-ж.).
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы “Кыргыз Республикасында билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары жөнүндө” № 201-Токтому.
- -“Кыргыз Республикасында 2020-жылга чейин мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо Концепциясын” бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2014-жылдын 22-июлундагы № 545/1 Буйругу.
- Кыргыз Республикасындагы жалпы билим берүү уюмдары үчүн базистик окуу планы.

## 1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

Бул стандарттагы түшүнүктөр жана терминдер, алардын аныктамасы жана кыскартылышы Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык колдонулду.

**Базистик окуу планы** – жалпы билим берүүчү мекемелериндеги окутулуучу милдеттүү сабактардын тизмесин, сааттардын көлөмүн аныктоочу, үйрөтүүнү улантуучу документ.

**Компетенттүүлүк –** адамдын ар түрдүү билимдердин, билгичтиктердин элементтерин жана иш-аракеттин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонууга болгон интегративдик жөндөмдүүлүгү.

**Компетенция** – (лат. competere – ээ болуу, шайкеш келүү, туура келүү) – окуучунун белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) натыйжалуу, майнаптуу иштөөсү үчүн зарыл болгон билим даярдыгына карата алдын ала коюлуучу социалдык талаптар (нормалар, стандарттардын тизмеси).

**Мектептик тарыхый билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты** – билим берүүнүн программалык мазмунун (сабактын концепциясы, негизги билим берүүнүн милдеттүү минимум мазмуну, окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү, бүтүрүүчүнү даярдоо деңгээлине талап, адистик, окуу-методикалык, материалдык-техникалык камсыздоо ж.б.) аныктаган ченемдик-укуктук документ.

**Мектептик стандарт** – билим берүү уюму иштеп чыгып, бекиткен жана конкреттүү билим берүү уюмунун компетенциясынын чегинде окуу-тарбиялоо процессин уюштуруу боюнча анын өзгөчөлүгүн чагылдырган документ.

**Мектептик тарыхый билим берүүнүн базалык мазмуну –** тарыхый билим алууну улантуу тепкичинде мектепте окутулууга милдеттүү сабактын мазмунун түзүлүшүнүн жана курамынын тизмеси.

**Мектептеги базалык тарыхый билим берүү мазмунун милдеттүү деңгээли –** окутуу жараянындагы ireттүү тарыхый билимди өздөштүрүүгө багытталган ишмердүүлүк, тажрыйба жана жөндөмдүүлүк.

**Мектептеги тарыхый билим берүүнүн программасы –** мектептик тарыхый билим берүү курсунун мазмунун аныктоочу нормативдик документ.

**Негизги компетенттүүлүктөр** – бардык предметтер үчүн жалпы метапредметтик мазмунда ишке ашырылуучу билимдин натыйжалары. Алар көп функционалдуулугу жана предметтен кеңирилиги менен мүнөздөлөт. Алар:

- автономдуу жана рефлексивдүү иштөөгө;
- ар түрдүү каражаттарды интерактивдүү колдонууга;
- социалдык ар кандай топторго кирүүгө жана алардын ичинде иштөөгө мүмкүнчүлүк түзөт.

**Негизги компетенттүүлүктөр** – окуучулардын өздөрү өздөштүргөн турмуштук иш ыкмаларын теориялык жана практикалык милдеттерди чечүүдө колдонуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

**Предметтин концепциясы –** мектептеги тарыхый билим берүү курсун системалык баяндоо, түшүнүү, түшүндүрмө берүү, жетектөөчү идеяларды ачып көрсөтүү, ireттөө жана өнүктүрүү.

**Предметтик компетенттүүлүктөр** – негизги компетенттүүлүктөргө карата алганда жекече болуп саналат. Мамлекеттик билим берүү стандарты өзөктүү компетенттүүлүктөрдүн тизмегин аныктайт, ал эми предметтик стандарттар айрым алынган предметтердин материалында аларды предметтик компетенттүүлүктөр түрүндө конкреттештирет.

# 2-БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ

## 2.1. “Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых” предметин окутуунун максаты жана милдеттери

“Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых” предметтери боюнча 10-11-класстын предметтик стандартты 5-9 класстар үчүн түзүлгөн предметтик стандарттагы белгиленген максат жана милдеттерди улантуу менен төмөндөгүдөй багытта ишке ашырууну көздөйт.

**“Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых” предметтери боюнча предметтик стандарттын жалпы максаты** - өз баалуулуктарын сезе билген гумандуу, эркиндиктин жана демократиянын баалуулуктарын түшүнгөн, Адам укуктарын сыйлаган жана коргой билген, азыркы коомго интеграцияланган, индивидуалдуу жана коллективдүү чечимдерди кабыл ала алган, жеке, социалдык, кесиптик багытын аныктай алган инсанды калыптандыруу менен окуучуларга билим берүүчү милдетүү минимумдун мазмунун класс жана баскычтар боюнча аныктоо.

**Мектептик жалпы тарыхый билим берүүнүн башкы максаты** - тарыхый материалдардын негизинде окуучулардын тарыхка, коомго болгон илимий көз карашын калыптандыруу, улуттук жана дүйнөлүк маданий каада-салттарга жуурулуштуруу, окуучулардын инсандык сапаттарын өткөндү билүүнүн негизинде дүйнөлүк маданияттын маанилүү жетишкендиктерин өздөштүрүүсүнө, өзүн тарыхый өнүгүүнүн субьектиси катары аңдоосуна мүмкүнчүлүк түзүү болуп саналат.

Жалпы максаттардан улам, заманбап билим берүү системанын жардамы менен мектеп жетишүүгө умтулган ***тарыхый билим берүүнүн максаттары болуп***:

**I.** Тарыхый билим берүүнүн **негизги өзөгүнүн калыптанышы төмөнкүлөрдү камтыйт:**

- тарыхый калыптанган маданий, диний, этноулуттук каада-салттардын, социалдык жана нравалык түзүлүштүн, идеологиялык доктриналардын негизинде окуучуну жарандуулукка, улуттук өзгөчөлүккө тарбиялоо менен дүйнө таанымын өстүрүү;
- Кыргыздардын жана Кыргызстандын аймагында жашаган элдердин каада-салттарын сыйлоо, тарыхый талкууларына жоопкерчиликти алуу менен патриоттулукка тарбиялоо;
- адамзаттын тарыхы, маанилүү окуялар, алардын байланышы, хронологиялык дал келүүчүлүгү жана тарыхый жараяндар жөнүндө тарыхый-философиялык, методологиялык билимдердин системага түшүрүлгөн комплексин өздөштүрүү;
- дүйнөлүк тарыхый процесстеги Кыргызстандын орду жана ролу жөнүндөгү түшүнүгүн калыптандыруу;
- окуучуну гуманитардык тармакта билимин улантууга даярдоо;
- адамдардын тарыхтагы өз ара мамилелеринин формаларын талкуулоо жана талдоо менен окуучунун социалдык тажрыйбасын кеңейтүү.

**II. Окуучулардын төмөнкү инсандык сапаттарынын өнүгүүсү**:

– окуяларды жана кубулуштарды тарыхый шарттар катары кароо менен тарыхый ой-жүгүртүүнү калыптандыруу, мурдагы жана азыркы окуяларга баа берүү менен тарыхтын дискуссиялуу маселелерине өзүнүн аргументтерге негизделген мамилесин, көз карашын билдире билүүсү;
– тарыхый булактардын ар түрдүү типтери менен иштөөдө билимдерге жана көндүмдөргө ээ болуу, тарыхый маалыматтарды изденүүчүлүк тапшырманын чечими катары издөө жана системага салуу;
– заманбап дүйнөнүн тарыхый кубулуштарын жана жараяндарынын шарттарын түшүнүү, алынган тарыхый-социалдык маалыматтарды сын көз карашта талдоо, айлана-чөйрөнүн чындыгына карата өзүнүн көз карашында туруу жана аны пайда болгон тарыхый дүйнө тааным менен айкалыштыруу.

Бул максаттарга жетишүү төмөнкү милдеттерди чечүү менен камсыз кылынат.

**Когнитивдик (таанып-билүү) милдеттер:**

- илимий маалыматтарды табуу, тарыхый материалдар менен иштөө, фактыларды, версияларды, баалоолорду, өнүгүүнүн альтернативаларын жана тарыхый маалыматтардын булактарынын өзүн салыштыруу, өткөндү баалоодо өз аргументтерин тизмектөө көндүмдөрүн калыптандырат;

- сынчыл ой жүгүртүүнүн негиздерин, тарыхыйлуулук принцибин жетекчиликке алып, өткөндөгү жана азыркы учурдагы окуялар жана көрүнүштөр тууралуу түрдүү булактарда маалыматтарды, алардын өнүгүүсүн, өз ара байланышын жана өз ара шартталгандыгын эске алуу менен талдоо көндүмдөрүн өнүктүрөт;

- азыркы дүйнөдөгү көрүнүштөрдүн жана жараяндардын тарыхый шартталгандыгын, алынган тарыхый-социалдык маалыматты түшүнөт;

- тарыхый билимдерин азыркы коомдук көрүнүштөрдүн маңызын чечмелөөдө, азыркы көп маданияттуу, көп этностук жана көп конфессиялуу коомдо башка адамдар менен алака-мамиле түзүүдө колдоно билет.

**Ишмердүүлүк милдеттер:**

- курчап турган реалдуулукка карата өз көз карашын аныктайт, аны тарыхый жактан калыптанган көз караштык системалар менен салыштыруу жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрөт;

- башка элдердин өткөн доорлордогу тарыхына, маданиятына конфессиялуу жана толеранттуу мамиле жасайт, гуманизмдин идеяларын кабылдайт, адам укуктарын урматтоо мамилесин түшүнөт;

- өз көз караштарын, каалоо-тилектерин ачык билдирүүгө жана жүзөгө ашырууга, конкреттүү социалдык-тарыхый, саясий жана экономикалык шарттарды эске алуу менен турмуштук планын долбоорлойт.

**Баалуулук милдеттер:**

- мекенчилдик, өз Ата Мекенин урматоо, өз өлкөсү үчүн сыймыктануу сезимин, жарандык жана улуттар аралык толеранттуулукка тарбиялоого багытталган, баалуулук көз караштарын калыптандырат;

- жалпы улуттук иденттүүлүктү, Мекендин тарыхый тагдырынын жалпылыгы тууралуу көз караштарын калыптандырат;

- жарандык, этноулуттук, социалдык, маданий чөйрөдө өзүн иденттештирүү үчүн багыттарын аныктайт;

- Кыргызстандын жана дүйнөлүк коомчулуктун тарыхый-маданий мурастарына аяр мамиле жасоо компетенцияларын калыптандырат;

- тарыхый жактан калыптанган маданий, диний, этноулуттук каада-салттарды, адептин жана социалдык эрежелер тууралуу ой жүгүртүүнүн негизинде көз караштары калыптанат;

- улуттук жана жалпы адамзаттык тарыхый-маданий баалуулуктарды урматтайт, жаратылыштын эскирбес баалуулуктарын жана айлана-чөйрөнү коргоо зарылдыгын аңдап - түшүнөт, адептик сапаттарга ээ;

- бирдиктүү мамлекетке интеграциялануусу, өзүн Кыргызстандын жараны катары идентификациялоону, гуманисттик жана демократиялык баалуулуктарга багыт алууну түшүнөт.

## 2.2. Предметин түзүлүшүнүн методологиясы

«Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» предметтеринин орду жана ролу, анын таанып-билүүчүлүк жөндөмдүүлүктөрүн жана инсан катары руханий-адептик көз караштарынын калыптанышына кошкон салымы менен шартталган. Ал окуучу жаштарда улуттук идентүүлүктү, жарандык, мекенчилдик сезимдерин калыптандыруунун, улуттук коопсуздукту бекемдөөнүн жана эгемен кыргыз мамлекетинин туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуунун маанилүү факторлорунун бири болуп саналат. «Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» окуу предмети катары азыркы билим берүү мейкиндигинин ажырагыс бөлүгү болуп, тарыхый эс тутумдун жана аң-сезимдин калыптанышына шарт түзөт жана компетенттик мамилеге ылайык окутулат.

«Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» предмети хронологиялык, өлкө таануучулук жана проблемалык принциптерине таянып, цивилизациялык мамилени колдонуу менен окуп-үйрөнүлөт. Формациялык мамиле адамзаттын өнүгүүсүн табигый-географиялык жараян катары карайт жана анын негизин коомдук-экономикалык формациялардын ырааттуу алмашуусу түзөт.

Цивилизациялык мамиле бир цивилизациянын ичинде, маданияттын (дин, искусство, мораль, укук, каада-салт, жашоо образы ж. б.) көп түрдүү формаларынан жана көрүнүштөрүнөн адамдарды бириктиргендерди, б.а., өз өлкөсүнүн, өзүнүн этникалык, диний, маданий жалпылыгын, негизги баалуулуктарын жана тарыхый тажрыйбасын өспүрүмдөрдүн кабылдоосуна, алардын адамзат цивилизациясынын тарыхый жолунун мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүүсүнө басым жасайт.

«Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» предмети бардык эле башка предметтик стандарттар сыяктуу эле жалпы дидактикалык принциптерге (илимийлүүлүк, системалуулук, гумандуулук жана социалдашуу, инсанга-багытталган (мотивациялык) ишмердүүлүк, окуунун жашоо менен байланышы) жана ошондой эле илимий мамилелерге таянат.

- **Илимийлүүлүк принциби** коомдук илимдердин жоболорунун талаптарына, ошондой эле материалды өздөштүрүүдөгү дидактикалык принциптерге таянып ишке ашырылат. Стандартта ишмердүүлүктүн негизинде окуучуларга коюлган талаптар алардын алдына максат жана милдет коюусун, окуу-маалымат материалын салыштыруу менен тандоосун, “Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых” предметин өздөштүрүүдөгү билимин, тажрыйбасын, көндүмдөрүн жалпы

ишмердүүлүк деңгээлине жана гуманитардык сабактар сыяктуу эле табигый-математикалык кубулуштарды үйрөнүүдө да колдоно алуусун калыптандырат.

- **Көп маданияттуулук принциби** Кыргызстан көп улуттуу мамлекет катары маанилүү орунда турат**.** Предметтик стандарт окуучулардын улуттук жана жалпы гумандык баалуулуктарын, адам укуктарын, толеранттулукту, башка элдердин маданиятын, тилин, динин сыйлоо менен көп маданияттуу коомдо жашоосун, чечимдерди кабыл алууда өзүнө жоопкерчиликти алуусун, курч абалды күч колдонбой чечүүсүн өздөштүрүүсүн камсыздайт.
- **Гендердик теңдик принциби**. Стандартта Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Адам укуктарынын жалпы Декларациясын окутуу киргизилген. Окуучу заманбап коомдогу жарандын улутуна, расасына, жынысына карабастан укуктары жана милдеттери бирдей экендигин, жашоодо адамдын гендердик теңдигин, мүмкүнчүлүктөрүн окуп - үйрөнөт.
- **Окуунун жашоо менен байланыш принциби** жашоого керектүү болгон: мамилелешүү, өзүнүн укугун жана кызыкчылыктарын коргоо, чыр-чатакты күч колдонбой чечүү ишмердүүлүктөрүн ишке ашыруу; гумандуу баалуулуктарды өздөштүрүү менен инсанды тарбиялоо жана өнүктүрүүгө багытталат.
- **Экологиялык принциби** азыркы ааламдык маселелерди камтуу менен Кыргызстандын жана дүйнөнүн жашоочулары үчүн жаратылыштын баалуулугун эскертип, жаратылышка аяр мамиле жасоо керектигин багыттайт, тарыхый мисалда жаратылыш жана коомдун тарыхтагы өз ара байланышын берет.

Мектептик тарыхый билим берүү конценциясындагы бүтүндүк идеясына жооп берген негиз болуучу **илимий мамилелердин** арасынан төмөнкүлөр бөлүнөт:

- **Тарыхый мамиле** – курстун мазмунун жана предметтер аралык, социалдык-гуманитардык циклдеги окуу предметтери менен байланыштардын негизин чагылдырат.
- **Антропологиялык мамиле** – өткөндү инсандык, эмоциялык түрдө кабылдоосун калыптандырат.
- **Тарыхый-маданият таануучулук мамиле** – маданияттар аралык диалогго, маданий мурастарды кабылдоо жана аларга аяр мамиле жасоо, тарыхый маданий мурастарды жана ага азыркы коомдогу көп маданияттуу көрүнүш катары мүнөздөмө берүү жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырат.
- **Мультиперспективалык мамиле -** тарыхты баяндоого жаңжалдардын себептерине жана натыйжаларына эки тараптын көз карашы менен түшүндүрмө берүүгө мүмкүнчүлүк берет.
- **Цивилизациялык мамиле** – өз өлкөсүнүн, өзүнүн этникалык, диний, маданий жалпылыгын, негизги баалуулуктарын жана тарыхый тажрыйбасын окуучулардын кабылдоосуна, алардын адамзат цивилизациясынын тарыхый жолунун мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүүсүнө басым жасайт.

## 2.3. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр

Адамдар инсандык жана кесиптик чөйрөдөгү (маалыматтык каражат, башка адамдар жана адамдар тобу, жеке инсандык сапаты жана адамдын өзүнүн мүмкүнчүлүктөрү) колдонгон каражаттардын категориясына шайкеш келген Мамлекеттик билим берүү стандартында негизги компетенттүүлүктөр аныкталган. Мектептик билим берүү процессинде окуучулар төмөнкүдөй негизги компетенттүүлүктөргө ээ болушат:

**Маалыматтык компетенттүүлүк** – керектүү маалыматты чогултуу, аны менен иштөө, сактоо жана пайдаланууну ишке ашыруу. Окуучулар маалымат менен иштөө маданиятын өздөштүрүшөт: жетпеген маалыматты максатуу издеп, кээ бир үзүндүлөрдү салыштырышат, жалпылаган талдоо жана гипотеза түзүү көндүмдөрүнө ээ болушат. Жалпы мазмундан негизги ойду бөлө алат.

**Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк** – өз умтулууларын социалдык топтун жана башка адамдардын кызыкчылыктары менен айкалыштырууга, башка адамдардын ар түрдүү көз караштарын таануунун жана баалуулуктарына (диний, этникалык, кесиптик, инсандык) сый мамиленин негизинде өз көз карашын маданияттуу далилдөөгө даярдык. Керектүү маалыматты маектешүү (диалог) аркылуу алуу, аны социалдык, кесиптик, инсандык көйгөйлөрүн чечүү үчүн оозеки, жазуу түрүндө берүү даярдыгы. Маселелерди чечүү үчүн башка адамдардын жана социалдык институттардын ресурстарын пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет.

Окуучулар сүйлөшүүнүн (коммуникациянын) диалогдук формасын билишет, өз көз карашын далилдүү айта алышат; жанындагы адамды түшүнүшөт, угушат, өзүнүн оюнан айырмаланган көз карашка толеранттуу мамиле жасашат.

**«Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү» компетенттүүлүгү** – маалыматта, окуу жана турмуштук кырдаалдарда ар түрдүү ыкмаларды пайдалануу менен өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүүдө карама-каршылыкты табуу, ошондой эле кийинки аракеттер жөнүндө чечимдерди кабыл алуу даярдыгы. Окуучулар өзүнүн көз карашын ар түрдүү ойлорду эске алуу менен иретке келтиришет, чыр-чатактарды чече алышат.

Азыркы тарых билим берүүнү сунуштоодо компетенттүүлүк мамиле жетекчилик ролду ойнойт. Предметтик компетенттүүлүктөр 10-11-класстардагы «Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» предметинин максаты жана милдетине шайкеш келген: «тарыхый сабаттуулук», «этномаданий компетенттүүлүк» жана «социалдык-жарандык компетентүүлүк» болуп бөлүндү.

«Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» боюнча предметтик компетенттүүлүктөр – негизги компетенттүүлүккө карата жекече компетенттүүлүктөр, алар тарыхый материалдарда билим берүү натыйжаларынын жыйындысы түрүндө аныкталат (1-таблицаны караңыз).

**1-таблица**

| Предметтик компетенттүүлүк | Окуучунун компетенттүүлүгүн баяндоо |
|---|---|
| **Тарыхый сабаттуулук** | • Реалдуу турмуштук талдоонун жана жеке социалдык тажырыйбанын негизинде кырдаалдык тапшырмаларды аткара алат;<br>• тарыхтын окутуучу экенин түшүндүрүп, үйрөнгөн нерседен |

| Предметтик компетенттүүлүк | Окуучунун компетенттүүлүгүн баяндоо |
|---|---|
| | сабак алып, тажрыйбаларды алуу жөндөмдүүлүктөрүн көрсөтөт;<br>• өткөн жана бүгүнкү күндөгү актуалдуу көйгөйлөр боюнча жарандык көз карашын билдире алат;<br>• өз көз карашын аргументтештирүүнүн логикалык ыкмаларын пайдалануу менен тарыхый далилдөөнү көрсөтө билет;<br>• түрдүү тарыхый булактар менен иштөөнү жана аны өздөштүрүү жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алат;<br>• тарыхый өнүгүүнүн себеп-натыйжа байланыштарын жана тенденцияларын ачып көрсөтө алат;<br>• экономиканын, саясаттын, маданияттын, моралдын, идеологиянын көрүнүштөрүнүн өз ара байланыштарын жана өз ара көз карандылыгын ачып берет;<br>• тарыхый адамдардын ишмердүүлүгүн, өмүрүн, идеалдарын мүнөздөп берет;<br>• реалдуу чындыктын шарттарында фактыларга сын көз караш менен карай алат, алган билимин практикада пайдалана билет, конкуренттүү окуяларды, фактыларды бүткүл дүйнөлүк өнүгүүнүн алкагында карайт;<br>• тарыхый өнүгүүнүн мезгилдик баскычтарды билүүсүнө жараша тарыхый окуяларды, жараяндарды мезгил, доор, формация, цивилизация менен салыштыра алат;<br>• тарыхый булактарды ар тараптан үйрөнөт жана теориялык билимдерди пайдалануу менен тарыхый фактыларды, түшүнүктөрдү, окуяларды талдайт, баалайт, салыштырат, жалпылаштырат;<br>• тарыхый жараяндарды обьективдүү жана субьективдүү факторлордун салыштырма диалектикасын түшүнөт, адам факторунун тарыхтагы ролу айтып берет, тарыхый инсандардын ишмердүүлүгүндөгү ички мотивдерин жана тарыхый шарттардын бири-бири менен болгон байланышын түшүндүрүп берет жана баалай алат. |
| **Этномаданий** | • Өз элинин маданий байлыктарын талдап, анын тарыхый-маданий баалуулуктарына инсандык мамилесин билдирип, өз өлкөсүнүн жана адамзаттын материалдык жана руханий маданият жаатындагы байлыктарын тааныйт, улуттун байлыгынын жана тарыхый баалуулуктарынын сактоочусу боло алат;<br>• үй-бүлөлүк, социалдык, коомдук көрүнүштөрдүн жана каада-салттардын маданият таануучулук негиздерин өздөштүрүп, өз элинин маданий мурастарына урматтап жана башка элдердин маданий мурастарына толеранттуулук менен мамиле жасайт;<br>• адамдын, адамзаттын, айрым элдердин жашоосунун руханий-адептик негиздерин таанып, ата мекендик жана дүйнөлүк тарыхты өздөштүрүүгө кызыгат жана улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга сый урмат менен мамиле жасайт;<br>• диний көз караштардын пайда болушу, өнүгүшү (диний жана диний эмес окутуу); коомдук ой-жүгүртүүлөр, илимий идеялардын жаралышынын тарыхын, илимдин жана диндин адамзаттын жашоосундагы ролун баалап, адамдар, уюмдар жана |

| Предметтик компетенттүүлүк | Окуучунун компетенттүүлүгүн баяндоо |
|---|---|
| | социалдык институттар менен өз ара мамилесинде коомдо үстөмдүк кылган маданий-баалуулук системасын колдонот;<br>• маданият таануучулук жана эмоциялык-баалуулук мамиленин тажрыйбасына таянып, башка элдердин жана маданияттардын өкүлдөрү менен алака-мамиле түзөт;<br>• элдердин жана цивилизациялардын дүйнөлүк маданиятка кошкон салымын баалап, өз өлкөсүнүн жана жалпы адамзаттын материалдык жана руханий маданият жаатындагы мурастарын баалайт. |
| **Социалдык-жарандык** | • Өз максаттарын башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен салыштырат, көз караштардын түрдүүлүгүн таануунун жана баалуулуктарга (диний, этникалык, кесипкөйлүк, инсандык ж.б.), башка адамдарга карата урматтоо мамилесинин негизинде, өз көз караштарын маданияттуу коргой алат;<br>• тарыхый фактыларга түшүндүрмө берүүнүн объективдүү жана субъективдүү – инсандык ыкмаларын айырмалай алат;<br>• дүйнөлүк цивилизациялардын жашоо-тиричилигине таасир этүүчү факторлорго түшүнөт жана түшүндүрмө бере алат жана маселелерди чечүү үчүн башка адамдардын жана социалдык институттардын ресурстарын колдонот;<br>• жалпы адамзаттык баалуулуктарды таянып, гуманизмдин идеяларын көтөрүп, адам укуктарын баалай билет, маданиятка жана дүйнө элдеринин өткөндөгү тарыхына толеранттуу мамиле жасай алат;<br>• маданият таануучулук билимдерине, тажрыйбасына, эмоциялык-баалуулук системасына таянып, башка элдер жана маданияттар менен өз ара алака-мамиле түзөт;<br>• тарыхый өнүгүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн айкындап, өткөндөгү жана азыркы учурдагы окуяларга баа берип, тарыхый дискурстарга өз мамилесин билдирет. |

## 2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланышы

Предметтик компетенттүүлүктөр «Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» предметтеринин чегинде алардын мазмунун өнүктүрүп жана тереңдетип негизги компетенттүүлүктөр менен тыгыз байланышкан.

Предметтик компетентүүлүк, өзөктүү компетентүүлүк менен өз ара байланышта болуу аркылуу «Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» предметинин мазмунун өнүктүрөт жана тереңдетет (2 – таблицаны караңыз).

**Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы**

**2- таблица.**

| **Предметтик компетенттүүлүктөр / Негизги компетенттүүлүктөр** | **Тарыхый сабаттуулук** | **Этномаданий компетенттүүлүк** | **Социалдык-жарандык компетенттүүлүк** |
|---|---|---|---|
| **Маалыматтык** | Адамзаттын өнүгүүсүнүн тарыхый жолу жана тажрыйбасы тууралуу булактарды табат жана изилдей алат.<br><br>Тарыхый мүнөздөгү материалдарды өз алдынча максаттуу тандап, фактыларды, версияларды, баалоолорду, өнүгүүнүн альтернативаларын жана тарыхый маалыматтардын булактарын салыштырып, жалпы талдоо жасап жана божомолдорду түзүп, өткөндү баалоодо өз аргументтерин келтире алат.<br><br>Алынган тарыхый-социалдык маалыматка сынчыл талдоо жасап, курчап турган реалдуулукка карата өз көз карашын аргументтүү коргоп, аларды пайда болгон көз караштык системалар менен салыштыра алат. | Адамдын, адамзаттын, айрым элдердин жашоосунун руханий-адептик негиздерин, ата мекендик жана дүйнөлүк тарыхты өздөштүрүүгө умтулуп, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар боюнча маалымат топтой алат.<br><br>Диний көз караштардын пайда болушу, өнүгүшү (диний жана диний эмес окутуу); коомдук ой-жүгүртүүлөр, илимий идеялардын жаралышынын тарыхын, илимдин жана диндин адамзаттын жашоосундагы ролу боюнча маалыматтарды билет жана баалайт. | Алынган маалыматтарга таянуу менен тарыхый өнүгүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн айкындап, өткөндөгү жана азыркы учурдагы окуяларга баа берип, тарыхый дискурстарга өз мамилесин билдирет.<br><br>Маалыматтардын негизинде тарыхый фактыларга түшүндүрмө берүүнүн объективдүү жана субъективдүү-инсандык ыкмаларын айырмалай алат. |
| **Социалдык-** | Өткөн доорлордогу тарыхый | Маданият таануучулук жана | Өз максаттарын башка адамдардын жана |

| Предметтик компетенттүүлүктөр / Негизги компетенттүүлүктөр | Тарыхый сабаттуулук | Этномаданий компетенттүүлүк | Социалдык-жарандык компетенттүүлүк |
|---|---|---|---|
| **коммуникациялык** | окуялар, тарыхый ишмерлер, улуттук баатырлар, каада-салттар, социалдык жана табигый мейкиндикти өздөштүрүүнүн коллективдүү тажрыйбасын, тигил же бул этнос, улут, эл өз өнүгүүсүндө басып өткөн этаптар тууралуу маалыматтарды топтордо талдашат, өз пикирлерин билдирет.<br><br>Тарыхый билимдерге ээ болуу менен алган билимдерин башкалар менен бөлүшө алат. | эмоциялык-баалуулук мамиленин тажрыйбасына таянып, башка элдердин жана маданияттардын өкүлдөрү менен алака-мамиле түзөт.<br><br>Дүйнөлүк цивилизациялардын жашоо-тиричилигине таасир этүүчү факторлорго түшүнөт жана түшүндүрмө бере алат жана маселелерди чечүү үчүн башка адамдардын жана социалдык институттардын ресурстарын колдонот. | социалдык топтордун кызыкчылыктары менен салыштырат, көз караштардын түрдүүлүгүн таануунун жана баалуулуктарга (диний, этникалык, кесиптик, инсандык ж.б.), башка адамдарга карата урматтоо мамилесинин негизинде, өз көз караштарын маданияттуу коргой алат. |
| **Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү** | Илимий көйгөйлөрдү аныктайт, анын актуалдуулугун негиздейт, окуу же турмуштук кырдаалдагы маалыматтардан карама-каршылыктарды табат жана өз алдынча же башкалар менен бирге аракеттенип, түрдүү ыкмаларды колдонуп, андан аркы аракеттер тууралуу чечим кабыл алат. | Диалогдон зарыл маалыматтарды алып, топтордо бөлүшүп, ошол эле мезгилде социалдык жана кесиптик көйгөйлөрдү оозеки жана жазуу түрүндө пландаштырат. | Ишмердүүлүк жараянында, адамдардын, уюмдардын жана коомдук институттардын ортосундагы өз ара мамилелеринде, коомдо үстөмдүк кылган типологиялык маданий-баалуулук системаларды колдонот.<br><br>Тарыхый-маданий баалуулуктарга инсандык мамилесин билдирет. |

## 2.5. Мазмундук тилке. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү.

Предметтин мазмундук тилкеси – бул предметтин система түзүүчү фундаменталдык өзөгү, анын айланасында бардык окуу материалдар, предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга технологиялык багыттар топтоштурулат.

Жогоруда көрсөтүлгөн тарыхый билимдердин системасынын негизинде стандартта 3 мазмундук тилкелер топтоштурулган:

**1. Тарыхый мезгил жана мейкиндик.**

**2. Тарыхый динамика.**

**3. Тарыхый инсандар.**

**1-мазмундук тилке. Тарыхый мезгил жана мейкиндик**

Бул мазмундук тилке окуучуларга жылдардын эсеби жана окуяларды мезгилдерге бөлүү, тарыхый окуялар, кубулуштар, географиялык, экологиялык, этникалык динамика, адамдын жана коомдун өнүгүшүнүн социалдык факторлору: дүйнөнүн картасынын геосаясий өзгөрүшү; тарыхый локалдык цивилизациялардын картасы тууралуу маалыматтарды түшүнүүгө түрткү берет.

**2-мазмундук тилке.Тарыхый динамика**

Бул мазмундук тилке окуучуларга мамлекеттердин жана цивилизациялардын тарыхый өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгү; дүйнөлүк цивилизациялардын жашоого жөндөмдүүлүгүнө таасир эткен факторлору; өндүрүштүн, техниканын өнүгүшүнүн, экономикалык мамилелердин мүнөзүндөгү өзгөрүүлөр; тарыхый окуялардын себептик-натыйжалык байланыштары жана өз ара байланыштары; ар кайсы доордогу жалпы адамзаттык баалуулуктар: этникалык жамааттар (уруу, эл, улут) жана процесстер; тап, катмар, социалдык топтордун өнүгүү динамикасы; мамлекеттин пайда болуу, негизделүү жана өнүгүү жараяны, алардын тарыхый формасы; тарыхтагы социалдык кыймылдардын динамикасы; тарыхый окуялардын жана жараяндардын тенденциясы, динамикасы, диалектикалык өсүүсү жана карама-каршылыктуулугу тууралуу түшүнүү максатын коет.

**3-мазмундук тилке.Тарыхый инсандар**

Бул тилкеде окуучулар тарыхтагы адамзаттын орду, ар түрдүү тарыхый доорлордогу анын өнүгүүсү, керектөөсү, кызыкчылыгы, иш аракетинин далили; дүйнөнү кабыл алуусу, баалуулуктары: жашоосунун жана турмуш-тиричилигинин шарттары менен таанышышат. Материалдык өндүрүштүн өнүгүшүндөгү адамдын эмгек ишмердүүлүгүнүн эволюциясы. Дүйнө элдеринин жана өлкөлөрдүн негизги окуялары. Адамдын айлана-чөйрөнү таануу; диний көз караштардын пайда болушу, өнүгүшү (диний жана диний эмес окутуу); коомдук ой-жүгүртүүлөр; илимий идеялардын жаралышынын тарыхы. Дүйнө элдеринин маданиятынын тарыхы: рухий жана материалдык маданият; этикалык жана эстетикалык баалуулуктардын динамикасы, ар түрдүүлүгү. Элдердин жана цивилизациялардын дүйнөлүк маданиятка кошкон салымы тууралуу түшүнүүсүн кеңейтишет.

Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүлүшү 3-таблицада көрсөтүлгөн.

3-таблица

| Мазмундук тилке | Класс | |
|---|---|---|
| | **10 -класс** | **11 -класс** |
| **Тарыхый мезгил жана мейкиндик** | Адамзаттын тарыхый өнүгүшүнүн баскычтары.<br>Тарыхый карта: уруулардын жана элдердин аймагы, мамлекеттердин чек арасы, тарыхый окуялардын орду ж.б.<br>Байыркы Чыгыш цивилизациялары, алардын мезгили жана мекиндик чен-өлчөмдөрү. Дарыя цивилизациялары.<br>Деңиз цивилизациялары.<br>Орто кылымдагы чыгыш цивилизациялары. (Кытай, Япон, Осмон, Индия). Орто кылымдагы батыш цвилилизациялары Чыгыш, Азия жана Африка, Европа жана Америка орто кылымдарда. Жаңы мезгил доорундагы цивилзациялардын жарылышы жаңы мезгил, жана жаңы мейкиндиктер.<br>Чыгыш, Азия жана Африка, Европа жана Америка жаңы мезгилде.<br>Индустриялык, постиндустриялык жана глобалдык цивилизациялардын доорунун мезгили жана көрүнүшү.<br>Чыгыш, Азия жана Африка, Европа жана Америка соңку мезгилде. | Адамзаттын тарыхый өнүгүшүнүн баскычтары.<br>Кыргызстан, Түрк дүйнөсү жана Борбордук Азия байыркы доордо.<br>Кыргызстан, Түрк дүйнөсү жана Борбордук Азия орто кылым мезгилинде.<br>Кыргызстан, Түрк дүйнөсү жана Борбордук Азия жаңы мезгилде.<br>Кыргызстан, Түрк дүйнөсү жана Борбордук Азия соңку мезгилдерде.<br>Көчмөн цивилизациялар. Борбордук Азия). Улуу Жибек Жолу.<br>Тургундардын кесиптери. |
| **Тарыхый динамика** | Дүйнө элдеринин жана өлкөлөрдүн негизги окуялары.<br>Тарыхтагы социалдык кыймылдардын динамикасы.<br>Дүйнөлүк цивилизациялардын жашоого жөндөмдүүлүгүнө таасир эткен факторлор.<br>Өндүрүштүн, техниканын өнүгүшүнүн, экономикалык мамилелердин мүнөзүндөгү өзгөрүүлөр.<br>Адамдын айлана-чөйрөнү таануу; диний көз караштардын пайда болушу, өнүгүшү (диний жана диний эмес окутуу); коомдук ой-жүгүртүүлөр; илимий идеялардын жаралышынын тарыхы.<br>Дүйнө элдеринин маданиятынын тарыхы: рухий жана материалдык маданият; этикалык жана | Мамлекеттердин жана цивилизациялардын тарыхый өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгү.<br>Тарыхый окуялардын себептик-натыйжалык байланыштары жана өз ара байланыштары.<br>Ар кайсы доордогу жалпы адамзаттык баалуулуктар: этникалык жамааттар (уруу, эл, улут) жана процесстер; тап, катмар, социалдык топтордун өнүгүү динамикасы; мамлекеттин пайда болуу, негизделүү жана өнүгүү жараяны, алардын тарыхый формасы.<br>Тарыхый окуялардын жана жараяндардын тенденциясы, динамикасы, диалектикалык өсүүсү жана карама-каршылыктуулугу. |

| Мазмундук тилке | Класс | |
|---|---|---|
| | **10 -класс** | **11 -класс** |
| | эстетикалык баалуулуктардын динамикасы, ар түрдүүлүгү; элдердин жана цивилизациялардын дүйнөлүк маданиятка кошкон салымы. | |
| **Тарыхый инсандар** | Тарыхтагы адамзаттын орду – ар түрдүү тарыхый доорлордогу анын өнүгүшү: керектөөсү, кызыкчылыгы, иш аракетинин далили; дүйнөнү кабыл алуусу, баалуулуктары: жашоосунун жана турмуш-тиричилигинин шарттары.<br>Материалдык өндүрүштүн өнүгүшүндөгү адамдын эмгек ишмердүүлүгүнүн эволюциясы.<br>Тарыхтагы адамдардын ортосундагы экономикалык мамилелердин өзгөрүшүнүн мүнөздөрү.<br>Ар кайсы доордогу жалпы адамзаттык баалуулуктар: этникалык жамааттар (уруу, эл, улут) жана жараяндар; тап, сословие, катмар, социалдык топтордун өнүгүү динамикасы; мамлекеттин пайда болуу, негизделүү жана өнүгүү жараяны, алардын тарыхый формасы. | Элдердин, цивилизациянын, (коңшулук, маданий байланышы, басып алуулары ж.б.) коомдун, өз ара мамилелеринин тарыхы; тарыхтагы тынчтык жана согуш маселелери.<br>Тарыхый өнүгүүдөгү мамлекеттин ролу.<br>Азыркы цивилизациянын өз ара мамилелеринин тарыхы.<br>Тарыхый өнүгүүдөгү цивилизация жана маданияттын ролу. |

## 2.6. Предмет аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер

Предмет аралык байланыштар – бул бир катар предметтердин окуу материалынын түзүлүшүнө жана тандоого таасир тийгизген окутуу принциби, окуучулардын билимдеринин системалуулугун күчөтүү менен окутуу методдорун активдештирет, окуу жараянында компетенттүүлүк багытты ишке ашырууну камсыздоо менен окутууну уюштуруунун ар кандай формаларын колдонууга багыт берет.

Негизги предметтер аралык байланыштар төмөнкү багыттар аркылуу жүрүүгө тийиш: Кыргызстан тарыхы – Кыргыз тили; Тарых – Адабият; Тарых – География; Тарых – «Адам жана Коом». Чет тилдерин тереңдетип окуган мектептер үчүн: чет тили – бул тил мамлекеттик тил болгон өлкөнүн тарыхы. Табигый жана так илимдерди үйрөнүүдө, окуучуларга алардын тарыхы, көрүнүктүү окумуштуулар, алардын ата мекендик жана дүйнөлүк илимге салымы тууралуу маалыматтарды берүү максатка ылайыктуу.

Жогоруда көрсөтүлгөн предметтердин тарых менен өз ара байланышы жалпы орчундуу проблемаларга жана темаларга көңүлдүн борборун топтоо аркылуу камсыз кылынат.

4-таблицада өз ара байланыш тармактары жана жалпы категориялары аркылуу 10-11-класстарда «Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» предметинин предмет аралык байланышы келтирилген.

**4-таблица**

| Предметтер | Өз ара байланыштуулугу жана жалпы категориялары |
|---|---|
| *Кыргыз тили жана Кыргыз адабияты* | - Кыргызстандын өткөн доорлордогу, азыркы учурдагы жана келечектеги кыргыз тилинин ордун жана ролун, тилде чагылдырылган, кыргыз элинин адептик баалуулуктары;<br>-X-XI класстардын деңгээлинде тарых жана адабият курстарынын синхрондуулугу;<br>- адабий образдардын тарыхый, тарыхый образдардын – көркөм болуусуна жетишүү;<br>- Кыргызстандын элдеринин көркөм маданиятындагы, дүйнөлүк көркөм маданияттагы кыргыз адабиятынын ролу;<br>- ата мекендик адабияттын түрдүү жанрларынын калыптанышынын жана доордун колоритин чагылдырган көрүнүктүү чыгармалардын жаралышынын тарыхый шарттары;<br>- түрдүү тарыхый доорлордогу табиятты, адамдардын жашоо-тиричилигин, алардын кесиптерин жана каада-салттарын сүрөттөө. |
| *География* | — географиялык жана тарыхый карта;<br>— дүйнөнүн саясий картасы;<br>— дүйнөнүн экономикалык картасы;<br>— Улуу географиялык ачылыштар;<br>— дүйнө элдери;<br>— дүйнөнүн эң ири шаарлары;<br>— Кыргызстандын географиялык абалы;<br>— Кыргызстандын административдик-территориялык бөлүнүшү;<br>— Кыргызстандын калкынын саны жана жайгашуусу;<br>— Кыргызстандын калкынын улуттук составы;<br>— Кыргызстандын геологиясы жана табияты;<br>— Кыргызстандын экономикалык-географиялык райондорунун калыптануусу;<br>— Кыргызстандын экономикасы;<br>— Кыргызстандын дүйнөлүк чарбадагы орду жана ролу. |
| «Адам жана Коом» | — адамзат тарыхынын негизги баскычтары жана аларды бөлүүгө карата түрдүү концептуалдык мамилелер; бул баскычтардын түрдүү элдерде жана Кыргызстанда калыптанышынын жана көрүнүшүнүн өзгөчөлүктөрү;<br>— жарандык билим жана тарыхтагы түшүнүктүк аппарат;<br>— Кыргызстандын саясий, социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү;<br>— түрдүү доорлордогу биздин өлкөдөгү социалдык-экономикалык реформалар;<br>— коомдун социалдык структурасы, анын өзгөрүүлөрүнүн динамикасы;<br>— Революцияга чейинки, советтик, постсоветтик Кыргызстандын калкынын этникалык курамы, улуттук саясаты жана улуттар аралык мамилелер; |

| Предметтер | Өз ара байланыштуулугу жана жалпы категориялары |
|---|---|
| | — Кыргызстандын экономикалык жана коомдук турмушундагы мамлекеттин ролу;<br>— Кыргызстандын укуктук системасынын, жарандык коомдун жана укуктук мамлекеттин калыптануусунун өзгөчөлүктөрү;<br>— коомдун турмушундагы маданияттын, диндин орду жана ролу. |
| Технология | Операциялык-ишмердүүлүк чөйрөсү:<br>- функцияларды колдонуу, түз жана кайтарма пропорционалдык көз карандылык, алардын графиктери вектордук чоңдук ж.б.;<br>-так-эсептөөчү, ченелип-өлчөнүүчү, колдонмо- графикалык ишмердүүлүк;<br>- моделдештирүү. |
| Адеп | - адептик эреже-жоболор.<br>- жеке инсандык мыкты сапат, көндүм адаттар.<br>- адептик маданият.<br>- рухий-дөөлөттөрдү кабылдоо. |
| Информатика | Компьютердик технологияны жана мультимедианы колдонуу:<br>- көрсөтмө куралды жана картаны демонстрациялоо;<br>- тарыхый жараяндарды көрсөтүү;<br>- тарыхый-информациялык окутуу;<br>- презентацияларды түзүү;<br>- тарых боюнча окуучулардын өз алдынча иштерин уюштуруу;<br>- билимдерди текшерүү. |

# 3 - БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮЧҮЛҮК НАТЫЙЖАЛАР ЖАНА БААЛОО

## 3.1. Окуучуларды окутуунун күтүлгөн натыйжалары (баскычтар жана класстар боюнча)

Жогорку класстарда (10-11-класстар) «Кыргызстан тарыхын жана дүйнөлүк тарыхын» окуп-үйрөнүүнүн натыйжасы катары окуучуларда негизги компетенттүүлүктөрдү – маалыматтык, социалдык-коммуникациялык жана өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү, предметтик: тарыхый сабаттуулук, этномаданий, социалдык-жарандык компетентүүлүктөрдү калыптандыруу болуп саналат.

**Натыйжалардын 5 -таблицада белгиленген идентификаторлору:**
Класс (10, 11)

**Тематикалык мазмундук тилке**:1. Тарыхый мезгил жана мейкиндик 2. Тарыхый динамика 3. Тарыхый инсандар

**Предметтик компетенттүүлүк**: 1. Тарыхый сабаттуулук 2. Этномаданий компетентүүлүк 3. Социалдык-жарандык компетенттүүлүк

**Натыйжа** (1,2,3,4,)

**Көрсөткүч** (1,2,3,4)

**5-таблица**

**Мазмундук тилке жана компетенттүүлүккө ылайык билим берүүчү натыйжалар**

| № | Мазмундук тилке | Компетенттүүлүктөр | Билим берүүчү натыйжалар | Билим берүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|
| | | | **10-класс** | **11-класс** |
| 1 | Тарыхый мезгил жана мейкиндик | 1. Тарыхый сабаттуулук | **10.1.1.1.** Окуяларды белгилүү мезгил менен салыштырышат (10 жана андан көп мисалда);<br>Картанын жардамы менен цивилизациялардын жана мамлекеттердин жайгашкан жерлерин көрсөтүп беришет (картадан 6 жана андан көп). | **11.1.1.1.** Даталарды системалаштыруу принцибин негиздешет (10 жана андан көп мисалда);<br>Карта жана схема боюнча тарыхый окуяларга жана анын өнүгүшүнө түшүндүрмө бере алышат (10 жана андан көп мисалда). |
| | | 2. Этномаданий компетенттүүлүк | **10.1.2.1.** Өз жана башка этностордун тарыхый-маданий баалуулуктарын классификациялай алышат (6 жана андан көп мисалда);<br>Түрдүү цивилизациялардын маданий баалуулуктарын классификациялай алышат<br>(ар бир маданияттан 7 жана андан көп мисал). | **11.1.2.1**. Өз жана башка этностордун тарыхый-маданий баалуулуктарын талдашат (8 жана андан көп мисалда);<br>Полимаданий дүйнөнүн жашашына таасир эткен факторлорго түшүндүрмө бере алышат (7 жана андан көп мисал). |
| | | 3. Социалдык-жарандык компетенттүүлүк | **10.1.3.1.** Түрдүү доордогу жалпы адамзаттык баалуулуктарды талкуулай алышат (4 жана андан көп мисалда);<br>Түрдүү тарыхый доорлордогу адамдардын жүрүш-туруш нормаларынан мисал келтиришет (8 жана андан көп мисал). | **11.1.3.1.** Түрдүү доордогу жалпы адамзаттык баалуулуктарга карата өзүнүн жарандык көз карашына түшүндүрмө беришет (5 жана андан көп мисалда); Түрдүү тарыхый доорлордогу адамдардын жүрүш-туруш нормаларына баа беришет (8 жана андан көп мисалда). |
| 2 | Тарыхый динамика | 1. Тарыхый сабаттуулук | **10.2.1.3.** Геосаясий маалыматтардын негизинде себептик-натыйжалык байланыштарга далил келтиришет (6 жана андан көп мисалда). | **11.2.1.3.** Геосаясий маалыматтардын негизинде саясий окуяларга талкуу жүргүзүп баалай алышат (8 жана андан көп мисалда). |

| № | Мазмундук тилке | Компетенттүүлүктөр | Билим берүүчү натыйжалар | Билим берүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|
| | | | **10-класс** | **11-класс** |
| | | 2. Этномаданий компетенттүүлүк | **10.2.2.3.** Тарыхый доорлордун алмашуу процессинде баалуулуктарды мүнөздөшөт (6 же андан көп мисалдар менен). | **11.2.2.3.** Тарыхый доорлордун алмашууларына жараша баалуулуктарды талдашат (8 же андан көп мисалдар менен). |
| | | 3. Социалдык-жарандык компетенттүүлүк | **10.2.3.3.** Тарыхый окуяларга жана көрүнүштөргө өз мамилесин далилдешет (6 же андан көп мисалдар менен). | **11.2.3.3**. Обьективдүү жана субьективдүү инсандык окуяларды айрымалап интерпретациялашат (7 же андан көп мисалдар менен). |
| 3 | Тарыхый инсандар | 1. Тарыхый сабаттуулук | **10.3.1.4.** Өткөн доорлорго салыштырганда жаңы мезгилде адамдардын көз караштары кандай өзгөргөндүгүн түшүндүрүшөт (белгиленген чен-өлчөм боюнча 6 же андан көп мисал). | **11.3.1.4.** Тарыхый окуяларга, көрүнүштөргө деталдаштырылган талкуу жүргүзүшөт жана баалашат (белгиленген чен-өлчөм боюнча 7 же андан көп мисал) |
| | | 2. Этномаданий компетенттүүлүк | **10.3.2.4.** Ар түрдүү доорлордо тарыхый инсандардын ишмердүүлүктөрүнүн мотивин жана максатын түшүндүрүшөт (5 же андан көп мисалдар менен). | **11.3.2.4.** Өз жана бөтөн маданий чөйрөдө жүрүш-түрүшка талдоо жүргүзө алышат (7 же андан көп мисалдар менен). |
| | | 3. Социалдык-жарандык компетенттүүлүк | **10.3.3.4.** Тарыхый өнүгүштүн контекстинде каарымандардын тарыхый ордун аныкташат (7 же андан көп мисалдар менен). | **11.3.3.4.** Тарыхый инсандарга өз мамилелерин далилдешет (8 же андан ашык мисалдар менен). |

**Көрсөткүчтөр (Индикаторлор) 10-класс.**

**6-таблица**

| | Мазмундук тилке | Компетенттүүлүк | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|
| 1. | Тарыхый мезгил жана мейкиндик | 1. Тарыхый сабаттуулук | ***Натыйжага жетишет, эгерде окуучу:***<br>• окуяларды белгилүү мезгил менен салыштырып айтып беришсе;<br>• картанын жардамы менен цивилизациялардын жана мамлекеттердин жайгашкан жерлерин көрсөтүп беришсе. |
| | | 2. Этномаданий компетенттүүлүк | ***Натыйжага жетишет, эгерде окуучу:***<br>• өз жана башка этностордун тарыхый-маданий баалуулуктарын классификациялап беришсе;<br>• түрдүү цивилизациялардын маданий баалуулуктарын классификациялап айтып беришсе. |
| | | 3. Социалдык-жарандык компетенттүүлүк | ***Натыйжага жетишет, эгерде окуучу:***<br>• түрдүү доордогу жалпы адамзаттык баалуулуктарды талдай билишсе;<br>• түрдүү тарыхый доорлордогу адамдардын жүрүш-туруш нормаларынан белгилеп бере алышса. |
| 2 | Тарыхый динамика | 1. Тарыхый сабаттуулук | ***Натыйжага жетишет, эгерде окуучу:***<br>• геосаясий маалыматтардын негизинде себептик-натыйжалык байланыштарды аныктай алышса;<br>• геосаясий маалыматтардын негизинде себептик-натыйжалык байланыштарга далил келтиришсе. |
| | | 2. Этномаданий компетенттүүлүк | ***Натыйжага жетишет, эгерде окуучу:***<br>• тарыхый доорлордун алмашуу процессинде баалуулуктарды талдай алышса;<br>• тарыхый доорлордун алмашуу процессинде баалуулуктарды мүнөздөй алышса. |
| | | 3. Социалдык-жарандык компетенттүүлүк | ***Натыйжага жетишет, эгерде окуучу:***<br>• тарыхый окуяларга жана көрүнүштөрдү талдай алышса;<br>• тарыхый окуяларга жана көрүнүштөргө өз мамилесин далилдей алышса. |
| 3 | Тарыхый инсандар | 1. Тарыхый сабаттуулук | ***Натыйжага жетишет, эгерде окуучу:***<br>• өткөн доор менен жаңы мезгилде адамдардын көз караштарын салыштыра алышса; |

| | Мазмундук тилке | Компетенттүүлүк | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|
| | | | • өткөн доор менен жаңы мезгилде адамдардын көз караштарын өзгөргөндүгүн аныктай алышса.<br>• өткөн доорлорго салыштырганда жаңы мезгилде адамдардын көз караштары кандай өзгөргөндүгүн далилдей алышса. |
| | | 2. Этномаданий компетенттүүлүк | ***Натыйжага жетишет, эгерде окуучу:***<br>• ар түрдүү доорлордо тарыхый инсандардын ишмердүүлүктөрүнүн мотивин жана максатына талдоо жүргүзө алышса;<br>• ар түрдүү доорлордо тарыхый инсандардын ишмердүүлүктөрүн салыштыра алышса;<br>• ар түрдүү доорлордо тарыхый инсандардын ишмердүүлүктөрүнүн мотивин жана максатын түшүндүрүп беришсе. |
| | | 3. Социалдык-жарандык компетенттүүлүк | ***Натыйжага жетишет, эгерде окуучу:***<br>• тарыхый өнүгүштүн контекстинде каарымандардын тарыхый ордун аныктап беришсе;<br>• тарыхый өнүгүштүн контекстинде каарымандардын тарыхый ордун талдашса;<br>• тарыхый өнүгүштүн контекстинде каарымандардын тарыхый ордуна баа беришсе. |

**Көрсөткүчтөр (Индикаторлор) 11-класс.**

| | Мазмундук тилке | Компетенттүүлүк | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|
| 1. | Тарыхый мезгил жана мейкиндик | 1. Тарыхый сабаттуулук | ***Натыйжага жетишет, эгерде окуучу:***<br>• даталарды системалаштыруу принцибин негиздеп бере алышса;<br>• карта жана схема боюнча тарыхый окуяларга жана анын өнүгүшүнө түшүндүрмө бере алышса. |

| | Мазмундук тилке | Компетенттүүлүк | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|
| | | 2. Этномаданий компетенттүүлүк | ***Натыйжага жетишет, эгерде окуучу:*** <br>• өз жана башка этностордун тарыхый-маданий баалуулуктарын талдай билишсе; <br>• полимаданий дүйнөнүн жашашына таасир эткен факторлорго түшүндүрмө берешсе. |
| | | 3. Социалдык-жарандык компетенттүүлүк | ***Натыйжага жетишет, эгерде окуучу:*** <br>• түрдүү доордогу жалпы адамзаттык баалуулуктарга карата өзүнүн жарандык көз карашын түшүндүрүп бере алса; <br>• түрдүү тарыхый доорлордогу адамдардын жүрүш-туруш нормаларына баа бере билишсе. |
| 2 | Тарыхый динамика | 1. Тарыхый сабаттуулук | ***Натыйжага жетишет, эгерде окуучу:*** <br>• геосаясий маалыматтардын негизинде саясий окуяларды талдай алышса; <br>• геосаясий маалыматтардын негизинде саясий окуяларды далил келтирүү менен талкуулай алышса; <br>• геосаясий маалыматтардын негизинде саясий окуяларды талкуулоодон кийин жыйынтык чыгара билишсе. |
| | | 2. Этномаданий компетенттүүлүк | ***Натыйжага жетишет, эгерде окуучу:*** <br>• тарыхый доорлордун алмашууларына жараша баалуулуктарды аныктай алышса; <br>• тарыхый доорлордун алмашууларына жараша баалуулуктардын салыштыруу талдоосун жүргүзө алса; <br>• тарыхый доорлордун алмашууларына жараша баалуулуктар боюнса жыйынтык чыгара алышса. |
| | | 3. Социалдык-жарандык компетенттүүлүк | ***Натыйжага жетишет, эгерде окуучу:*** <br>• обьективдүү жана субьективдүү инсандык окуяларды айрымалай алышса; <br>• обьективдүү жана субьективдүү инсандык окуяларды башкаларга түшүндүрө алышса; <br>• обьективдүү жана субьективдүү инсандык окуяларды айрымалап, корутунду чыгара алышса. |
| 3 | Тарыхый инсандар | 1. Тарыхый сабаттуулук | ***Натыйжага жетишет, эгерде окуучу:*** <br>• тарыхый окуяларга, көрүнүштөргө деталдаштырылган талдоо жүргүзүшсө; <br>• тарыхый окуяларга, көрүнүштөргө деталдаштырылган талкуу жүргүзүшсө; |

| | Мазмундук тилке | Компетенттүүлүк | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|
| | | | • тарыхый окуяларга, көрүнүштөргө деталдаштырылган талкуудан кийин баалай алышса. |
| | | 2. Этномаданий компетенттүүлүк | ***Натыйжага жетишет, эгерде окуучу:***<br>• өз жана бөтөн маданий чөйрөдө жүрүш-турушка талдоо жүргүзө алышса;<br>• өз жана бөтөн маданий чөйрөдө жүрүш-турушту категорияларга бөлө алышса;<br>• өз жана бөтөн маданий чөйрөдө жүрүш-туруш тууралуу өз көз карашын калыптандырса. |
| | | 3. Социалдык-жарандык компетенттүүлүк | ***Натыйжага жетишет, эгерде окуучу:***<br>• тарыхый инсандарга өз мамилелерин билдирүүгө далилдерин келтире алышса;<br>• тарыхый инсандар тууралуу талкууларга далилдерин айтуу менен катыша алышса;<br>• тарыхый инсандар тууралуу өз мамилелерин далилдөөсүн келтирүү менен, корутунду чыгара алышса. |

## 3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

Окуучуларды баалоодо инсанга багытталган мамиле колдонулуп, алардын өнүгүшүнүн, керектөөлөрүнүн жана жөндөмдүүлүгүнүн учурдагы абалы жана өзгөчөлүктөрү эске алынат. Баалоо жекече окуп-үйрөнүүнү өнүктүрүүгө, өзүн-өзү сыйлай билүүгө, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн аңдап-түшүнүүгө көмөк көрсөтөт. Бул үчүн баалоонун ар түрдүү формалары жана методдору колдонулат.

### Баалоонун негизги принциптери

Баалоонун системасын иштеп чыгууда төмөнкү негизги принциптерди жетекчиликке алуу зарыл:

- **Обьективдүүлүк.** Обьективдүүлүк принциби бардык окуучулар окшош шарттарда бирдей текшерүүлөргө кабылышын талап кылат. Маалыматтарды иштетүүнүн обьективтүүлүгү окуучуга да мугалимге да белгилүү болгон баа берүүнүн так, ачык чен-өлчөмдөрүн болжолдойт. Баалоо класстагы жагымдуу атмосферанын шартында жүргүзүлүүгө тийиш.
- **Ачыктык** баалоонун чен - өлчөмдөрү (критерийлери) менен формалары окуучуларга күн мурунтан белгилүү болуусун талап кылат. Окуучулар эмне жана кантип бааланарын билиши керек, мында алар баалоонун чен-өлчөмдөрүн иштеп чыгууга катыша алышат.
- **Ишенимдүүлүк** – бул педагогикалык ченөөнүн так даражасы. Эгер ошол эле касиеттин кайталап текшерүүсү ошондой эле жыйынтыкты берсе, ишенимдүү болуп саналат.
- **Валиддүүлүк** же баалоо методунун шексиздиги, ал чынында эле өлчөнүүгө тийиш болгон нерсе же башка нерсе өлчөнүп жатканын көрсөтөт.

### *Баалоонун функциялары:*

- Багыттоочу – окуучунун акыл эмгегине таасир этүүчү.
- Стимул берүүчү – окуучунун мындан ары ишмердүүлүгүн аныктооч.
- Тарбиялоочу – окуучунун жүрүш-турушуна таасир этүүчү.

### Баалоонун түрлөрү жана методдору

Кыргыз Республикасында орто жалпы билим берүүнүн Мамлекетик билим берүү стандартында баалоонун үч түрү белгиленген: алдын алуу (диагностикалык), калыптандыруучу (формативдик) жана жыйынтыктоочу (суммативдик).

**Алдын алуу (диагностикалык) баалоо** окуу жылынын / ар бир циклдин башында кийинки прогрессти баалоо үчүн жүргүзүлөт: мугалим окуу жылынын ичинде окуучунун компетенттүүлүктөрүнүн калыптангандыгынын баштапкы деңгээлин жетишилген натыйжалар менен салыштырууну жүргүзөт.

**Калыптандыруучу (формативдик) баалоо** – окуу жараянынын жүрүшүндө аткарган ишмердүүлүктүн түрлөрүнө (топтук, оозеки, жазуу) карап окуучуну баалап баруу. Калыптандыруучу (формативдик) баалоонун максаттарын окуучулардын материалды өздөштүрүүсүнүн ийгиликтүүлүгүн жана жекече өзгөчөлүктөрүн аныктоо, ошондой эле

окуучулардын ийгиликке жетишүүсү үчүн сунуштамаларды иштеп чыгуу түзөт. Окуучунун жөндөмдүлүктөрүнүн деңгээли эмес, ал аткарган конкреттүү иш бааланат.

Окутуунун аралык натыйжаларын баалоодо окуучулардын өзгөчөлүктөрү (ишти аткаруу темпи, теманы өздөштүрүү ыкмалары ж.б.) эске алынып, окуучулардын жетишкендиктерине жана прогрессине көңүл бурулат. Журналга баа зарылдыгына жараша коюлат, мугалим окуучулардын жеке прогрессине өздүк байкоолорун белгилеп түшүрөт.

**Жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо** – чейректин, окуу жылынын аягында окуучунун жыл бою окуу процессине катышкан ишмердүүлүгүн жыйынтыктоочу баалоо. Мындай баалоо окутуунун ар бир баскычы үчүн пландалган натыйжаларга окуучунун жетүү даражасын аныктоо үчүн колдонулат.

Жалпысынан, баалоодо окуучулардын билимин, билгичтигин, көндүмдөрүн текшерүүнүн төмөндөгү **методдору** колдонулат:

– текшерүнүн оозеки түрлөрү (сурамжылоо, суроолорго оозеки жооп берүү, оозеки текшерүү иши ж.б.),

– текшерүнүн жазуу жүзүндөгү түрлөрү (терминологиялык жат жазуу, өз алдынча иш, текшерүү иши, тематикалык реферат, тесттердин ар кыл түрлөрү).

– текшерүүнүн практикалык түрлөрү (практикалык иш, эксперименталдык иш ж.б.).

**Окуучуларды баалоо чен-өлчөмдөрү (критерийлери)**

Билим берүүнүн натыйжалары жана көрсөткүчтөрү боюнча окуучулардын билимдерин баалоо чен-өлчөмдөрү 10-класстын окуу материалынын үлгүсү (7-таблицаны караңыз) келтирилген.

**7-таблица**

| Күтүлүүчү натыйжалар | Көрсөткүчтөр (индикатор) | Баалоо чен-өлчөмдөрү |
|---|---|---|
| **10.1.1.1.**<br>• Окуяларды белгилүү мезгил менен салыштырат (10 жана андан көп мисалда);<br>• картанын жардамы менен цивилизациялардын жана мамлекеттердин жайгашкан жерлерин көрсөтүп берет (картадан 6 жана андан көп). | *Натыйжага жете алат, эгерде окуучу:*<br>• окуяларды белгилүү мезгил менен салыштырып айтып беришсе;<br>• картанын жардамы менен цивилизациялардын жана мамлекеттердин жайгашкан жерлерин көрсөтүп беришсе;<br>• чен-өлчөмдөргө ылайык өзүнүн ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгын баалай алса;<br>• өзүнүн ишмердүүлүгүн талдай алса (же рефлексия жүргүзө алса). | • өз алдынча маалыматты талдоо менен окуялардын хронологиялык мезгилин тарыхый тилде баяндайт;<br>• окуп-үйрөнүлгөн материалдын негизинде окуяны мезгили менен салыштырып айтып бере алат;<br>• картаны пайдалануу менен окуялар болгон жерлерди тактап көрсөтүп берет;<br>• долбоордук изилдөөнүн негизинде цивилизациянын өнүгүү баскычтарын тактап беришет;<br>• окуп-үйрөнүлгөн маалыматтын негизинде цивилизация жана мамлекеттердин өнүгүшүнө байкоо жүргүзөт, жыйынтыктайт жана жайгашкан жерлерин картадан тактап берет;<br>• башка булактардан алынган тарыхый маалыматтардын жана окуп-үйрөнүлгөн материалдардын негизинде долбоордук иштин аткаруусуна катышат. |

Тема боюнча билимдерди текшерүү жана көзөмөлдөө учурунда тарых мугалими тизмеден тандалган окуу китеби жана «Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» предметтик стандартынын талаптарына ылайык, баскычтарга карата баалайт. 8-таблицада окуучулардын негизги жана предметтик компетенцияларын баалоо деңгээлдери көрсөтүлгөн:

I деңгээл (репродуктивдүү);
II деңгээл (продуктивдүү);
III деңгээл (креативдүү).

**8 - таблица**

| **Мазмундук тилке** | **Компетенттүүлүк** | **Күтүлүүчү натыйжалар** | **Деңгээлдер** | **10-класс** |
|---|---|---|---|---|
| 1.Тарыхый мезгил жана мейкиндик | 1. Тарыхый сабаттуулук | **10.1.1.1.** Окуяларды белгилүү мезгил менен салыштырып айтып берет; Картанын жардамы менен цивилизациялардын жана мамлекеттердин жайгашкан жерлерин көрсөтүп берет. | **I** ***Репродуктивдик*** | *Мугалимдин жетекчилиги жана берилген алгоритм боюнча:*<br>– керектүү маалымат булактарын өз алдынча тандашат;<br>– негизги окуяларды тарыхый булактардан издеп, талдап, маалыматтын негиздүүлөрүн аныкташат;<br>– цивилизациялар жана мамлекеттердин жайгашуу орду боюнча маалымат топтошот. |
| | | | **II** ***Продуктивдик*** | – алынган маалыматтарды кайра иштеп чыгуу менен окуяларды белгилүү мезгил менен салыштырышат;<br>– картанын жардамы менен цивилизациялардын жана мамлекеттердин жайгашкан жерлерин көрсөтүп беришет. |
| | | | **III** ***Креативдик (конструктивдик)*** | – маалыматтарды талдоо менен цивилизациялар жана мамлекеттер жөнүндө долбоор түзүшөт. |

***«Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» предмети боюнча окуучулардын ишмердүүлүктөрүнүн түрлөрү боюнча баалоонун чен - өлчөмдөрү***

**1.Окуучулардын оозеки жообун баалоонун чен-өлчөмдөрү**

***"5"  деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. терең жана толук билимин, программалык материалдын бардык көлөмүн түшүнгөнүн, каралып жаткан түшүнүктөрдүн, кубулуштардын жана мыйзамченемдүүлүктөрдүн өз ара байланыштардын маңызын толук түшүнгөнүн көрсөтсө;
2. окулган материалдын негизинде толук жана туура жооп түзө алса;
3. негизги жоболорду бөлүп көрсөтө алса, жооп берүүдө өз алдынча мисалдар, фактылар менен тастыктаса;
4. предмет аралык (мурда алган билимдердин негизинде) жана предмет ичиндеги байланышты коё алса, тааныш эмес кырдаалда алган билимдерди чыгармачылык менен колдоно алса;
5. жекече жыйынтык чыгара алса;
6. негизги мыйзам, түшүнүк, теориялардын түшүндүрмөсүн жана так аныктамасын айта алса;
7. жооп берүүдө китептеги сүйлөмдү сөзмө-сөз кайталабаса;
8. алган билимин чыгармачылык деңгээлде көйгөйлөрдү чечүүдө ишенимдүү жана катасыз, өз алдынча колдонсо;
9. бир ката кетирсе, аны мугалимдин талабы боюнча жеңил ондой алса;

***"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. программалык материалдын баары боюнча билимин көрсөтсө;
2. окуп-үйрөнгөн теориялардын негизинде толук жана так жооп берсе;
3. өтүлгөн материалды кайра айтып берүүдө билинбеген ката кетирсе;
4. материалды белгилүү логикалык ырааттуулукта бере алат, ушул жерден бир одоно эмес ката, экиден аз байкабастыктарды кетирип, бирок аларды мугалимдин чоң эмес жардамы менен же талабы боюнча өз алдынча кайра оңдой алса;
5. негизинен окуу материалын өздөштүрүп, жоопторду конкреттүү мисалдар менен тастыктаса;
6. мугалимдин кошумча суроолоруна туура жооп берсе;
7. өтүлгөн материалдан негизги жоболорду өз алдынча бөлүп көрсөтө алса;
8. фактылардын жана мисалдардын негизинде жалпылап, жыйынтык жасап, предмет ичиндеги байланышты көрсөтө алса;
9. алынган билимди практикада өзгөрүлгөн абалда колдоно алса.

***"3" баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. окулган материалдын негизги мазмунун өздөштүрсө; программалык материалды кийинки өздөштүрүүгө тоскоол болбогон материалдарды өздөштүрүүдө мүчүлүштүктөрү бар болсо;

2. материалды баш аламан, кээ бир бөлүктөрүн гана, ирети жок айтып берсе;
3. кээ бир билимдеринин жана билгичтиктеринин жеткиликсиз калыптангандыгын көрсөтсө;
4. жыйынтыктарды жана жалпылоолорду начар далилдесе, аларда каталарды кетирсе;
5. илимий терминдерди пайдаланууда так эмес айтса жана ката кетирсе, түшүнүктөргө так эмес аныктама берсе;
6. байкоолордон, тажрыйбалардан далил катары жыйынтыктарды жана жалпылоолорду пайдаланбаса же колдонууда каталарды кетирсе;
7. түрдүү маселелерди чыгаруу үчүн керек болгон билимдерди колдонууда, теория жана мыйзамдардын негизинде конкреттүү кубулуштарды түшүндүрүүдө же теорияларды практикалык колдонууда конкреттүү мисалдарды тастыктоодо кыйналса;
8. мугалимдин суроолоруна толук эмес (негизгисин калтыруу менен) жооп берсе, же китептеги текстти кайталап айтып берсе, бирок ушул текстте маанилүү болгон кээ бир жоболорун жеткиликсиз түшүнбөсө;
9. китептен (жазуулардан, биринчи булактардан) текстти кайра айтып берүүдө кээ бир жоболордун маанисин жеткиликтүү эмес түшүнсө же мугалимдин суроолоруна бир-эки одоно ката кетирип, толук эмес жооп берсе.

***"2" баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. материлдын негизги мазмунун ачпаса жана өздөштүрбөсө;
2. жыйынтыктарды жана жалпылоолорду жасай албаса;
3. берилген суроолордун чегинде программалык материалдын орчундуу же негизги бөлүгүн билбесе жана түшүнбөсө;
4. начар калыптанган жана толук эмес билимдери болсо жана коюлган конкреттүү суроолорго аларды колдоно албаса;
5. (бир суроого) жооп берүүдө экиден ашык одоно ката кетирсе, аны мугалимдин жардамы менен дагы оңдой албаса.

***"1" баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. коюлган бир дагы суроого жооп бере албаса;
2. материалды толугу менен өздөштүрбөсө.

## 1. Окуучулардын жазуу иштерин баалоонун чен-өлчөмдөрү

***"5"  деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. жазууга коштогон оозеки кеп маданиятынын негизги эрежелерин сактай алса жана илимий терминдерди пайдалана алса;
2. окуу китеби, сурап-билүүчү адабият, биринчи булак (туура багыт алат, бирок жай иштейт) менен жеткиликсиз иштөө көндүмүнө ээ болсо;
3. жазуу иштерин жасалгалоодо одоно эмес каталарды кетирсе.
4. өз алдынча жана далилдүү талдоо, жалпылоо, жыйынтык жүргүзө алса;

5. окуу материалды так, байланыштуу, негиздүү жана катасыз айта алса; кабыл алынган терминологияларды пайдалануу менен жоопту логикалык ырааттуулукта бере алса;
6. материалды илимий адабий тил менен жазса;
7. жооптор менен коштолгон жазуулар, курал, чийме, схема жана графиктер талапка ылайыктуу болсо.

***"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***
1. окуп-үйрөнгөн материалды жазууда билинбеген ката кетирсе;
2. жообунда өзүнүн жекече көз карашын билдире алса;
3. жообунда терминдерди жана түшүнүктөрдү колдонууда экиден аз каталыктарды кетирсе;
4. жооп фактыларга, коомдук жана жекече тажрыйбаларга негизделсе;
5. жообунда окуп-үйрөнгөн материалды толук камтып, терминдер жана түшүнүктөрдү колдонсо;
6. жообунда окуучу фактыларга, коомдук жана жекече тажрыйбасына негизденип, өзүнүн жекече көз карашын билдирсе;
7. жообунда далилдер келтирилсе.

***"3" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***
1. окуп-үйрөнгөн материалды жазууда билинбеген ката кетирсе;
2. жооп берүүдө өзүнүн жекече көз карашын билдирүүдө мугалимдин жардамын колдонсо;
3. жообунда терминдерди жана түшүнүктөрдү колдонууда экиден аз каталыктарды кетирсе;
4. жооп фактыларга, коомдук жана жекече тажрыйбаларга негизделсе;
5. жообунда окуп-үйрөнгөн материалды толук камтып, терминдер жана түшүнүктөрдү колдонгондо каталарды кетирсе;
6. жообунда окуучу фактыларга, коомдук жана жекече тажрыйбасына негизденип, өзүнүн жекече көз карашын билдирсе;
7. жообунда толук эмес аргументтерди келтирсе.

***"2" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***
1. жооп жок же туура эмес.

## 2. Окуучулардын практикалык ишин баалоонун чен-өлчөмдөрү

***"5" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***
1. тапшырма логикалык уланмалуулукта аткарылса;
2. тапшырмаларды аткарууда өз алдынча сунушталган булактарды тандап, аларды колдоно алса;

3. теориялык алган билимин, практикалык көндүм, ыкмаларды практикалык ишмердүүлүгүндө колдоно алса;
4. чыгармачыл эмгектерин презентациялоодо техникалык жана стилистикалык каталары жок болсо;
5. тапшырманы аткарууда толук материал камтылса;
6. маалымат булактарын, теориялык алган билимин жана практикалык көндүм, ыкмаларын туура колдонсо;
7. техникалык жана стилистикалык каталары жок болсо.

***"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. тапшырманы аткарууда толук материалды камтып, бирок, кээ бир жерлерине логикалык уланмалуулук сакталбаса;
2. маалымат булактарын колдонгон, бирок, иштин жыйынтыгын презентациялоодо техникалык жана стилистикалык каталар бар болсо.
3. тапшырманы аткарууда толук эмес материал камтылса;
4. маалымат булактарын, теориялык алган билимин жана практикалык көндүм, ыкмаларын кээде туура колдонбосо;
5. техникалык жана стилистикалык каталары кездешсе.

***"3" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. тапшырма мугалимдин жардамы менен аткарылса же толук бүтпөй калгандыктан үйгө иштеп келүү үчүн берилсе;
2. материалды теориялык жакшы билгени менен практикалык түрдө аткара албаса;
3. тапшырманы аткарууда көп материал камтылбай калса;
4. маалымат булактарын, теориялык алган билимин жана практикалык көндүм, ыкмаларын туура эмес колдонсо;
5. техникалык жана стилистикалык каталары көп кездешсе.

***"2" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. аткарылган иш коюлган максатка туура келбесе;
2. материал начар өздөштүрүлсө;
3. мугалим жардамы менен дагы тапшырманы аткара албаса.

# 4 - БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮНҮ УЮШТУРУУГА КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР

## 4.1. Ресурстук камсыз кылууга коюлуучу талаптар

### Тарых кабинетине коюулуучу талаптар

***Окуу кабинети*** – бул көрсөтмө куралдар менен жабдылган, окуу жабдуулары, эмеректер, окутуунун техникалык каражаттарын колдонуу менен мамлекеттик окуу

стандартынын, окуу пландары жана программаларынын негизинде окуу, факультативдик жана класстан тышкаркы иштерди өткөрө турган жана ошондой эле билим берүү жараянында натыйжалуулукту көтөрүү жана жакшы жыйынтыктарга жетишүү үчүн багытталган билим берүү уюмунун окуу бөлмөсү.

Азыркы шартта кабинет өзүнүн функционалдык багытына жараша окутуу каражаттарынын системасы, эмеректер, оргтехникалар, китеп фондулары менен камсыз кылынат. Тарых кабинети санитардык-эпидемиологиялык эрежелер жана нормалардын (Сан.ПиН 2.2.3.013-03) талаптарын милдеттүү түрдө канааттандырышы керек.

***Тарых кабинетинин негизги багыты:*** Предметти окутууну азыркы сабакты өтүүнүн формаларын колдонуу жана кабинеттин материалдык-техникалык базасын натыйжалуу колдонуу аркылуу жогорку деңгээлде камсыз кылуу.

***Тарых кабинетинин иштөөсүнүн негизги мазмуну:***

- Коомдук-илимий циклдагы предметтерди окутуунун формаларын жана методдорун жакшыртуу, өнүктүрүү.
- Коомдук дисциплиналарда окутуу программаларына жаңы педагогикалык технологияларды өздөштүрүү жана киргизүү.
- Негизги жана орто мектепте азыркы активдүү окутуу методдорунун жана формаларынын материалдарын системага салуу.
- Дидактикалык материалдарды системага салуу жана ал материалдарды топтоону уюштуруу.
- Тарых сабагында малыматтык технологияларды колдонуу.
- Мультимедиялык долбоорлорду түзүү боюнча уюштуруу иштери.

**Окуу кабинетинин жабдылышы**

| № | Деңгээлдер | Окуу жабдуусунун аталышы | Саны |
|---|---|---|---|
| ***I . Билим берүү ишин камсыз кылуучу нормативдик документтер*** | | | |
| 1 | Эл аралык деңгээлдеги | Эл аралык адам укуктарынын декларациясы | 1 экз |
| | | Баланын укуктары жөнүндө Конвенция | 1 экз |
| 2 | Республикалык деңгээлде | Кыргыз Республикасынын Конституциясы | 1 экз |
| | | Кыргыз Республикасынын «Мугалимдердин статусу жөнүндө Мыйзамы» | 1 экз |
| | | Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө Мыйзамы» | 1 экз |
| | | Жалпы билим берүү мектептери жөнүндө типтүү Жобо | 1 экз |
| | | Мамлекеттик билим берүү стандарты, предметтик билим берүүчүлүк стандарттар | 1 экз |
| 3 | Жалпы билим берүүчү мектептин деңгээлиндеги | Мектептин өнүгүшүнүн Программасы | 1 экз |
| | | Жаңы окуу жылына билим берүү программалары | 1 экз |
| | | Мектептин Уставы | 1 экз |
| 4 | Мугалимдин ишин камсыз кылуучу нормативдик документтер | Тарых мугалиминин кызматтык нускамасы | 1 экз |
| | | Мектептин предмет боюнча программалары:<br>- Предмет боюнча негизги жалпы билим берүүнүн стандарты.<br>- Предмет боюнча орто (толук) билим | 2 экз |

| № | Деңгээлдер | Окуу жабдуусунун аталышы | Саны |
|---|---|---|---|
| | | берүүнүн стандарты. | |
| | | Келүүчү жылга карата мектеп администрациясы тарабынан бекитилген предмет боюнча тематикалык пландаштыруу | 1 экз |
| | | Предмет боюнча окуучулардын жетишкендиктерин баалоочу нормалар. | 1 экз |
| ***II. Окуу адабияттары жана басма окуу куралдары*** | | | |
| 1 | Программалар | Кыргызстан жана дүйнө тарых боюнча 5-11-класстар | 2 экз |
| 2 | Окуу китептери | Кыргызстан жана Дүйнө тарыхы боюнча 5-11-класстар | 10 экз |
| 3 | Мугалим үчүн методикалык колдонмолор | Окуу методикалык комплекстер | 1 экз |
| 4 | Окуучулар үчүн методикалык колдонмолор | Кыргызстан жана дүйнө тарыхы боюнча жумушчу дептерлер 5-11-класстар үчүн | 10 экз |
| 5 | Тематикалык пландаштыруу | 5-11-класстар | 5 экз |
| 6 | Сабактар боюнча пландаштыруу | 5-11-класстар | 5 экз |
| 7 | Тест тапшырмалары | 10-11-класстар | 2 экз |
| ***III. Басма окуу куралдары*** | | | |
| 1 | Карталар: | Таш доорунун археологиялык эстеликтери | 1 даана |
| | | Коло доорунун археологиялык эстеликтери | 1 даана |
| | | Борбордук Азиядагы Хунн империясы | 1 даана |
| | | Борбордук Азиядагы этникалык процесстер | 1 даана |
| | | Евразия VI-VII кылымдарда | 1 даана |
| | | VIII-X кылымдардагы каганаттыктар | 1 даана |
| | | Улуу кыргыз дөөлөтү | 1 даана |
| | | Борбордук Азия X к. | 1 даана |
| | | Евразия XI кылымдын башында | 1 даана |
| | | ЕвразияXII кылымдын 1-жарымында | 1 даана |
| | | Чынгыз хандын империясы | 1 даана |
| | | Евразия XIII к. аягында | 1 даана |
| | | Хайду мамлекети | 1 даана |
| | | Евразия XIV к. аягында | 1 даана |
| | | Евразия XV к. 2-жарымында | 1 даана |
| | | Евразия XV к. аягында | 1 даана |
| | | КыргызстанXVI к-XVII к. 1-жарымында | 1 даана |
| | | Борбордук Азия XVII к. ортосу- XVIII к. башында | 1 даана |
| | | Эне-Сай кыргыз мамлекети | 1 даана |
| | | Орто Азия XVIII к. аягында | 1 даана |
| | | Кыргызстан XIX к. биринчи жарымында | 1 даана |
| | | Кыргызстан XIX к. ортосунда | 1 даана |
| | | Кыргызстан XIX к. аягы-XX к. башында | 1 даана |
| | | XX к. башындагы кыргыз урууларынын жайгашуусу | 1 даана |
| | | Россия империясы 1913-ж | 1 даана |

| № | Деңгээлдер | Окуу жабдуусунун аталышы | Саны |
|---|---|---|---|
| | | 1916-ж. Улуттук боштондук көтөрүлүш | 1 даана |
| | | Кыргызстан 1917-1918-жж | 1 даана |
| | | Орто Азия жарандык согуш жылдарында | 1 даана |
| | | Кыргызстан 20-30 жж | 1 даана |
| | | Орто Азияны улуттук-территориалдык бөлүштүрүү | 1 даана |
| | | Кыргызстан Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында | 1 даана |
| | | Кыргызстан Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун курамында | 1 даана |
| | | Кыргызстандын административдик картасы | 1 даана |
| | | Түрк элдери | 1 даана |
| | | Египет жана Алдыңкы Азия байыркы мезгилде | 1 даана |
| | | Байыркы Чыгыш. Индия жана Кытай | 1 даана |
| | | Араб мамлекети | 1 даана |
| | | Биринчи дүйнөлүк согуш 1914-1918 жж | 1 даана |
| | | Экинчи дүйнөлүк согуш 1939-1945 жж | 1 даана |
| | | АКШ жана Европа мамлекеттери | 1 даана |
| | | Дүйнөнүн саясий картасы | 1 даана |
| 2 | Картиналар, таблица.схема, аппликация, альбомдор | Карта схема «Улуу Ата Мекендик согуш» | 1 даана |
| | | Кыргызстан тарыхынын маданияты боюнча альбом | 1 даана |
| | | Кыргызстандын саясий ишмерлеринин портреттери | 1 даана |
| | | Кыргыз Республикасынын Герби, Туусу жана Гимнинин тексти | 1 даана |
| 3 | Таркатылуучу материалдар | Тарых боюнча түстүү жеке карточкалар | 1 даана |
| | | Контурлук карталар | 1 даана |
| | | Тарыхый тексттер, документтуу материалдар, көрсөтмө куралдар | 1 даана |
| 4 | Атластар | Байыркы дүйнөнүн тарыхы боюнча Атлас | 1 даана |
| | | Биздин Кыргызстан | 1 даана |
| | | Кыргызстандын тарыхый-маданий Атласы | 1 даана |
| ***IV.*** | ***Экран-үн чыгаруучу куралдар*** | | |
| 1 | Компакт дисктер CD-ROM | Кыргызстандын энциклопедиясы | 1 даана |
| | | Электрондук окуу куралдары | 1 даана |
| 2 | Мультимедиялык иштелмелер | 1812 жылдардагы согуш | 1 даана |
| | | XIX к. архитектура | 1 даана |
| | | XIX к. живопись | 1 даана |
| ***V.*** | ***Окутуунун техникалык каражаттары*** | | |
| **1**1 | Техникалык жабдуулар | Мультимедиалык компьютер | 1 даана |
| | | Сканер | 1 даана |
| | | Принтер | 1 даана |
| | | Мультимедиапроектор | 1 даана |

| № | Деңгээлдер | Окуу жабдуусунун аталышы | Саны |
|---|---|---|---|
| | | Диапроектор или графопроектор | 1 даана |
| | | Экран | 1 даана |

### 4.2. Шыктандыруучу окутуу чөйрөсүн түзүү

Шыктандыруучу окутуу чөйрөнү түзүү өңүтүнөн алганда өткөндүн жана азыркы учурдун диалектикалык өз ара байланышы, азыркы учурду түшүнүү жана анын сабактарын практикалык ишмердүүлүгүндө колдонуу үчүн тарыхты билүү зарыл.

Окуу ишмердүүлүгү дайыма көп мотивдүү, анда ички жана тышкы мотивдер айкалышып турат. **Ички мотивдерге** окуу жараянындагы өзүнүн өнүгүүсү, башкалар менен жана башкалар үчүн аракет жасоо, жаңы, белгисизди таанып-билүү кирет. Андан аркы жашоосу үчүн окуунун зарылдыгын түшүнүү, мугалимдерден, улуу адамдардан мактоо угууну, окуу мотивинин ички формаларына кошууга болбосо да, окуу жараяны үчүн табигый жана пайдалуу көрүнүш катары кароого болот. **Тышкы мотивдерге** аргасыздан окуу, окууну адаттагыдай көрүнүш катары кабыл алуу, лидерлик, көрүнүү үчүн окуу, көңүл борборунда болууга умтулуу кирет. Мындай мотивдер окуу процессинин мүнөзүнө жана натыйжаларына терс таасир тийгизиши мүмкүн.

**Окуу ишмердүүлүгүнүн мотивдери эки топко бөлүнөт:** I. Окуу ишмердүүлүгүнүн өзүндө түптөлгөн мотивдер. II. Окуу ишмердүүлүгүнөн тышкаркы мотивдер.

**I. Окуу ишмердүүлүгүнүн өзүндө түптөлгөн мотивдер -** 1) окуунун мазмуну менен байланышкан мотивдер: окуучуга жаңы фактыларды билүүгө, билимдерге, иш-аракеттер көндүмдөрүнө ээ болууга, көрүнүштөрдүн маңызына умтулуусуна түрткү болот; 2) Окуу жараяны менен байланышкан мотивдер: окуучу интеллектуалдык активдүүлүгүн көрсөтүүнү, талкуулоого катышууну, маселелерди чечүү жараянында пайда болгон тоскоолдуктарды жеңүүнү каалайт, б.а. баланы алынуучу натыйжа гана эмес, аны чечүү жараянынын өзү да кызыктырат.

**II. Окуу ишмердүүлүгүнөн тышкаркы мотивдер -** 1) кеңири социалдык мотивдер: а) коом, класс, мугалимдер, ата-энелер алдындагы милдет жана жоопкерчилик; б) өзүн-өзү аныктоо (келечек үчүн маанисин түшүнүү, келечектеги ишке даярданууга каалоосу ж.б.) жана өзүн-өзү өркүндөтүү (окуунун натыйжасында өнүгүү); 2) Тар жеке мотивдер: а) жагууга, жакшы баа алууга умтулуу (ойдогудай болуу мотивациясы); б) теңтуштарынын арасында татыктуу орун ээлеп, биринчи окуучу болууну каалоо (көрүнүү мотивациясы);

3) Терс мотивдер: мугалимдер, ата-энелер, классташтар тарабынан болуучу жагымсыз жагдайлардан качууга умтулуу (жагымсыз жагдайлардан качуу мотивациясы).

Окуу ишмердүүлүгүндөгү мотивацияны эки жол менен өнүктүрүүгө мүмкүн болот. ***Биринчиси*** «төмөндөн жогоруга карай» жол катары белгиленген. Аны жүзөгө ашыруу окуучулардын жагымдуу эмоциялык толгонууларына таянуу менен, алардын каалоолорун жана муктаждыктарын канааттандыруу үчүн шыктандыруучу чөйрөнү түзүү аркылуу камсыз болот. Мында окуучулардын кызыкчылыктары эске алынып: аларга пикирлерин айтууга мүмкүнчүлүк берилип, таанымал болууга, жетишкендиктеринин бааланусуна, мактоолорго татыктуу болууга умтулуусуна колдоо көрсөтүлөт.

***Экинчи*** жолу, «жогорудан төмөнгө карай» жол, инсандын тандаган багытын эске алуу менен, окуучулардын даяр формада каалоосуна, максат кое билүүсүнө, идеалдарды өздөштүрүүсүнө шарт түзүү. Бул жол ынандыруу, кеңеш берүү, үлгү көрсөтүү ыкмаларын колдонуу менен байланышкан. Анда жамаат, социалдык чөйрө, каада-салттар өзгөчө роль ойнойт, мораль, инсандын жүрүш-турушу окуучуларда зор кызыгууну пайда кылат. Адабият жана искусство тарабынан түзүлгөн тарыхый каармандар, образдар аркылуу, мектеп окуучулары өзүнүн «мен» дегенин, курчап турган адамдарды таанып-билүүгө, өзүнүн жүрүм-турумун калыптандырууга, турмуштук тажрыйба алууга умтулат.

Компетенттүүлүктү калыптандырууга жана өнүктүрүүгө багытталган предметтик стандарт окуучулардын инсандык өнүгүүсүнүн бардык тармактарын эске алат: таанып-билүү, эмоционалдык жана психомотордук, балдардын билим берүүнүн бир баскычынан экинчисине акырындап өтүүдө прогрессти жана ырааттуулукту чагылдырат. Бул контекстте билим берүүдө  предметти окуп-үйрөнүүгө шыктанууну (мотивацияны) демилгелөө жана колдоо, инсандык сапаттарын калыптандыруу, жеке жетишкендиктерин өнүктүрүү максатында окуучулардын жаш курагына ылайык келген окутуунун ар түрдүү стратегияларын пайдалануу керек.

Шыктандыруучу билим берүүчүлүк чөйрө – мектептин жашоо ишмердүүлүгүнүн тартибин калыптандыруучу факторлордун жыйындысы: мектептин материалдык ресурстары, окуу ишин уюштуруу, тамактануу, медициналык жардам, психологиялык климат.

Заманбап шартта шыктандыруучу билим берүүчүлүк чөйрө татаал, көп деңгээлдүү кубулуш катары каралат. Ал **физикалык, психологиялык, академиялык чөйрө** болуп бөлүнөт жана төмөнкү аспекттерди камтыйт.

**Физикалык чөйрө:**

- материалдык (мектептин жана класстын абалы),
- технологиялык (мектептин, класстын материалдык-техникалык базасы).
- Маалыматтык - компьютердик технологиялар (интерактивдик такта, компьютер, проектор, экран ж.б.)

**Психологиялык чөйрө:**

- психологиялык (мотивация түзүү жана колдоо, мугалим жана окуучунун ортосундагы мамиле, окуучулардын ортосундагы, профилдик билим берүү мүмкүнчүлүгү).
- балдардын жана ата-энелердин мектептен, билим берүүдөн коркуу сезимин жок кылган;

**Академиялык чөйрө:**

- уюштуруучулук (окуу иши, класстан тышкаркы ишмердүүлүк кантип уюштурулган);
- педагогикалык (мугалим жана окуучунун интеллектуалдык деңгээли);
- окутууда ар түрдүү ыкмаларды жана техникаларды пайдаланган;
- өз учурундагы кайтарым байланышты берген, сунуштаган.

Анын ар бири мектепте шыктандыруучу жана демилгелөөчү факторлор менен толтурулат, бул мектептин шыктандыруучу чөйрөнү түзгөндүгү жөнүндө айтууга мүмкүнчүлүк берет. Мындай чөйрө сапаттуу билим берүүнүн жогорку деңгээлин камсыз кылат.

Шыктандыруучу билим берүүчүлүк чөйрөнүн **принциптери:**

- **ийкемдүүлүк** - мектептин сырткы чөйрөнүн өзгөргөн шарттарына ийкемдүү жооп кайтаруусун камсыз кылышы;
- **гумандуулук, руханий** баалуулуктарга артыкчылык берген;
- **инновациялык, динамикалык;**
- **динамикалык жана жаңыруучу** - ыңгайлашуунун эсебинен эмес, алдыга өнүгүүнүн эсебинен дайыма өзгөрүлгөн социалдык маданий кырдаалдарда сапаттуу билим берүүнү камсыздалышы;
- **ачыктуулук** - айлана-чөйрөнүн, ата-энелердин, мектептин социалдык өнөктөштөрүнүн педагогикалык дараметин **ачык** пайдаланган**;**
- **технологиялык** - заманбап деңгээлге ылайык келген заманбап жана маалыматтык коммуникативдик технологияны пайдалануу менен, сапаттуу билим берүүнү алууда кепилдик жыйынтыкты камсыздалышы;

Ошентип, шыктандыруучу чөйрө – билим берүү сапатын жогорулатууну камсыз кылган бардык субъекттердин (окуучулар, мугалимдер, жетекчилик, ата-энелер, социалдык өнөктөштөр) бийик мотивациясын (ички түрткүлөрдүн аракеттенүү системасы) аныктоочу, демилгелөөчү факторлордун (материалдык, уюштуруучулук, психологиялык, педагогикалык, техникалык) комплексине ээ чөйрө.

# Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын
# «Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых»
## предмети боюнча 10-11 - класстар үчүн программа
## (Базалык деңгээл)

**Түзүүчүлөр:**
**Абдырахманов Т.А.** – тарых илимдеринин доктору, профессор, И.Арабаев атындагы КМУнун ректору
**Доталиев А.К.** – Республикалык педагогдордун кесиптик чеберчилигин жогорулатуу институтунун ага окутуучусу

**Бишкек 2018**

# «КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ ЖАНА ДҮЙНӨЛҮК ТАРЫХ»: ПРЕДМЕТИ БОЮНЧА 10-11 - КЛАССЫ ҮЧҮН ПРОГРАММА (БАЗАЛЫК ДЕҢГЭЭЛ)

## ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

Жалпы билим берүүчү уюмдардагы «Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» боюнча 10 -11-класстардын программасы 2014-жылдын 21-июлундагы «Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин Мамлекеттик билим берүүчү стандартын бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 403-Токтому, Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын (мектеп, гимназия, лицей) 10 - 11-класстары үчүн тарых предметинин стандартынын негизинде түзүлдү.

Жогорку класстар үчүн сунуш кылынып жаткан программа тарыхтагы социалдык топтордун жана кыймылдардын мүнөздөмөсүнөн айрым тарыхый ишмерлердин портреттерине жана жөнөкөй (типтүү) адамдарга кайрылууга чейинки дуйнөлүк жана аймактык социалдык-саясий тарыхына, кубулушту иликтөөгө көбүрөөк багытталган. 10 -11-класстардын программаларында изилдөө объектиси болуп айрым учурларда ар түрдүү багыттагы идеялык, саясий, улуттук, диний кыймылдар жана алардын өкүлдөрүн талдоо эсептелинет. XX к. тарыхындагы бурулуш окуяларга көнүл буруу коомдук турмуштун түрдүү чөйрөлөрүнө кайрылуу менен коштолот. Дүйнөлүк цивилизацияга кирген ар кандай маданияттын өзгөчөлүктөрүн үйрөнүүгө мурункуга караганда чоң орун берилген.

Коомдо жүрүп жаткан социалдык-экономикалык, саясий, идеологиялык өзгөрүүлөр азыркы мектепке жаңы талаптарды коюуда. Мектеп, адамзаттын адеп-ахлактык жана маданий баалуулуктарына таянган, жаңы цивилизациянын шарттарында жашоого даяр, компетенттүү инсанды калыптандыруусу керек.

Азыркы учурдагы тарых сабактары окуучуларды көп сандаган тарыхый маалыматтардын арасында адашып калбай, өз алдынча багыт ала билүүгө, тарыхый көрүнүштөрдүн ортосундагы себептик-натыйжалык байланыштарды таба билүүгө, тарыхый процесстеги маанилүүлөрүн экинчи даражадагыларынан бөлө билүүгө үйрөтүүгө тийиш.

Тарых илими үчүн мүнөздүү болгон таанып билүү методдорун, заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу менен байланышкан коммуникативдик көндүмдөрдү жана ыктарды өнүктүрүү менен айкалыштыруу, окуучуларга дүйнөгө карата азыркы көз караштарын, адамзат коомунун биримдиги жана көп түрдүүлүгү тууралуу элестөөлөрүн, түрдүү типтеги маалыматтарды сынчыл кабылдоо жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу милдетин кыйла жогорку деңгээлде чечүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Жалпы билим берүүчү уюмдарда (мектеп, гимназия, лицей) «Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» предметин өздөштүрүүнүн методикалык негизи окуучулардын жигердүү таанып билүүчүлүк ишмердүүлүктөрүн уюштуруу аркылуу инсандык, предметтик билимдердин натыйжаларына жетүүнү камсыз кылуучу системалык-ишмердүүлүк өңүт болуп саналат. Ошондуктан бул 10-11- класстар үчүн окуу программасында адамзаттын тарыхый өнүгүү жолу цивилизациялык өңүттөгү бирдиктүү бир бүтүн дүйнө контекстинде системалуу түрдө сыпатталып берилди. Окуу программасын түзүүчүлөрдүн эң маанилүү милдеттеринин бири-окуучулардын адамзаттын эң байыркы доордон тартып биздин күндөргө чейинки тарыхынын жалпылыгын, бирдиктүүлүгүн цивилизациялык өңүттө түшүнүүсүн калыптандыруу. Бул өспүрүмдөрдүн тарыхый ой жүгүртүүсүн, тарыхты

чыгармачыл жана аналитикалык көз караште кабыл алуусун өнүктүрүү үчүн өтө маанилүү болуп саналат.

Мектептин тарыхый билим берүү системасы бүткүл дүйнөлүк тарых, Ата Мекен тарыхы дүйнө калктарынын, цивилизацияларынын, ар кыл мамлекеттердин жана аларга кирген улуттук автономиялык түзүлүштөрдүн тарыхын ар тараптуу чагылдырууну максат кылат. 10-11-класстардын окуу программасы эки негизги курсту: Дүйнө тарыхын жана Кыргызстан тарыхын, анын ичинде түрк элдеринин жалпы тарыхын карайт. Негизги өзгөчөлүк 10-класста программа боюнча Дүйнөлүк тарыхты, ал эми 11-класста Кыргызстан тарыхынын толук курсун өздөштүрүп чыгууга ылайыкталышы. 10-класста Дүйнө тарыхы жумасына 2 саат (жылына 68 саат), 11-класста Кыргызстан тарыхы жумасына 3 саат (жылына 102 саат) окутулат *(таблицаны караңыз)*.

***Жалпы орто билим берүүнүн жумалык (жылдык) базалык окуу планы***
***(10 -11-класстар үчүн)***

| **Окуу предмети** | **Сааттардын саны, жумасына (жылына)** | | |
|---|---|---|---|
| | **10-класс** | **11-класс** | **Бардыгы** |
| **Дүйнөлүк тарыхы** (байыркы доордон тартып биздин күндөргө чейин) | 2 (68) | – | 2 (68) |
| **Кыргызстан тарыхы** (байыркы доордон биздин күндөргө чейин) | | 3 (102) | 3 (102) |
| **Жыйынтыгы:** | **2 (68)** | **3 (102)** | |

Жалпы билим берүүчү уюмдарда (мектеп, гимназия, лицей) тарыхый-коом таануучулук билимдерди берүүчү предметтерди – Кыргызстан тарыхы жана дүйнө тарыхын окутуунун **башкы максаты** окуучулардын аң-сезимдеринде дүйнө жана ата мекен тарыхынын бир бүтүндүүлүктөгү бейнесин калыптандыруу болуп саналат.

Ошондуктан, тарых предметинин **негизги максаты** - социалдык эс тутумдун негизинде окуучулардын тарыхый ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, азыркы көп улуттуу, көп маданияттуу коомдо өзүн идентификациялоого, өз алдынча чечим кабыл алууга, өнүгүүгө жөндөмдүү компетенттүү инсанды калыптандыруу.

Тарыхый билим берүүнүн максатына жана мазмунун аныктоого коюлуучу талаптардын жаңылыгы, азыркы турмуштук талаптарды, инсанга багытталган, компетенттүүлүктү калыптандырууга багытталган окутуунун принциптерин ырааттуу жүзөгө ашырууга багытталгандыгы менен аныкталат.

Тарыхый билим берүүнүн максатын жана бүтүрүүчүнү даярдоонун талаптарын иштеп чыгууда коомдогу күндөлүк турмушу үчүн зарыл болгон компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга, мекенчилдикти, жарандык сапаттарды, улуттук иденттүүлүктү өнүктүрүүгө басым жасалат.

Мектептик тарыхый билим берүү төмөнкүдөй милдеттерди чечет:

- ✓ окуучуларда адамзаттын байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейинки тарыхый жолун конкреттүү фактылардын жана маалыматтардын негизинде ырааттуу түшүндүрүү;
- ✓ окуучуларда өткөндөгү жана азыркы мезгилдеги коомдук көрүнүштөргө тарыхыйлуулук позициясынан кароо, тарыхтын көп жактуулугун жана карама-

каршылыктуулугун диалектикалык негизде түшүнүү усулдарын калыптандыруу;

- ✓ ар түрдүү (тарыхый жана азыркы) булактардын маалыматтарын ар тараптан, сынчылык менен анализдөө, коомдук өнүгүүнүн өткөндөгү жана азыркы маселелерин өз алдынча, чыгармачылык менен түшүнүү ыкмасын окуучулардын өздөштүрүүсүнө жетишүү;
- ✓ адам — коом — жаратылыш системасында окуучулардын көз караштарынын жана баалуулук багыттарынын калыптанышына шарт түзүү; аларды гуманизмдин, демократиянын, патриотизмдин, элдердин ортосунда өз ара түшүнө билүүнүн, тынчтыктын жана кызматташтыктын идеалдарына ылайык тарбиялоо;
- ✓ Ата Мекендин жана дүйнөнүн тарыхына жана маданиятына окуучулардын кызыгуусун жана урматтоосун, өз өлкөсүнүн жана адамзаттын заттык жана руханий маданиятын, эстеликтерин сактоого жана байытууга ынтызаарлыгын өнүктүрүү.

Бул программа стандарттын негизинде өзүн-өзү таануусу аркылуу окуучулардын инсандык сапаттарын өстүрүүгө жана Кыргызстандын жараны катары алардын Ата Мекен алдындагы жоопкерчилигин, милдетин сезүүгө тарбиялоого багытталган. Мамлекеттик стандартта бөлүп көрсөтүлгөн бардык окуучулар үчүн үйрөнүүгө милдеттүү нормалар жана мамлекеттик стандарттын базасында вариативдүү программалардын түзүлүшү билим берүүнүн индивидуалдаштырууну, ар бир окуучуну ар тараптан өнүктүрүүнү максат кылган окутуу чөйрөсүнүн түзүлүшүн шарттайт.

Мамлекеттик билим берүү стандартында көрсөтүлгөн «Социалдык» тармагындагы билимге жана көндүмдөргө ээ болуу менен жарандыкка, социалдык компетенттүүлүккө жана маданий жана конфессиялык чөйрөдө жашоого жөндөмдүү инсанды тарбиялайт.

**Компетенттүүлүк –** социалдык нормаларды жана баалуулук багыттарды өздөштүрүү менен окуучунун жүрүш-турушундагы ийкемдүүлүктү коом үчүн, өзү үчүн эффективдүү социалдык ролду аткаруу процессинин функциясын белгилейт.

Адамдар инсандык жана кесиптик чөйрөдөгү (маалыматтык каражат, башка адамдар жана адамдар тобу, жеке инсандык сапаты жана адамдын өзүнүн мүмкүнчүлүктөрү) колдонгон каражаттардын категориясына шайкеш келген Мамлекеттик билим берүү стандартындагы негизги компетенттүүлүктөр төмөнкүлөр:

1. **Маалыматтык компетенттүүлүк** – керектүү маалыматты чогултуу, аны менен иштөө, сактоо жана пайдаланууну ишке ашыруу. Окуучу маалымат менен иштөө маданиятын өздөштүрөт: жетпеген маалыматты максатуу издеп, кээ бир үзүндүлөрдү салыштырат, жалпылаган талдоо жана гипотеза түзүү көндүмдөрүнө ээ.
2. **Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк** – өз умтулууларын социалдык топтун жана башка адамдардын кызыкчылыктары менен айкалыштырууга, башка адамдардын ар түрдүү көз караштарын таануунун жана баалуулуктарына (диний, этникалык, кесиптик, инсандык) сый мамиленин негизинде өз көз карашын маданияттуу далилдөөгө даярдык. Керектүү маалыматты маектешүү (диалог) аркылуу алуу, аны социалдык, кесиптик, инсандык көйгөйлөрүн чечүү үчүн оозеки, жазуу түрүндө берүү даярдыгы. Маселелерди чечүү үчүн башка адамдардын жана социалдык институттардын ресурстарын пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет.

3. **«Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү» компетенттүүлүгү** – маалыматта, окуу жана турмуштук кырдаалдарда ар түрдүү ыкмаларды пайдалануу менен өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүүдө карама-каршылыкты табуу, ошондой эле кийинки аракеттер жөнүндө чечимдерди кабыл алуу даярдыгы.

Предметтик компетенттүүлүктөр «Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» предметинин чегинде алардын мазмунун өнүктүрүп жана тереңдетип негизги компетенттүүлүктөр менен тыгыз байланышкан.Алар: **тарыхый сабаттуулук», «этномаданий компетенттүүлүк» жана «социалдык-инсандык компетентүүлүк» болуп бөлүндү.**

**Тарыхый сабаттуулук –** адамзаттын өнүгүүсүнүн тарыхый жолу жана тажрыйбасы, тарыхый мүнөздөгү материалдарды өз алдынча максаттуу тандап, фактыларды, версияларды, баалоолорду, өнүгүүнүн альтернативаларын жана тарыхый маалыматтардын булактарын салыштырып, жалпы талдоо жасап жана божомолдорду түзүп, өткөндү баалоодо өз далилдерин келтирүү менен тарыхый билимин көрсөтө билүү.

**Этномаданий компетенттүүлүк** – адамдын, адамзаттын, айрым элдердин жашоосунун руханий-адептик негиздерин, ата мекендик жана дүйнөлүк тарыхты өздөштүрүүгө умтулуп, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар ээ болуу

**Социалдык-жарандык компетенттүүлүк –** өз максаттарын башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен салыштыра билүү, көз караштардын түрдүүлүгүн таануунун жана баалуулуктарга (диний, этникалык, кесипкөйлүк, инсандык ж.б.), башка адамдарга карата урматтоо мамилесинин негизинде, өз көз караштарын маданияттуу коргой алуусу.

## МУГАЛИМДЕР ҮЧҮН МЕТОДИКАЛЫК КӨРСӨТМӨЛӨР

Натыйжага багытталган окутуу жараяны окуучуларда компетенттүүлүктөрдү калыптандырууну талап кылат. Бул билим берүүнүн мазмунундагы жана педагогдун иш тажрыйбасындагы өзгөрүүлөрдү шарттайт. Окутуунун ишмердүүлүк мүнөзүн камсыз кылган сабактарды уюштуруу формаларын жана методдорун өзгөртүүдө тажрыйба аркылуу окутууга, инсанга багыттап окутуу жана өз алдынча билим алуу траекторияларын түзүүгө басым жасалат.

Тарыхтын эки: социологиялык жана гуманисттик багыттары бар, бири массалык жараяндарга, экинчиси – инсанга карай багытталган. Инсанга багытталган окутуу мотивацияны жогорулатууга жана коомдун турмушунун олуттуу жараяндарын түшүнүүнү жеңилдетүү үчүн зор мүмкүнчүлүктөрдү бере алат.

Ушул максатта, окуучуларга үйрөнүлүп жаткан окуялардын жана көрүнүштөрдүн маанилүүлүгүн көрсөтүү, алардын турмуштук тажрыйбасын, социалдык практикасын актуалдаштырууга ырааттуу таянуу аркылуу тарыхты окуп-үйрөнүү боюнча мотивациясын күчөтүү үч багытта жүрүшү мүмкүн.

**Биринчи багыт** окуучулардын эмгектик, коомдук жана турмуш-тиричилик чөйрөсүндөгү практикалык ишмердүүлүгүнүн кеңейиши, социалдык-саясий маанилүүлүгүн көрсөтүү менен байланышкан. Бул багытты жүзөгө ашыруу мектептин алдына коюлган маанилүү милдеттердин бири болуп саналат. Анын толук кандуу чечүү бир топ күч-аракетти талап кылат. Эмгекти жакшы уюштуруу үчүн, окуучулар өздөрүнүн өндүрүмдүү жана

коомдук пайдалуу эмгегинин маанилүүлүгүн жеткиликтүү деңгээлде түшүнүүлөрү керек. Бул багыттагы иш көбүнчө тарых сабагынан тышкаркы жерлерде жүрөт.

**Экинчи багыт** азыркы коомдук-саясий турмушту түшүнүү жана ага активдүү катышуу үчүн тарыхты окуп-үйрөнүүнүн маанилүүлүгүн көрсөтүү аркылуу жүзөгө ашат. Аны жүзөгө ашыруу үчүн окуучуларга тарых коомдун өнүгүшүнүн ар бир баскычындагы социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү талдоого үйрөтүп, бүгүнкү күндүн өткөнгө, келечектин азыркы күнгө көз карандылыгын айкындайт. Окуучулар тарыхты окуп-үйрөнүү келечектеги адистигине карабастан, бардыгынын практикалык ишмердүүлүгүндө коомдук-саясий компетенттүүлүктөрдү иштеп чыгуунун ачкычын берерин түшүнүүгө тийиш.

**Үчүнчү багыт** маанилүү тарыхый фактыларды деталдаштыруу, инсандын руханий дүйнөсүн көрсөтүү жана жүрүм-турумдарын мотивациялоо аркылуу жүзөгө ашырылат. Бул үчүн окуучулардын көңүлүн тарыхый инсандарга топтоштурган көркөм жана илимий-популярдуу адабияттардагы методду колдонууга болот. Мында коомдун өнүгүшүнүн объективдүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн, инсандын иш-аракеттеринин социалдык шартталгандыгын айкындоо зарыл. Тарых биринчи кезекте, айрым инсандардын, ошондой эле, алардын жалпылыктарынын тагдырларынын жана ишмердүүлүктөрдүн чөйрөсү катары көрсөтүлөт. Бирок ар кандай жалпылыкты абстрактуу-социологиялык параметрлер аркылуу эмес, ушул тагдырларды аныктаган адамдардын күнүмдүк турмуш-тиричилиги жана олуттуу окуялар аркылуу көрсөтүүгө туура келет. Бул бир эле мезгилде, тарыхый окуяларга түшүнүп гана тим болбостон, эмоциялык аралашууга, терең талдоо жасоо мүмкүнчүлүгү түзүлөт.

**Окутуунун негизги методдору жана ыкмалары:**

- тарыхый окуяларды, процесстерди, мезгил, доорлорду салыштыруу, алардын өлкөнүн, дүйнөнүн тарыхый өнүгүшүндөгү ордун аныктоо;
- өткөндүн жана азыркы мезгилдин тарыхыйлыкты, объективдүүлүктү, тарых илиминин методдорун (салыштырма-тарыхый синхрондуу, ретроспективалык ж. б.) жетекчиликке алып, фактыларды талдоо, салыштыруу, жалпылоо;
- тарыхый окуяларга жана көрүнүштөргө, тарыхый инсандардын ишмердүүлүгүнө (адеп-ахлак критерийлерине ылайык мааниси, дүйнөлүк тарыхка салымы) баа берүү;
- тарыхый булактар: окуу адабияты, тарыхый документтери, мемуарлар, карталар, статистика, коомдук саясий жана көркөм адабияттар, басма сөз (сын көз менен талдоо, ар түрдүү булактарды салыштыруу, маалымат даярдоо, өзүнүн мамилесин негиздөө) булактары менен иштөө;
- конспект, тезистерди, реферат, доклад түзүү;
- тарыхый окуяларга түрдүү көз караштарды салыштыруу, өз пикирин негиздөө, дискуссияга катышуу;
- тарыхый билимди азыркы коомдун түрдүү проблемаларын: социалдык, экономикалык, экологиялык ж. б. көйгөйлөрдү талдоо, турмушта колдонуу;
- ар түрдүү булактардан алынган маалыматтарга сын көз караш менен ой-жүгүртүү анын негизинде баа берүү, өзүнүн жыйынтыгын чыгаруу жана коомдук окуяларды, кубулуштарды тарыхый талдоо;
- чыныгы жашоодогу кырдаалдарга моделдештирүү үчүн оюндарга жана тренингдерге катышуу;
- заманбап коммуникативдүү каражаттарды колдонуп тарыхый маалымат булактар менен иштөө (Интернет);

– тарыхый кырдаалдарга тарыхый талдоо жүргүзүү;
– чыгармачыл эмгек жазуу.

## ОРТО МЕКТЕПТИН ПРОГРАММАСЫ

## 10-КЛАСС – ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ
**(байыркы доордон, бүгүнкү күнгө чейин)**

*(жумасына 2 саат, жылына 68 саат)*

**1-тема. Киришүү. Тарых илиминин илимдердин системасындагы орду**

Тарых илиминин функциялары, методологиясы жана принциптери. Тарыхты окуп - үйрөнүүгө жаңыча мамиле. Дүйнө тарыхы жана Кыргызстан тарыхы - гуманитардык сабактардын маанилүү курамдык бөлүктөрү.

Тарых илими: предмети, мазмуну, функциясы башка илимдер системасындагы орду. Тарыхый илимдин өнүгүш этаптары. Тарыхтын мезгилдерге бөлүнүшү.

### I глава. АЛГАЧКЫ ЖАМААТТЫК КООМ ЖАНА АЛГАЧКЫ АДАМДАР ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

**2-тема. Алгачкы коом дүйнөсүнүн жаралышы**

Алгачкы жамааттык коом тарыхынын мааниси. Алгачкы жамааттык коомдун мезгилдерге бөлүнүшү. Алгачкы адамдардын пайда болушу жана өнүгүшү. Адамдардын теги.

**3-тема. Адам коомунун пайда болушу жана өнүгүшү**

Алгачкы адам үйүрү. Алгачкы адам үйүрүнүн өнүгүшүндө аңчылыктын ролу. Алгачкы адамдардын ой жүгүртүүсүнүн жана тилинин өнүгүшү. Азыркы адамдардын калыптанышы. Адам расалары. Уруулук жамаат.

### II глава. БАЙЫРКЫ ЧЫГЫШ ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАРЫ

**4-тема. Алгачкы коомдон цивилизацияга карай**

Алгачкы коомдон цивилизацияга өтүү — адамзаттын эбегейсиз зор адымы. Жаратылыш жана цивилизация. “Неолиттик революция” доору.

**5-тема. Байыркы Чыгыш өлкөлөрүндөгү деспоттук үстөмдүк**

Таптар менен мамлекеттин пайда болушу. Деспотизм. Иерархия. Байыркы Чыгыш өлкөлөрүнүн маданияты жана диний ишенимдери.

**6-тема. Байыркы Чыгыш өлкөлөрүндөгү укук жана укуксуздук**

Адам жана мыйзам. Байыркы Чыгыш өлкөлөрүндөгү мыйзамдуулук жана адилеттүүлүк. Коомдун цивилизациялуулук деңгээлинин калыптанышы.

**7-тема. Байыркы Чыгыш өлкөлөрүндөгү бийликтин чеги жана эркиндиктин мейкини**

Бийлик үчүн күрөш. Бийлик чеги. Эркиндик мейкини.

## III глава. БАЙЫРКЫ ГРЕК ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫ

**8-тема. Байыркы гректик эрте цивилизациядан жамааттык полиске чейин**

Миной жана Микен цивилизациялары. Микендик Греция. Катаал жер шартынын чакырыктары. Жаңы жер чакырыктары. Гректердин б.з.ч. VII–V кк. колониялары. Метрополия. Гректик жамааттык полис. Баалуулуктар системасы. Олигархия. Полистик коом. Демократия. Полистеги экономикалык турмуш. Натуралдык чарба.

**9-тема. Цивилизациянын эки очогу. Полистен эллиндик монархияга чейин**

Афины. Спарта. Чыгаандардын баштоочулук үчүн күрөшү. Полистердин кризиси. Байыркы грек полисинин маданияты. Эллинизмдин башаты. Саясий түзүлүш жана баалуулуктар системасы.

## IV глава. БАЙЫРКЫ РИМ ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫ

**10-тема. Рим цивилизациясынын башаты. Республикага карай багыт алуу**

Байыркы Рим цивилизациясынын өзгөчөлүгү. Римдиктер жана алардын коңшулары. Байыркы римдик жамаат. Патрицийлер жана плебейлер. Жарандык коом. Республикалык Рим.

**11-тема. Рим мамлекетинин социалдык жана экономикалык динамикасы**

Дүйнөлүк үстөмдүккө карай жол. Жамааттын социалдык-экономикалык кризиси. Кризистен чыгуунун жолун издөө. Римдик жамааттын руханий кризиси.

**12-тема. Римдик империя. Цивилизациянын гүлдөп өнүгүшү же кулашы**

Империялык бийликтин башаты. Империянын «алтын доору». Империя доорундагы маданият. Империя кулашынын себептери.

## V глава. ОРТО КЫЛЫМДАРДАГЫ ЧЫГЫШ ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫ

**13-тема. Кытай: конфуцийлик цивилизация**

Конфуцийлик: маңызы жана мазмуну. Кытай тарыхынын циклдери. Жеке менчикке каршы күрөш. Алсыз эл — күч-кубаттуу мамлекет.

**14-тема. Япон цивилизациясы**

Япон цивилизациясы: өздүк жана бөтөндүктөр. Япон тарыхындагы Чыгыш жана Батыш. Токугава үйү.

**15-тема. Ислам цивилизациясы**

Ислам цивилизациясынын өзөгү. Дүйнөлүк империяга карай жол. Халифаттын күч-кубаттуулугу жана алсыздыгы. «Чыгыштан жанган жарык».

**16-тема. Осмон цивилизациясы**

Чыгыш Рим империясынан Осмон империясына карай. Осмон империясынын калыптанышы жана өнүгүшү. Осмон империясынын улуттук курамы. Осмон империясынын географиясы. Осмон империясы-халифат.

**17-тема. Индия цивилизациясы**

Буддизм: пайда болушу жана түбөлүктүүлүк. Алсыз мамлекет, күчтүү коом. Жамаат жана мамлекет. Дели султандыгы.

**18-тема. Көчмөндөр цивилизациясы**

Көчмөндөр цивилизациясынын калыптанышынын принциптери жана мыйзам ченемдүүлүктөрү. Көчмөндөрдүн жаратылыш менен өз ара мамилелериндеги туруктуулук. Көчмөн уруулардын каада-салттары жана тиричилик шарттары. Көчмөндөрдүн аскердик өнөрү.

**19-тема. Көчмөн империялардын калыптанышы жана эволюциясы**

Көчмөндөрдүн адамзат тарыхындагы ролу. «Көчмөн империялар» жана «метрополиялардын» түзүлүшүнүн аскердик-иерархиялык мүнөзү. Көчмөн империялардын колбашчыларынын инсандык сапаттары.

## VI глава. ОРТО КЫЛЫМДАРДАГЫ БАТЫШ ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫ

**20-тема. Варвардык Европа**

Цивилизацияга каршы варвардык мамиле. Римдик жана варвардык дүйнөлөрдүн жуурулушунан жаралган жаңы дүйнө. Европанын бирдиктүү көп кырдуулугу.

**21-тема. Мамлекет жана чиркөө. Бийлик жана коом**

Теократия идеалы. Чиркөө жана бийлик. Орто кылымдардагы Батыш европалык коом. Бийликтин жана коомдун мамилелери.

**22-тема. Орто кылымдардагы руханий дүйнө**

Ишенимден билимди карай. Чиркөө жана эл. Чиркөөнүн «оппоненттери».

**23-тема. Жаңы мезгилдин босогосундагы Европа. Европа «керемети»: капитализмдин пайда болушу**

Орто кылымдардын соңу. Европа жана дүйнө: глобалдуу цивилизацияга карай. Жаңы жерлерди эңсөө. Шаардагы жана айыл-кыштактардагы капитализм. Капитализмдин түптөлүшүнүн шарттары.

**24-тема. Ренессанс жана реформация**

Индивидуалдуулуктун жемиштери жана көйгөйлөрү. Реформация:

индивидуалдуулуктун чеги. Орто кылымдар — Батыш европалык цивилизациянын эң маанилүү баскычы.

## VII глава. ВИЗАНТИЯ ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫ

### 25-тема. Рим империясынын мураскери

«Жаңы Рим». Империянын цивилизациялык мейкиндиги. Византия жана аны курчап турган дүйнө. Элдердин Улуу көчү. Византиядагы феодализмдин өзгөчөлүктөрү. Империялык бийлик жана коом.

### 26-тема. Византиянын руханий дүйнөсү

Византиядагы бутпарас жана христиан диндери. Византия маданиятынын мүнөздүү өзгөчөлүгү. Чыгыш христиан дини: Кудайга ишенүү жана баалуулуктар системасы. Византия маданияты.

## VIII глава. ОРУС ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫ ЖАНА АНЫН ӨНҮГҮҮ ЭТАПТАРЫ

### 27-тема. Киев Русу (VII–XII кк.)

Жерге болгон жамааттык менчик. Бийликтин агасынан инисине өтүшү (горизонталдык ыкма).

**28-тема. Россиялык цивилизациянын мейкиндиги (XIII–XV кк.) Москва Русу (XV–XVII кк.)** Чиркөө – биримдикти сактоонун чынжыры. Адеп-ахлактык укук, жеке жана жалпы укуктардын жоктугу. Москвалык Русь. Москва – православиенин борбору. Дыйкандардын жерге бекитилиши (крепостнойлук укук).

## IX глава. ЖАҢЫ ДООРДОГУ ЦИВИЛИЗАЦИЯНЫН ЖАРАЛЫШЫ (XVII к. экинчи жарымы – XVIII к.)

### 29-тема. Жаңы мезгил

Жаңы мезгил түшүшүнүгү жана мезгили. Улуу географиялык ачылыштар. Эски жана Жаңы дүйнө. Капитализм жана модернизация. Революциялардын анатомиясы. Революциянын социологиясы — реставрациялардын цивилизациялык себептери.

### 30-тема. Капитализмдин өнүгүү жолдору

Батыш Европа капитализми. Америкалык капитализм.

### 31-тема. Россия империясы (XVII к. – 1917-ж.)

Дыйкандарды крепостнойго айландыруунун аякташы (1649-ж.). шаарлардын жайбаракат өнүгүшү. Чиркөөнүн жикке бөлүнүшү.

### 32-тема. Пётр Інин реформаларынын Россиянын тарыхындагы орду

Эски тартиптеги Россия. Пётр Інин реформаларынын өбөлгөлөрү. Башкаруу

тармагындагы реформалар. Сенаттын түзүлүшү. Экономикалык реформалар. Мануфактуралык өндүрүштөгү саясат. Ички жана тышкы соода-сатык. Модернизациянын россиялык жолу.

**33-тема. Жаңы мезгилдин жаратмандары**

Жаңы мезгилдеги өнөр жай төңкөрүшү, социалдык-экономикалык турмуш. Экономикалык турмуштагы жаңылануулар. Калктын жашоо-турмушундагы өзгөрүүлөр.

**34-тема. Агартуучулар жана агартуучулук иш-аракеттери**

Аң-сезимдүүлүктүн жеңиши. Коомдогу жана адамдын аң-сезиминдеги кайра куруулар. Буржуазиялык коом агартуучулардын көзү менен.

**35-тема. Колониялык системанын калыптанышы**

Батыш өлкөлөрүндөгү колониялык атаандаштык. Колониялык системанын калыптанышы. Колониялардагы турмуш-тиричилик.

## X глава. ИНДУСТРИЯЛЫК ЦИВИЛИЗАЦИЯНЫН ЖАРАЛЫШЫ (XIX к. – XX к. башы)

**36-тема. «Темир» кылымы**

Индустриялык цивилизациянын жаралышы. Илим жана техникалык прогресс. Индустриялаштыруу жана монополиялык капитализм.

**37-тема. «Эски жана жаңы капиталисттик» өлкөлөр**

Батыш Европа «периферия». Капиталисттик күчтөрдү кайра бөлүштүрүү.

**38-тема. Модернизациянын германиялык жолу**

Европалык «периферия» жана модернизация. Европалык чордон: күчтөрдү кайра бөлүштүрүү. Германиянын экономикалык өнүгүүсү. Милитаризм. Шовинизм.

**39–40-темалар. Россиядагы модернизациянын өзгөчөлүгү**

Орус коому жана модернизация проблемасы. Падышалык бийлик жана модернизация. Россиянын XIX к. аягы – XX к. башындагы ири өнөр жайы. Орус буржуазиясынын позициясы. Буржуазиялык революциялар.

**41-тема. АКШ: гегемондукка умтулуу**

Цивилизациянын эки очогу: Түндүк жана Түштүк. Демократиялык кыймыл. Өлкөнүн эң күч-кубаттуу цивилизациялык мамлекетке айланышы.

**42-тема. Индустриялаштыруу доорунун руханий маданияты**

Романтизм. Аздектөөнүн кыйрашы. Жаратылыштын акылга сыярлык тууралыгын сындоо. Теңдик философиясы. Коммуна идеалы. Коммунизм идеясы.

**43-тема. Колониялык системанын күч алышы жана кыйрашы**

Колониялык системанын күч алышы: колониялар жана жарым колониялар. XIX к. татаал карама-каршылыктуу процесстер. Колониялык системанын кыйрашы.

**44-тема. Чыгыш цивилизациясы: салттуулуктан четтөө**

Чыгыштагы өзгөрүүлөр: Индиянын мисалында. Осмон империясынын реформалары. Кытай: өз алдынча күчтөнүү. Япон «керемети».

**45-тема. Капитализмдин өнүгүшү. Экономикалык ийгиликтердин натыйжалары**

Улуттук идея жана модернизация. Жумушчулардын эмгек шарттары. Салттуулук менен модернизациянын карама-каршылыгы. Баалуулуктар системасынын кризиси.

## XI глава. XX КЫЛЫМ: ПОСТИНДУСТРИЯЛЫК ЦИВИЛИЗАЦИЯГА КАРАЙ

**46-тема. Дүйнөлүк согуштар**

Согуштардын дүйнөлүк мүнөзгө өтүшү. Гуманизмге чакырык. Цивилизациянын согуштарга каршылыгы.

**47-тема. Тоталитаризмдин пайда болушу жана анын формалары**

Тоталитаризм — индустриялык цивилизациянын жанга баткан ачуу чындыктарынын бири. Тоталитаризмдин формалары. Тоталитардык системасынын оң жана терс жактары.

**48-тема. XX кылымдагы капитализм**

Капитализмдин кризиси. Этатизм. Ф. Рузвельттин «жаңы багыты». Швед модели. Жалпы жыргалчылык өлкөсүнө карай. Инфляция. Либералдык реформизм.

**49-тема. Социалисттик коом (1917–1991-жж.)**

СССР — көп улуттуу держава. Коммунисттик Тоталитардык система, инсандын кызыкчылыктарынын, адам укуктарынын бузулушу.

**50-тема. Дүйнөлүк социалисттик система**

СССР — социалисттик системанын тиреги. Дүйнөлүк социалисттик системанын калыптанышы жана өнүгүшү.

**51-тема. «Үчүнчү дүйнө» өлкөлөрүнүн өнүгүү жолу**

«Үчүнчү дүйнө» терминининин келип чыгышы. Тропиктик Африка. Араб өлкөлөрү. Инди-будда-мусулман «блогу». Конфуцийлик «блок». Латын Америкасы.

**52-тема. Илимий-техникалык прогресс: жоготуулар жана табылгалар**

Биринчи илимий-техникалык революция. Экинчи илимий-техникалык революция.

**53-тема. Постиндустриялык цивилизация**

Маалыматтык революция. Бирдиктүү маалымат мейкиндигинин калыптанышы. Интернет жана ааламдык маалымат мейкиндигинин калыптанышы. Эски жана жаңы тенденциялардын карама-каршылыктары. Постиндустриялык доор.

## XII глава. ГЛОБАЛДЫК ЦИВИЛИЗАЦИЯ

**54-тема. Глобалдык цивилизация**

Дүйнө жаңы биригүү жолунда. Глобалдашуу. Жаңы баалулуктардын калыптануу процесси. Тарыхтын маани-мазмуну жана багыттык чектери.

**55-темалар. Техногендик цивилизация, анын тарыхы жана келечеги**

Салттуу коом. Техногендик цивилизациянын пайда болушу. Салттуу коомдун жана техногендик цивилизациянын айырмачылыктары. Техникалык эволюция: алгачкы коомдогу техника; кол өнөрчүлүк техника; адам – техника.

**56-темалар. Техногендик цивилизациянын мезгилиндеги илимдин өнүгүшү**

Илим менен техниканын байланышы. Техникалык объект. Техниканын социалдык функциялары. Техниканын типологиясы. «Тарыхтын бүтүшүбү» же цивилизациялардын кагылышуусубу? Цивилизациялардын өнүгүү келечеги.

**57-тема. Глобалдашуу шартындагы маданият**

Дүйнө көрүнүшүнүн өзгөрүшү. Маданият жана искусство. Интернет жана ааламдык маалымат мейкиндигинин калыптанышы. Массалык маданият.

**58-темалар. Глобалдашуу шартындагы көйгөйлүү маселелер**

Глобалдашуу шартындагы мамлекеттин ролу. XXI к. биринчи чейрегиндеги тынчтык. Тынчтыкты сактоо маселеси. Модернизациялоо жана артта калуучулук маселеси. Азыркы мезгилдеги диний уюмдардын ишмердүүлүгү. Диний экстремизм маселеси. Экологиялык маселелер. Демографиялык маселелер. Глобалдашуунун оң жана терс жактары.

**59 - 60-темалар. Цивилизациялардын кагылышы**

Маданияттар ортосундагы айырмачылыктар — XXI кылымдагы адамзат дүйнөсүндөгү жаңжалдардын эң башкы жана маанилүү себеби. Биполярдык дүйнөнүн кыйрашынан кийинки циявилизациялардын кагылышы. Этномаданий региондуулук менен этностор аралык маргиналдык жаңжалдар тенденциясы. «Батыштын уникалдуулугу, бирок универсалдуу эместиги».

**Кайталоого – 8 саат**

### Мектепте “Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых” предметин өздөштүрүүгө талаптар

**10 - класс**

| Ой жүгүртүү көндүмдөрүнүн деңгээлдери (Б.Блум боюнча) | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|
| **Билүү/түшүнүү** | • дүйнөнүн тарыхынын бүтүндүгүн жана түзүлүшүн камсыз кылган негизги факт, процесс жана кубулуштарды түшүнөт;<br>• дүйнөлүк тарыхтын доорлорун аныктайт; |

| Ой жүгүртүү көндүмдөрүнүн деңгээлдери (Б.Блум боюнча) | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|
| | • дүйнөлүк тарыхтын негизги маселелеринин заманбап версиясын жана трактовкасын түшүнөт;<br>• заманбап коомдук процесстердин тарыхый шарттарын билет;<br>• дүйнө тарыхынын жолунун өзгөчөлүгүн, анын дүйнөлүк коомчулуктагы ордун аныктайт. |
| **Колдонуу, талдоо, топтоштуруу:** | • ар түрдүү булактардан тарыхый маалыматтарды талдайт;<br>• тарыхый маалымат булактарын сын көз караш менен талдайт (булактын авторун мезгилин, убагын, анын жаралыш себебин жана максатын мүнөздөө менен);<br>• ар түрдүү белгиде берилген тарыхый булактарды да талдайт (текст, карта, таблица, схема, аудиовизуалдык ж.б.);<br>• тарыхый булактардагы факт менен ойду, тарыхый сүрөттөө менен тарыхый түшүндүрүүнү айырмалай алат;<br>• үйрөнүлгөн тарыхый процесс жана кубулуштардын ааламдык жана мезгилдик алкагында окуялардын себеп-натыйжалуу байланыштарын түшүнөт жана талдайт;<br>• тарыхый маселелерге арналган дискуссияларга катышат, талкууланган маселе боюнча тарыхый далилдерге таянып өзүнүн көз карашын калыптандырат;<br>• тарыхый материалды окуп - үйрөнүүнүн натыйжаларын конспект, реферат, рецензия түрүндө чагылдырат. |
| **Баалоо, чыгармачылык** | • тарыхый шарттардан келип чыгып, заманбап жашоодо өз көз карашын билдирет;<br>• маалыматтарга тарыхый талдоо жасоо менен баалайт;<br>• тарыхый келип чыккан социалдык жүрүш-туруштун формалары менен өзүнүн кыймыл-аракетин, айлана-чөйрөгө мамилесин көрсөтөт;<br>• өзүн тарыхый калыптанган жарандык, этномаданий, конфессионалдык коомдун мүчөсү жана Кыргызстандын атуулу катары баалайт жана көрсөтөт. |

## 11-КЛАСС - КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ
## (байыркы доордон , бүгүнкү күнгө чейин)

*(жумасына 3 саат, жылына 102 саат)*

**КИРИШҮҮ**

**1-тема. Кыргызстан тарыхы — дүйнөлүк тарыхтын ажырагыс бөлүгү**

Кыргызстан тарыхынын байыркы доордон тартып бүгүнкү күнгө чейинки негизги баскычтары, маселелери жана аларды жаңыча көз караш менен окуп -үйрөнүү.

**I-бөлүм.**
**БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗСТАН**

**I глава. БАЙЫРКЫ ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАРДЫН БАШАТЫ. АДАМЗАТТЫН ТАРЫХЫЙ ӨНҮГҮҮСҮ**

**2 - тема. Кыргызстандын аймагындагы таш доору**

Борбордук Азия жана Кыргызстандын (мындан 1000-800 миң жыл мурун) аймагындагы алгачкы адамдар. Таш доорунун негизги баскычтары. Палеолит доорунун орду жана өзгөчөлүгү. Кыргызстандагы палеолит доорунун эстеликтери. Соңку таш доорунун негизги баскычтары жана өзгөчөлүгү. Неолит революциясы.

**3 - тема. Кыргызстандагы коло доору**

Борбордук Азиядагы алгачкы цивилизациялар. Борбордук Азиядагы цивилизациянын эки тиби: малчылык (андроновдук) жана дыйканчылык(чусттук) маданияттардын калыптануусу. Чарбачылыгы, материалдык маданияты. Коло доорунун адамдарынын турак жайлары. Коло доорунун аягындагы тилдик үй-бүлөнүн өзгөчөлөнүүсү.

**4 - тема. Алгачкы диний ишенимдер**

Алгачкы адамдарда диний көз караштардын пайда болушу. Сөөк коюу түшүнүгүнүн пайда болушу. Табигаттын сырлары. Чөйрөгө ыңгайлашуу. Матриархат – эне бийлиги. Патриархат – ата бийлиги. Байыркы адамдын жүрүш-туруш этикасы. Диний каада салттар. Музыка жана бийдин пайда болушу. Алгачкы музыкалык аспаптар. Аска бетиндеги сүрөттөр. Байыркы сүрөтчүнүн дүйнө таанымы. Анимизм, тотемизм, фетишизм, шаманизм.

Андрон (малчылык) жана чуст (дыйканчылык) маданиятынын алып жүрүүчүлөрүнүн мифологиясы жана диний элестөөлөрү. Эң байыркы адамдардын жашоо образы. Коло доорунун көркөм өнөр искусствосунун эстеликтери - Саймалы-Таш, Таш-Көмүр ж.б. петроглифтери.

**II глава. БАЙЫРКЫ КӨЧМӨНДӨР ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫНДАГЫ УРУУ БИРИКМЕЛЕРИ ЖАНА АЛГАЧКЫ МАМЛЕКЕТТЕР**

**5 - тема. Сактардын цивилизациясы**

Сак уруулары жөнүндө маалыматтар. Сактардын цивилизациясы. Кыргызстандын аймагындагы сактардан калган эстеликтер. Сактардын дүйнөлүк тарыхтагы орду.

**6 - тема. Руханий маданияты жана диний ишенимдери**.

Сак урууларынын диний ишенимдери жана маданияты. Борбордук Азия, Сибирь жана Чыгыш Европа элдери менен Кыргызстан элдеринин ортосундагы маданий өз ара байланышы.

**7 - тема. Эң байыркы цивилизациянын жаралуусу**

Эң байыркы айылдар жана шаарлар. Кыргызстандагы шаар цивилизациясы. Гуйшанчэнь, Юнчэнь, Чигучэнь. Ош шаарынын 3000 жылдыгы.

**8 - тема. Усун мамлекети**

Усун мамлекетинин ээликтери жана башкаруу системасы. Усундардын коңшу мамлекеттер менен мамилеси. Чарбачылыгы жана маданияты.

**9-тема. Дабан мамлекети**

Дабан мамлекети. Коомдук-саясий түзүлүшү жана чарбасы. Дабандыктардын көз карандысыздык үчүн күрөшү.

**10 - тема. Байыркы кыргыздар**

Байыркы кыргыздар жөнүндөгү маалыматтар. «Кыргыз» этнониминин чечмелениши. Кыргыздардын ээликтери жана алгачкы мамлекеттүүлүгүнүн саясий тарыхы.

## II-бөлүм. ОРТО КЫЛЫМДАР КЫРГЫЗСТАН

### III глава. ТҮРК ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫНЫН ДООРУ

**11-тема. Борбордук Азиядагы көчмөн жана отурукташкан цивилизациялар**

Борбордук Азиянын географиялык жайгашуусу жана жаратылыш шарттары. Борбордук Азиядагы көчмөн цивилизациялардын жана мамлекеттүүлүктүн түзүлүшүнүн тарыхый шарттары. Б.з.ч. I м.ж. аягындагы жаратылыштык-климаттык фактор жана саясий процесстер.

**12 - тема. Байыркы Хорезм**

Хорезм жөнүндө жазма жана археологиялык маалыматтар, анын аймагы боюнча маселелер. Калалкир, Кузалик ж.б. шаарлар. Б.з.ч. I м.ж. биринчи жарымындагы Хорезмдин социалдык-экономикалык жана маданий турмушу.

**13 - тема. Байыркы Бактрия**

Бактрия жөнүндө жазма жана археологиялык маалыматтар. Бактриянын аймактык чек арасы. Бактра, Кызылтепе, ж.б. шаарлар. Социалдык-экономикалык жана маданий турмушу. Бактрия мамлекетинин кайра жаралуусу, андагы гректердин бийлиги. Эллин маданиятынын өзгөчөлүктөрү жана анын Орто Азияга таркашы. Чыгыш менен Батыштын маданиятынын өз ара байланышы. Антикалык шаарлардын курулушу. Сооданын өнүгүшү.

**14-тема. Байыркы Согд (Согдиана)**

Согдиана жөнүндө археологиялык жана жазма булактар. Байыркы шаарлары: Афросиаб, Узункыр, Еркурган. Социалдык-экономикалык жана маданий жашоосу. Шаарлардын курулушу. Кол өнөрчүлүктүн жана сооданын өнүгүшү.

**15-тема. Борбордук Азиядагы Хундардын көчмөн империясы**

Хун урууларынын алгачкы мекени. Хун мамлекетинин негизделиши жана «Улуу Кытай Сепили». Модэ (Маодун, Мете). Борбордук Азияда Хун империясынын пайда болушу. Хун дөлөтүнүн кыйрашы, түштүк жана түндүк аймактарга бөлүнүшү.

**16-тема. Элдердин Улуу көчү**

«Элдердин Улуу көчүнүн» башталышы. Түндүк Хундардын Батышка жылуусу жана алардын басып алуулары (IV к. баштап). Европага жортуул. Атилланын мамлекети (433-454-жж.). Хундардын башка мамлекеттер жана элдер менен дипломатиялык жана маданий алакалары. Хундардын этникалык тарыхы менен байланыштуу түрк элдеринин калыптануусу. Өз алдынча Хун падышалыктары. Эфталиттердин (Ак хундардын) мамлекети.

**17-тема. Хундардын чарбасы, коомдук түзүлүшү жана маданияты**

Коомдук түзүлүшү. Мыйзамы. Уруулук жамаат. Турак-жайы. Көчмөн малчылык. Жер иштетүү. Кол өнөрчүлүк. Анчылык. Маданияты. Зергерчилик өнөрү: «полихромдук стиль». Диний ишенимдери. Үй-бүлөлүк мамилелер.

**18-тема. Кангүй мамлекети**

Сыр-Дарыянын байыркы аталышы. Аймагы: Ортонку Сыр-Дарыянын бассейни – Жети Суу. Борбордук Азиядагы отурукташкан жана көчмөнэлдерди бириктирген Кангүй мамлекети. Чарбасы, соодасы. Шаарлары: Яссы, Канка (Ташкент), Исфиджаб (Сайрам), Тараз. Кангүй мамлекетинин саясий тарыхынын негизги окуялары. Б.з. I к. Кангүй падышалыгы. Эфталиттердин басып алуусу.

**19-тема. Кушан империясы**

Йүэчжилердин (тохарлардын) батышка көчүүсү. Кушан (гуйшуан) династиясынын саясий бийликти басып алуусу. Кушандар тарабынан региондогу саясий күчтөрдү бириктирүү. Империянын аймагынын кенейиши: Кужула, Кадфиз, Вим Кадфиз жана Канишкада мамлекеттин бийликтин күчөшү. Кушан династиясынын мезгилинде өлкөнүн социалдык-экономикалык турмушу. Айыл чарбасы. Сугат дыйканчылыгынын өнүгүүсү. Шаарлардын курулушу. Кол өнөрчүлүк жана соода.

**20 - тема. Маданияты жана диний ишенимдери**

Гандхаранын (Пешавар/Пакистан) маданияты. Кушандар мезгилиндеги көркөм өнөр. Ибадатканалар. Айкелчилик. Буддизм. Манихейчликитин таралышы. Диний сабырдуулук.

**21-22 - тема. Улуу Түрк кагандыгы**

Түрктөрдүн келип чыгышы жөнүндө уламыштар. Эне-карышкыр. Ашина уруусунун күчтөнүшү жана Борбордук Азияда байыркы түрктөрдүн мамлекетинин түзүлүшү. Жуан-жуандардын империясы. Жужандарга каршы көз карандысыздык үчүн күрөш. Жужан

империясынын талкаланышы. Түрк кагандыгынын түзүлүшү (VI к.). Түрктөрдүн белгилүү башкаруучулары: Бумын каган, Мухан каган, Истеми каган. Күчтөнгөн каганаттын аймагы. Улуу Түрк кагандыгынын сырткы саясаты. Улуу Түрк кагандыгынын: Чыгыш Түрк жана Батыш Түрк кагандыгына бөлүнүшү. Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгы. Түрк элдеринин тарыхында Улуу Түрк кагандыгын орду жана ролу.

**23 - тема. Түрктөрдүн мураскерлери**

Азиянын Батышындагы Түрк мамлекеттери: Авар жана Хазар кагандыгы. Огуз ябгуйлугу. Улуу Жибек жолунун түндүк бутагындагы сооданын жанданышы, шаарлардын өнүгүүсү. Кимек кагандыгы. Алтай жана Сибирге кеткен Улуу Жибек жолунун багытындагы шаардык турмуштун жанданышы. Эл аралык соода.

**24 - тема. Көчмөндөрдүн маданий мурастары**

Архитектура, скульптура. Көмүү архитектурасы. Жаныбарлар стилиндеги искусство. Түрк элдеринин бирдиктүү маданий мейкиндигинин калыптанышы. Руна жазмасы. Сабаттуулуктун жайылышы. Бугут жазмасы. Билге каган, Күлтегин жана Тон-йокуктун жазмалары. Оозеки, эпикалык чыгармачылыгы жана мифтери.

**25 - тема. Уйгур кагандыгы (744-840-жж.)**

Борбордук Азияда жана Орхондо Уйгур кагандыгынын үстөмдүгүнүн орношу. Ордо-Балык – уйгур мамлекетинин борбору. Уйгур кагандыгындагы династиялык так талашуулар жана мамлекеттин кыйрашы. Турфан-Кочодогу идикуттардын Уйгур мамлекети. Чарбасы, социалдык мамилелер. Маданияты жана диний ишенимдери. Уйгур кагандыгынын мамлекеттик дини – манихейлик. Манихейлик жана буддизм. Маданий мурастар: будда ибадатканалары, дубал сүрөттөрү, айкелдер, байыркы түрк жана иран тилдериндеги (согд, хотан-сак, пехлеви) эпиграфиялык эстеликтер.

**26 - тема. Улуу Кыргыз дөөлөтү доору**

Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн түзүлүшү. Аймагы, калкы, аскердик күчү, жеңиштүү жүрүштөрү. Саясий түзүлүшү. «Кыргыз бодун». Мамлекеттик башкаруусу. Каган-мамлекеттин башчысы. Эльтебер, тегин, тутух ж.б. титулдар. Тан империясы менен дипломатиялык мамилелер. Эрен Улук, Эзгене, Тапу Алп Сол ж.б. Кыргыздардын улуу дөөлөтүнүн кулашы. Тянь-Шандык жана Энесайлык кыргыздар X-XII кк. Эне-Сай, Монголия жана Алтайда өз алдынча иналдык кыргыз мамлекеттери. Урус инал, Шубуш инал, Огдем инал.

**27 - тема. Энесайлык кыргыздардын чарбачылыгы**

Борбордук Азия көчмөндөрүнүн жашоосу. Борбордук Азия көчмөндөрүнүн жашоосу. Шаарлар (Кемжикет, Балыклык, Уйбат) жана бекемделген отурукташкан айылдар. Чептик курулуштар. Аскердик иш. Кыргыз армиясынын курал-жарактары, саны жана аскердик тактикасы. Устачылык. Кол өнөрчүлүк. Ювелирдик искусство. Соода байланышы.

**28 - тема. Борбордук Азия элдеринин маданиятындагы жетишкендиктери**

Көчмөн жана отурукташкан цивилизациялардын өнүгүүсү жана алардын өз ара маданий алакалары. Көчмөн урууларрдын миграциясы: этаптары, багыттары жана себептери. Маданий байланыштары жана коммуникациялары (мусулман маданиятынын жана

Борбордук Азиянын элдеринин маданиятынын өз ара байланышы жана бири-бирине таасири). Соода байланыштары.

**29 - тема. Диний ишенимдери**

Байыркы түрктөрдүн диний ишенимдери. Тенирчилик. Тенир – жогорку кудай. Диний жөрөлгөлөр. Жаратылышка жана ата-бабаларга сыйынуу. Көмүү жөрөлгөсү. Несторианчылык. Манихейчилик. Согд аркылуу манихейликтин Орто Азияга кирип келүүсү. Буддизмдин таркашы жана таасири.

**30 - тема. Карахандар каганаты (942-1212 жж.)**

Карахандар династиясынын келип чыгышы. Афрасияб жөнүндө уламыш. Сатук Буура хан - карахандар династиясын жана мамлекетин негиздөөчү. Аймагы, жаратылыш шарты, көчмөн жана отурукташкан калкы. Каганаттын бөлүнүшү. Чыгыш жана батыш каганаттыгынын түзүлүшү. Саясий тутуму. Карахандардын башкаруу системасы жана мыйзамдар. Аскери. Коомдук мамилелери.

**31-тема. Караханийлердин материалдык маданияты**

Карахандар каганаттыгындагы көчмөндөрдүн отурукташуусу. Калктын негизги чарбачылыгынын тармактары. Жер иштетүү аймактары. Малчылык. Малчылык-дыйканчылык чарбачылыгынын жана шаар цивилизациясынын өнүгүшү. Көчмөндөрдүн жана отурукташкан элдердин кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн негизги тармактары. Тышкы жана ички соода.

**33 - тема. Түрктөрдүн шаар маданияты**

Шаар кол өнөрчүлүктүн, сооданын, административдик башкаруунун, маданият жана агартуучулуктун борбору. Баласагын, Кашгар, Тараз, Барсхан, Өзгөн, Ош, Кочнгар-Башы, Ат-Башы, Самаркан, Ташкен ж.б. шаарлар.

**34 - тема. Борбордук Азиядагы Ислам**

Борбордук Азияга исламдын тарашы. Исламдын калктын маланиятына жана күнүмдүк турмушуна таасири. Борбордук Азияда дүйнөлүк диндердин таркашы жана өзгөрүшү: зороастризм, буддизм, манихейчилик, христиан, ислам. Алардын бири-бирине таасири. Борбордук Азия – бардык диндердин кайнаган казаны.

**35 - тема. Карахандар доорундагы улуу ойчулдар**

Ж. Баласагын улуу ойчул жана мамлекеттик ишмер анын илимий мурасы. «Кутадгу билиг» поэмасы («Куттуу билим»). Окумуштуу түрколог М. Кашгари (Барсхани) жана анын «Дивани лугати ат-тюрк» (Түркий тилдеринин сөздүгү).

**36-тема. Маданий мейкиндик**

Көчмөн жана отрукташкан элдердин маданиятынын өнүгүшү жана алардын өз ара байланышы. Түрк элдеринин уламышы жана династияларынын тарыхы. Мамлекеттик түзүлүштөрү, шаарлары, коммуникациясы. Борбордук Азиядагы ар түрлүү уруулардын көчүүсү жана көчмөндөдүн байланышы. Көчмөн мамлекеттердеги согуштар, дипломатиялык байланыштар жана элчиликтер, династиялык нике. Соода байланышы. Улуу Жибек жолу жана түрктөр. Азыркы Кыргызстандын аймагы аркылуу өткөн Улуу Жибек жолунун бутагы.

## IV глава. МОҢГОЛ ДООРУ

### 37 - тема. Кара-кытайлардын мамлекети

Кара-кытайлардын Жети-Суудагы мамлекетинин түзүлүшү. Элюй Даши – кара-кытайлардын гурханы. Баласагын – кара-кытайлардын мамлекетинин ордосу (Куз-Орду, Куз-Балык). Гурхандын диний саясаты. Найман урууларынын Жети-Сууга көчүп келишигы. Кучлук ас-Сегизинин башкаруусу.

### 38-тема. Чыңгыз хандын империясы жана кыргыздар

Монголдордун түндүккө алгачкы жортуулу. Жучу хан жана Чынгыз ханга кыргыз элчиликтеринин барышы. Курлун баатырдын көтөрүлүшү. Кыргыздар Юань империясынын курамында. Хубилай хан тарабынын кыргыздардын жер которуусу. Чынгыз хандын Орто-Азияга жортуулу.

### 39-тема. Чынгызилердин өз алдынча улустары

Чагатай улусу. Чагатай хандары тарабынан исламдын кабыл алынышы. Хайду мамлекети. Аймагы, калкы, экономикасы жана саясаты. Маданий жашоосу. Бахауддин Накшбандын исламдагы ролу.

### 40-тема. Борбордук Азиядагы Моголистан жана Амир Темирдин мамлекети

Моголистан мамлекетинин түзүлүшү. Аймагы жана калкы. Тышкы саясаты. Амир Темирдин мамлекети жана Моголистанды басып алуучулук жортуулдары. Моголистан мамлекетинин кыйрашы.

### 41-тема. Кыргыз элинин калыптануусунун аякташы

Кыргызстандын аймагындагы байыркы жана орто кылымдардагы этностук процесстер. Кыргыз элинин этностук тарыхынын негизги багыттары. Кыргыз элинин «оң» жана «сол» канаттарынын калыптанышы. Тянь-Шанда көз карандысыз кыргыз хандыгынын түзүлүшү. Мухаммед Кыргыз-кыргыздардын башкаруучусу. Кыргыз-казак согуштук-саясий союзу.

# III-бөлүм. ЖАҢЫ ДООРДОГУ КЫРГЫЗСТАН

## V глава. КЫРГЫЗДАРДЫН ӨЗ АЛДЫНЧАЛЫК ҮЧҮН КҮРӨШҮ

### 42-тема. Жунгарлардын баскынчылык доору

Жунгар хандыгынын баскынчы жортуулдарынын башталышы. Калмактарга каршы кыргыз, казак жана өзбектердин биргелешкен күрөшү. Эшим хан. Көкүм бий. Жунгар хандары Цебан Рабдан жана Галдан Церендин баскынчылыктары. Түндүк кыргыз урууларынын Фергана, Гиссар, Гуляб жана Чыгыш Түркстанга жер которуусу. Кошой бий. Маматкул бий. Жунгар баскынчыларынан Ата Журту бошотуу. Атаке баатыр. Бердике баатыр. Ферганалык, памирлик жана чыгыш түркстандык кыргыздар.

### 43-тема. XVIII к. экинчи жарымындагы кыргыз элинин саясий абалы

Кокон хандыктары менен жакшы коңшулук жана конфликтик мамилелери. Кубат бий.

Цин империясы менен кыргыздардын дипломатиялык мамилелери. Маматкул бийдин элчилиги. Казак султандары менен болгон мамиленин курчушу. Аблай хандын жортуулу. «Жайыл кыргыны». Эсенгул бий. Россия менен болгон элчилик байланыштар. Атаке бийдин элчилери

**44-тема. Материалдык маданияты**

Салттык турак-жайлар, кийим жана тамак аш. Элдик кол-өнөрчүлүк искусствосу. Боз үйдүн ички жана тышкы жасалгасы. Боз үйдүн жыгач жана кийиз бөлүктөрүн, анын жасалыш даярдоо технологиясы. Кийим-кечеги, баш жана бут кийим.

**45-тема. XVI-XVIII кк. Кыргыздардын руханий маданияты**

Руханий маданият: элдик оозэки чыгармачылык. Кыргыздардын эпикалык чыгармаларында саясий жашоодогу урунтуктуу окуялардын чагылдырылышы. Акындык өнөрдүн өзгөчөлүгү. Музыка искусствосу. Инструменттер, күүлөр. Эмпирикалык, асторномиялык билимдер. Элдик медицина. Элдик оюндар.

## VI глава.
## КЫРГЫЗСТАН РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫНА КУРАМЫНДА XIX к. БИРИНЧИ ЖАРЫМЫ – XX к. БАШЫНДА

**46-тема. Кыргызстан XIX к. биринчи жарымында**

Аймагы жана калкы. Кыргыз уруктары жана урууларынын жайгашуусу. Чарбачылыгы, социалдык структурасы, административдик-саясий түзүлүшү. Кокон хандыгынын түштүк Кыргызстанды басып алуусунун аякташы. Өлкөнүн түндүгүндө Кокон хандыгынын үстөмдүгүн орношу. Кыргыз-орус элчилик байланыштары.

**47-тема. Кыргыздардын көз карандысыздык үчүн күрөшү**

Атантай жана Тайлак баатырдардын көтөрүлүшү. Кокон хандыгынын саясий жашоосуна кыргыздардын катышуусу жана ролу. Алымбек датка алай башкаруучусу. Кокондуктарга каршы көтөрүлүш

**48-тема. Өз алдынча кыргыз хандыгы**

Өз алдынча кыргыз хандыгынын түзүлүшү. Ормон хан. Мамлекеттик бийликтин органдарын уюштуруу. Мыйзам. Сот. Армия. Боромбай бий, Жантай, Жангарач. Кыргыздардын Кенесары Касымовго каршы күрөшү. Уруу башчыларынын ич ара согушу жана анын кесепеттери. Цин инериясына каршы боштондук күрөшүнө кыргыздардын катышуусу.

**49-тема. Россия империясына Түндүк Кыргызстандын кириши**

Бугу уруусунун Россияга багыт алышы. Бугу уруусунун Россиянын букаралыгына кабыл алынышы. Россия армиясынын 60-жж түндүк кыргыз урууларын каратуу жортуулу.

**50-тема. Түштүк Кыргызстанды Россиянын каратып алышы**

Кокон хандыгындагы саясий кырдаалдын курчушу. Кокон хандыгынын Россия империясына вассалдык көз карандылыгы. Кокон хандыгына каршы көтөрүлүш. Болот хан. Көтөрүлүштү басуу. Кокон хандыгынын жоюулушу. М.Д.Скоблевдин Алайга жүрүшү. Түштүк Кыргызстанды басып алуунун аякташы. Курманжан датка - «Алай ханышасы».

**51-тема. Кыргызстан Россия империясынын колониясы**

Кыргызстан – Россия империясынын колониясы. Түркстан генерал-губернаторствосунун түзүлүшү. Административдик-колониялык башкаруу. Аймактык бөлүштүрүү. Орус администрациясы жана жергиликтүү калк. «Бөтөн элдер жөнүдө» жободо кыргыздардын укук жана милдеткерлигинин мүнөздөлүшү. Сот системасы.

**52 - тема. XIX к. экинчи жарымы - XX к. башындагы Кыргызстандагы социалдык-экономикалык өнүгүшү**

Жаңы шаарлардын курулушу. Орус дыйкандарынын Кыргызстанга жер которуусунун башталышы. Кытайдагы дунган жана уйгурлардын Кыргызстанга көчүп келүүсү. Орус-украин жана дунган кыштактарынын пайда болушу. Социалдык мамилелер. Манап, бий, бай, казы. Жаңы салык системасынын киргизилиши. Улуттук эзүүнүн күч алышы. 1898-ж. Анжыян көтөрүлүшү.

**53-тема. Кыргызстан XX к. башында**

Крайдагы экономикалык жаңы көрүнүштөр. Жергиликтүү тоо кен иштетүү өндүрүшүнүн калыптанышы. Сүлүктү жана Таш-Көмүр шахталарын иштетүү. Темир жол куруу жана почта, телеграф байланыштарынын жүргүзүү. Экономикалык өсүш. Шаар жана сооданын өнүгүшү, акча-товар мамилелери. Кыргыз дыйкандарында жана көчүп келген келгиндерде социалдык теңсиздиктин тереңдеши. Кыргызстандагы дунгандар. Уйгурлар. Немецтер. Алардын кесиби, тиричилиги жана маданияты.

**54-тема. Айыл чарбасындагы өзгөрүүлөр**

Кыргыздардын салттык чарбачылыгынын Россия империясынын базарына багытталуусу. Дыйканчылыкты жайылтуу. Кыргызстанда столыпиндик агардык реформанын жүргүзүлүшү жана кыргыз жерлерин тартып алуунун күчөшү.

**55-тема. 1916-жылдагы улуттук бошондук көтөрүлүш**

Падышалыктын салык саясаты. Биринчи дүйнөлүк согуштун мезгилинде улуттук эзүүнүн күчөшү. Көтөрүлүштүн башталышы, жүрүшү жана мүнөзү. Көтөрүлүштүн жетекчилери. Канат хан. Мөкүш хан. Көтөрүлүштун жеңилиши. Көтөрүлүшчүлөрдүн чарбасын талкалоо жана аларга каршы репрессия жүргүзүү.

**56-тема. Кыргыздардын салттык чарбачылыгы**

Көчмөн жана жарым көчмөн малчылык. Сугат дыйканчылыгынын жайылышы. Сугат системасы. Аңчылык. Канаттууларды кармоо. Кол өнөрчүлүк жана үй өндүрүшү-устачылык жана ювелирдик, карапачылык, тери иштетүүчүлүк, килем токуучулук шырдак, ала кийиз жасоо, жыгач иштетүүчүлүк. Көчмөндөрдүн отурукташуусунун башталышы.

**57-тема. Маданияттагы жаңы көрүнүштөр**

Материалдык маданият: архитектуралык эстеликтер, мовзолей. Турак-жайдын тиби, айыл-кыштактар. Жашоочу жана чарбалык бөлмөлөр (үй, короо-сарай). Үй куруу салты. Боз-үй негизги турак жай жана дүйнө модели. Боз үйдүн эпчи жана эр жагы. Салттуу кийим кече. Аялдар кийими. Социалдык жана жаш өзгөчөлүктөргө карата кийимдердин бөлүнүшү. Баш кийим. Эркектердин кийими. Мезгилдүү жана ритуалдык кийимдер. Ювелирдик кооздуктар.

Аскердик куралдар. Көчмөндөрдүн жана дыйкандардын эмгек куралдары. Зоот кийимдер. Ат жабдыктар. Үйгө керектерлүүчү буюмдар.

**58-тема. XVIII к. аягы-XX к. башындагы кыргыз элинин маданияты**

Сабаттуулук жана салттык билимдер. Элдик агартуучулук. Мектеп, медресе. Астрономия, метерология жана медицина боюнча элдик билимдер. Жыл эсептөө: кыргыздардын календары. Табыптар. Элдик оюндар. Элдик оозэки чыгармачылык. Төкмө акындык: Жеңижок (Өтө Көкө уулу 1859-1918-жж), Токтогул Сатылган уулу (1864-1933-жж), Барпы Алыкул уулу (1884-1949-жж), Эшмамбет Байсейт уулу (1867-1926-жж). Жазгыч акындар: Молдо Ныяз, Нурмолдо, Тоголок Молдо. Молдо Кылыч Шамыркын уулу. Музыка: Күрөңкөй Белек уулу, Ныязаалы Борош уулу, Муратаалы Күөңкөй уулу, Карамолдо Ороз уулу, Боогачы Жакыпбек уулу, Ыбырай Туман уулу. Лирикалык ырлар. Ырым-жырым ырлары. Салттык, үрп-адат ырлары. Оюн ырлары.

**59-тема. Манасчылар**

Эң алгачкы манасчылар: Ырамандын Ырчы уулу, Жайсаң ырчы, Толубай сынчы, Токтогул ырчы (XVI к). Манасчылык өнөрүн улантуучулар: Акылбек, Чоңбаш, Назар ырчы, Тыныбек Жапый уулу (1864-1902-жж), Келдибек Барыбоз уулу, Балык кумар уулу (1793-1873-жж), Чоюке Өмур уулу (1863-1925-жж), Чомо Асыран уулу (1879-1924). XX к. залкар манасчылары: Сагымбай Орозбак уулу (1867-1930-жж), Саякбай Карала уулу (1894-1971-жж).Манас эпосунун үзүндүлөрүн жазып алуу жана жарыялоо. Ч. Валиханов, В.В. Радлов, Х. Фаизханов.

**59-тема. Диний ишенимдер**

Мусулмандардын абалы жана ислам. Салттык ишенимдер. Теңирчиликтин ыйыктыгы. Ислам. Теңир-Тоо, Жети-Суу жана Фергана өрөөнүндө исламдын тароо процесси. Кыргыздардын исламды кабыл алуусу. Кыргыздардын исламга чейинки ишенимдери менен исламдын шайкеш келиши. Кыргыздар жана «исхаакия», «ышкия» диний жамааттары. Мечит. Дин кызматкерлеринин абалы. Исламдык окуу. Диний башкаруу.

**60-тема. Россиянын жана Европанын саякатчылары жана окумуштуулары тарабынан Кыргызстандын жаратылышын, тарыхын жана маданиятын изилдөө**

Илимий экспедициялар: П.П. Семенов-Тянь-Шаньский (1856-57-жж), Ч.Ч. Валиханов (1857-59, 1864-жж), Н. А. Северцова (1864-67-жж), А.П. Федченко (1868-71-жж), В.В. Верещагин (1869-70-жж), Н.М. Пржевальский (1870-88-жж).ж.б.

## VII глава. ПАДЫШАЛЫК БИЙЛИКТИН КУЛАШЫ. СОВЕТ БИЙЛИГИНИН ОРНОШУ ЖАНА ЧЫҢДАЛЫШЫ

**61-тема. Кыргызстан 1917-1918-жж. революциялар мезгилинде**

1917-ж.февраль революциясы. Убактылуу өкмөттүн колониялык саясаты. Алгачкы революционерлер: К. Сарыкулаков. Октябрь революциясы жана Кыргызстанда Совет бийлигинин орношу. Улуттук-колониялык эзүүнү жоюу аракеттери. Совет өкмөтүнүн Кытайга качкан кыргыздардын кайтып келүүсү жана аларды жайгаштыруу боюнча иш-аракеттери.

**62-тема. Кыргызстандагы жарандык согуш**

Кыргызстанда жарандык согуштун башталышы жана анын өзгөчөлүгү. Кыргызстандын аймагындагы келгин дыйкандардын антисоветтик козголоңдору. Жети-Суу фронтунун түзүлүшү. Кыргызстандагы басмачылык кыймыл анын себептери, социалдык базасы жана мүнөзү. "Басмачылык" жана аны тарыхый чындыгы. Кыргызстанда жүргүзүлгөн "аскердик саясаттын" өзгөчөлүгү.

**63-тема. Кыргызстан ЖЭС жылдарында. 1921-1928 жж.**

Большевиктердин «аскердик коммунизм» саясатынан баш тартышы жана жаңы экономикалык саясатка (ЖЭС) өтүшү. Айыл-кыштактарда азык түлүк чачымынын ордуна бирдиктүү салыктын киргизилиши. 1921-1922-жж., 1927-1928-жж. жер-суу реформалары. Өнөр - жайда кайра куруу иштери, кустардык өнөр жайдын өнүгүшү. Сооданын жанданышы. Керек-жарак кооперациясынын ролунун өсүшү.

**64-тема. Кыргызстан 20-30-жж. «Улуу бурулуш»**

Тездетилген индустриялаштыруу: улуттук өзгөчөлүк. «Интергельпо» кооперативи. Жумушчу жана инженердик адистерди даярдоо. Кыргызстандын агрардык өнөр жайлуу республикага айланышы. Жетекчиликтин акимчил-буйрукчул системасынын жана «үчилтик баш ийүүнүн» эл чарбасына тийгизген таасири. Ж. Абдрахманов. Социалисттик милдеш. Ударниктер жана стахановчулар. Жеке сооданы жана ишкердүүлүктү жоюу. Камсыздоонун крисизи жана карточкалык системанын киргизилиши.

**65-тема. Айыл чарбасын туташ коллективдештирүү жана көчмөндөрдү отурукташтыруу**

Айыл чарбасын коллективдештирүү. Көчмөн жана жарым көчмөн кыргыз чарбаларьш отурукташтыруу. Дыйкандардын нааразычылыгы. «Кулакка тартуу» боюнча тарыхый чындык. Колективдештирүүгө кыргыз дыйкандарынын каршылыгы. Айыл социуму: бай-манаптар, орто катмарлар жана кедей-кембагалдар. Айыл чарба коммуналары, артелдер жана ТОЗдор. Колхоз түзүмүнүн калыптанышы. МТСтарды түзүү.

## VIII глава. СОВЕТ БИЙЛИГИНИН УЛУТ САЯСАТЫ. КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН ӨНҮГҮШҮ

**66-тема. Кыргыз элинин улуттук мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышы**

Большевиктердин улут саясатына карата түрдүү пикирлер. Кара Кыргыз Автономиялуу областынын түзүлүшү. А. Сыдыков, Ж. Абдрахманов, А. Орозбеков. Советтик Кыргызстандын борбору - Пишпек (Фрунзе). 1926-жылы Кыргыз автономиялуу областынын Кыргыз АССРине, 1936-жылы Союздук Республикага айланышы. Кыргыз ССРинин Конституциясынын кабыл алынышы (1937-ж. 20-март). Пропаганда жана чыныгы жетишкендиктер.

**67-тема. 20-жж. жана 30-жж. башындагы Кыргызстандын коомдук-саясий турмушу**

«Жергиликтештирүү» саясаты жана улуттук маселеси боюнча күрөш. Кыргызстандын

жетекчилигиндеги топтордун ич ара күрөшү жана анын залалдары. «Отуздун» каты. Кыргызстандын коомдук-саясий турмушуна сталинизмдин зыяндуу таасири.

**68-тема. 1937-1938 жж. массалык саясий репрессиялар**

НКВДнын «Улуттук операциясы». 1920-30-жж. пантүркизм идеологиясын колдоочулар катары кыргыз интеллегенция өкүлдөрүн жана башка катмардагы калкты массалык репрессиялоо. (А. Сыдыков, Ж. Абдрахманов, И. Айдарбеков, Е. Д. Поливанов, И. Арабаев ж.б.). Илим менен маданияттын ишмерлерин репрессиялоо: К. Тыныстанов, Е. Поливанов, С. Карачев, Э. Арабаев, Б. Солтоноев жана башкалар. Республикадагы репрессиянын натыйжасы.

**69-тема. 1920-1930-жж. маданий революция**

Сабатсыздарга каршы курөш. Милдеттүү баштапкы билим берүүдөн - массалык орто мектепке өтүү. Улуттук жазууну түзүү жана алфавитти алмаштыруу. Атайын орто жана жогорку окуу жайларын түзүү. Улуттук интеллигенциянын калыптанышы. И.Арабаев, К.Тыныстанов. Китепканалардын, кинотеатрлардын түзүлүшү, газета жана журналдарды басып чыгаруу, музейлерди куруу. Айылдык окуу үйлөрү.

**70-тема. 1930-жж. адабияттын жана искусствонун өнүгүшү**

Аалы Токомбаев, Алыкул Осмонов, Жоомарт Бөкөнбаев. Сүрөт өнөрү: Гапар Айтиев, Семён Чуйков. Кыргыз улуттук театрынын түзүлүшү. Элдик музыка: Карамолдо Орозов, Мураталы Күрөңкеев, Муса Баетов, Атай Огонбаев. Классикалык музыканын пайда болушу: Абдылас Малдыбаев, Мукаш Абдраев, Владимир Власов, Владимир Фере. Алгачкы кыргыз операсы жана балети.

Кыргыз элинин илиминин жана маданиятынын калыптануусунда орус интеллегенциясынын ролу: А.Е. Ферсман, Е.Д. Поливанов, А.В. Затаевич, Д. Щербаков, К.К. Юдахин ж.б. Спорт: Кожомкул.

## IX глава. КЫРГЫЗСТАН УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШ ЖАНА АНДАН КИЙИНКИ МЕЗГИЛДЕРДЕ (1941–1953-жж.)

**71-тема. Кыргызстан Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде**

Кыргызстандыктардын Улуу Ата Мекендик согушка катышуусу. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги кыргыздын даңктуу уулдары.

**72-тема. Кыргызстандын экономикасы Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде**

Эвукацияланган ишканаларды, илимий мекемелерди жана окуу жайларын жайгаштыруу. Эмгек жана экономикалык ресурстарды майдандын кызыкчылыгына мобилизациялоо. Аялдардын жана өспүрүмдөрдүн өнөр жай жана айыл чарба өндүрүшүндөгү ролу. Окумуштуулардын кайратман эмгеги. СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалынын түзүлүшү (1943-ж.). Калктын майданга көмөгү. Коргоо фондуна ыктыярдуу акчалай салымдары. Эвакуациялангандарга жардам. Аскердик госпиталдарды жайгаштыруу.

**73-тема. Кыргызстан согуштан кийинки жылдард (1945 – 1953-жж.)**

Саясий режимдин катаалданышы. Өнөр жайдын жарандык продукция чыгарууга өтүүсү. Агрардык саясаттагы өзгөрүүлөргө үмүттөр. Коомго идеологиялык басымдын күчөшү. «Космополитизм» менен күрөшүү. Идеологиялашкан илимий дискуссиялар жана анын илимдин өнүгүшүнө тийгизген таасири. Республикадагы адабиятчылар жана жазуучуларды куугунтуктоолор жана репрессиялар: Т.Байжиев, З.Бектенов, Ж. Шүкүров, Т. Саманчин.

## X глава. КЫРГЫЗСТАН ЖОГОРТОДОН ЖҮРГҮЗҮЛГӨН РЕФОРМАЛАРДЫН ЖЫЛДАРЫНДА (1953–1964-жж.)

### 74-тема. Кыргызстан 1953 — 1964-жж.

Саясий актоо процессинин башталышы. Мамлекеттик башкарууну кайра куруу, республикаларга айрым укуктарды берүү. Айыл чарбасындагы кризистик көрүнүштөр жана азык-түлүк проблемасы. Колхозчулардын жашоо деңгээлинин жогорулашы. Көмөкчү чарбаларды чектөөлөр. Республиканын айыл чарбасындагы өзгөрүүлөр.

### 75-тема. 60-жж. ортосундагы — 80-жж. башындагы Кыргызстандын саясий жана экономикалык өнүгүүсү.

Республиканын коомдук-саясий турмушу. 1978-ж. Кыргыз ССРинин Конституциясын кабыл алуу. Идеологиялык турмуш. Социалдык апатиянын өсүшү. Республикада 1965—1967-жж. чарбалык реформаны жүргүзүү, анын ийгиликсиз аякташынын себептери. Эл чарбасынын өнүгүшүнүн экстенсивдүү мүнөзү. Экономикалык өсүштүн жайланышы. Айыл чарбасынын өнүгүшүнүн кыйынчылыктары. Азык-түлүк проблемасынын тереңдеши. 1980-жж.советтик экономикадагы кризис.

### 76-тема. Советтик Кыргызстандагы руханий турмуш

Билим берүү жана илимдин өнүгүшү. Кыргыз ССР ИА түзүлүшү жана анын курамында илимий иниститутардын ачылышы. И. Ахунбаев, Б. Жамгырчинов, К. Юдахин, М. Адышев. К. Скрябин, Ж. Шүкүров.

Адабияттын жана көркөм өнөр искусствосунун өнүгүшү (Т. Сыдыкбеков, Г. Айтиев, К. Баялинов, С. Жусуев, Ч. Айтматов ж.б.). Адабиятта, искусстводо жана кино тармактарында советтик чындыктын чагылдырылышы. Советтик системанын крисизинин коомдун рухий жашоосуна тийгизген таасири. Ысык-Көл форуму. Ч. Айтматов. Киноискусство: Т. Океев, Д. Асанова, Б. Шамшиев, С. Чокморов. Дене тарбия жана спорттун өнүгүшү. Кыргызстандыктардын Москвадагы олимпиадалык оюндарга катышуусу. К. Осмоналиев.

### 77-тема. Кыргызстан в 1985 - 1991 гг.

Тездетүү стратегиясы жана экономиканы реформалоо аракеттери. Жеке ишкердикке уруксат берүү (жеке эмгек ишмердиги). Өнөр жай жай жана айыл чарба өндүрүшүнүн төмөндөшү. Азык-түлүк таңсыктыгы жана карточкаларды киргизүү. Кайра куруу жана маалымдуулук саясаты. Антиалкоголдук кампания. Ош коогалаңы жана анын коомдук-саясий кырдаалга тийгизген таасири. Кыргыз тилине мамлекеттик тил укугунун ыйгарылышы. Калктын коомдук-саясий активдүүлүнүн жогорулашы.

## IV бөлүм. ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАН

### XI глава. ТОТАЛИТАРДЫК СИСТЕМАДАН ДЕМОКРАТИЯГА КАРАЙ

**78-тема. СССРдин таркашы. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын жаралышы**

Кайра куруу саясатынын ишке ашпай калышы жана СССРдин кулашы. Кыргызстандын президентин шайлоо. 1991-жылдагы Москвадагы август төңкөрүшү. Кыргызстандын эгемендүүлүгүн жарыялоо. Көз карандысыз Кыргыз Республикасынын жаралышы.

**79-тема. Коомдук-саясий турмуштагы өзгөрүүлөр**

1990-жылы шайланган Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин (легендарлуу парламент) ишмердүүлүгү. Кыргыз Республикасынын Конституциясын (Негизги Мыйзам) иштеп чыгуу жана кабыл алуу. Конституциянын негизги принциптери. Башкаруунун авторитардык режиминин калыптана башташы. Аксы окуялары. Түптөлө баштаган авторитардык режимдин жана анын кулашынын негизги себептери.

**80-тема. 2005-жыл – 2010-жылдын биринчи жарымындагы коомдук-саясий кырдаал**

2005-ж. Март революциясы жана мамлекеттик бийликтин алмашышы. 2005-жылдын 10-июлундагы президенттик шайлоо. 2006–2007-жж. саясий кризис. Мамлекеттик башкарууну реформалоо. Кландык-авторитардык башкаруунун күч алышы.

### XII глава. КЫРГЫЗСТАН ДЕМОКРАТИЯ ЖОЛУНДА

**81-тема. 2010-жылдагы Апрель революциясы. Кыргызстандын парламенттик-президенттик республиканы карай багыт алышы**

Апрель Элдик революциясынын чыгышынын негизги себептери. Элдик толкундоолордун башталышы. Бийликтин элге өтүшү. Убактылуу өкмөттүн түзүлүшү. Кыргызстандын жаңы Конституциясын кабыл алуу. Президенттик шайлоо. Саясий туруктуулуктун камсыз болушу. Бүткүл элдик референдумдар.

**82-тема. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын өнөр - жайынын абалы**

Экономикалык реформаны жүргүзүү аракетинин башталышы. Менчиктештирүү жана рынок мамилелерине өтүүдөгү кыйынчылыктар. Улуттук акчанын — сомдун киргизилиши. Инвестицияларды тартуу аракети. Көмүр, электр энергиясын өндүрүүнүн абалы. Энергетикалык коопсуздуктун камсыз болушу. Алтын өндүрүү, машина куруу жана металл иштетүү. Химия өнөр жайы. Жыгач жана таш иштетүү.

**83-тема. Кыргызстандын айыл чарбасындагы реформалардын жүрүшү**

Чарба жүргүзүүнүн жаңыча ыкмаларына өтүүнүн зарылчылыгы. Айыл чарбасын реформалоодогу ийгиликтер жана кемчиликтер. Жерге жеке менчиктин киргизилиши. Дыйканчылык менен мал чарбасынын абалы.

**84-тема. Калктын социалдык турмушу**

Калктын социалдык түзүмүндөгү өзгөрүүлөр. Социалдык-таптык түзүлүш. Жакырчылыкты жоюу аракеттери. Калкты турак жай менен камсыздоо. Жаңы конуштар жана алардын көйгөйлөрүн чечүү. Калкты социалдык жактан тейлөөнүн абалы. Саламаттыкты сактоонун абалы. Транспорттук тейлөө. Жол курулушу.

**85-тема. Кыргызстан көп улуттуу өлкө**

Калктын улуттук түзүлүшү жана улут саясаты. Кыргызстандагы диаспоралар. Кыргызстан элдеринин ассамблеясы. 2010-жылдагы Кыргызстандын түштүгүндөгү улут аралык кагылышуу жана анын кесепеттерин жоюу.

**86-тема. Улуттук аң-сезимдин жогорулашы**

Тарыхка, улуттук мурастарга олуттуу мамиленин жасалышы. Ош шаарынын 3000 жылдыгын, «Манас» эпосунун 1000 жылдыгын, Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгын майрамдоо. 2016-жыл — Тарых жана маданият жылы. Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндары.

**87-тема. Эгемендүү Кыргызстандагы билим берүү**

Билим берүү системасынын реформаланышы. Мектепке чейинки билим берүү. Жалпы орто билим берүү. Алгачкы кесиптик билим берүү. Орто жана жогорку кесиптик билим берүү. Билим берүү мекемелеринин мамтериалдык-техникалык абалын чыңдоо, мугалимдердин статусун көтөрүү аракети. Илим изилдөө иштеринин абалы. Илим изилдөө ишиндеги ийгиликтер. Илим тармагындагы эл аралык байланыштар. Илимий изилдөөлөрдү тармактык изилдөө институттары менен жогорку окуу жайларында активдештирүү аракети.

**88-тема. Кыргызстандагы диний кырдаал. Экстремизмге жана терроризмге каршы күрөш**

Дин тутуу жана тутпоо эркиндиги. Көп улуттуу коом. Салттуу диндер. Ислам дининин жаңылануусу. Диний уюмдар. Диний конфессиялар жана алардын өлкөнүн турмушундагы ролунун жогорулашы.  Диний экстремизмге жана террорчулукка бөгөт коюу аракеттери.

**89-темалар. Кыргызстандын тышкы саясатынын калыптанышы жана өнүгүшү**

Эгемендүү Кыргыз Республикасын дүйнөлүк коомчулуктун таанышы. Кыргызстандын чет өлкөлөр менен кызматташуусу. Россия Федерациясы — Кыргызстандын негизги өнөктөшү. Кыргызстан менен Кытайдын алакалары. «Шанхай бешилтиги» уюмунун алкагындагы кызматташтык. Кыргызстан – Түркия мамилелери. Кыргызстандын АКШ менен байланыштары. Кыргызстан жана Европа шериктештиги. Кыргызстандын Борбордук Азия өлкөлөрү менен байланышы. Кыргызстан жана Азия өлкөлөрү.

**90-тема. Чет өлкөдө жашаган кыргыздар жана алар менен байланыштар**

Жакынкы чет өлкөлөрдө: Өзбекстанда, Казакстанда, Россияда жашаган кыргыздар. Алыскы чет өлкөлөрдө: Кытайда, Түркияда, Афганстанда, Пакистанда жашаган кыргыздар. Чет өлкөлөрдө жашаган кыргыздар менен кыргызстандыктардын карым-катнаштарынын кеңейиши.

**Кайталоого –  саат 12**

**Мектепте “Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых” предметин өздөштүрүүгө талаптар**

**11-класс**

| **Ой жүгүртүү көндүмдөрүнүн деңгээлдери (Б.Блум боюнча)** | **Күтүлүүчү натыйжалар** |
|---|---|
| **Билүү/түшүнүү** | • тарыхый процесстин бүтүндүгүн жана ырааттуулугун мүнөздөөчү: факт, кубулуш, процесс, түшүнүк, теория, гипотезаларды түшүнөт;<br>• Кыргызстандын тарыхын периодизациялоо принциптерин жана мүмкүнчүлүктөрүн, үйрөнүлгөн тарыхый окуялардын ааламдык жана учурдук чектерин аныктайт;<br>• тарыхый процесстеги негизги методологиялык концепцияларды, алардын илимий жана дүйнө таанымдык негиздерин бөлүп көрсөтөт;<br>• тарыхый талдоонун методдорун билет;<br>• өткөндөгү окуя, процесс жана кубулуштардын тарыхый, тарыхый-социологиялык, тарыхый-саясий, тарыхый-маданий, антопологиялык өзгөчөлүктөрүн аныктайт;<br>• адамдын жүрүш-турушунун нормасын жана мотивдерин, социалдык карым-катнаштын түзүлүшүн, коомдук институттардын тарыхый шарттарынын эволюциясын жана калыптанышын айырмалайт;<br>• Кыргызстандын улуттук, аймактык, региондук, конфессиялык, этноулуттук, локалдуу байланыштарын жана өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтөт. |
| **Колдонуу, талдоо, топтоштуруу:** | • ар түрдүү тарыхый булактардан маалыматтарды комплекстүү издейт;<br>• маалымат булактарын тышкы жана ички сын айтууну ишке ашырат (маалыматтын авторлугун, жаралуу убагын, шарттарын, максатын мүнөздөө менен чындыкка жакындыгын аныктоо);<br>• тарыхый булактарды маалымат катары классификациялайт;<br>• ар түрдүү белгиде берилген тарыхый булактарды талдайт (текст, карта, таблица, схема, аудиовизуалдык ж.б.) жана бул маалыматтардан жыйынтырады чыгарат;<br>• тарыхый булактардагы факт менен ойду, тарыхый сүрөттөө менен тарыхый түшүндүрүүнү, гипотеза менен теорияны айырмалайт;<br>• тарыхый процесстерди жана кубулуштарды үйрөнүүдө: себеп-натыйжаны, түзүлүштүк-функциялык, ааламдык жана мезгилдик талдоону колдонот;<br>• дүйнөлүк-тарыхый процесстердин мыйзам ченемдүүлүгү жөнүндө өзүнүн жеке көз карашына таянып ар тараптуу тарыхый маалыматтарды системага салат;<br>• тарыхый таануучулук тапшырмаларды аткарууда, өз |

| Ой жүгүртүү көндүмдөрүнүн деңгээлдери (Б.Блум боюнча) | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|
| | ишинин маселесин жана максатын аныктоо менен тарыхый билимдерин колдонот;<br>• тарыхый маселелерге арналган изденүүчүлүк иштерге, дискуссияларга катышуу, талкууланган маселе боюнча тарыхый далилдерге таянып өзүнүн көз карашын калыптандыруу, ар түрдүү пикирлерди эске алып, ойлорун башкаларга түшүндүрө алат, топтогу иштерди уюштура алат;<br>• тапшырмаларды аткарууда тарыхый, тарыхый-социологиялык, тарыхый-саясий, тарыхый-маданий, антропологиялык талдоо методдорун айкалыштырат;<br>• жеке жана топтук ишмердүүлүктүн натыйжаларын конспект, реферат, рецензия резюме, изденүүчүлүк долбоор, презентация түрүндө чагылдырат. |
| **Баалоо, чыгармачылык** | • коомдук процесс жана кырдаалдарды түшүнүү менен сын көз караштa таолайт;<br>• тарыхый шарттардан келип чыгып, заманбап жашоодо өз көз карашын билдирет;<br>• тарыхый келип чыккан социалдык жүрүш-туруштун формалары менен өзүнүн кыймыл-аракетин, айлана-чөйрөгө мамилесин айкалыштырат;<br>• тарыхый дүйнө тааным түзүлүшү, идеологиялык теорияларга салыштырып, өзүнүн көз карашын жана принциптерин калыптандырат;<br>• ар түрдүү көз караштагы, маданий баалуулуктагы жана социалдык абалдагы адамдар менен өз ара байланышта өзүнүн кыймыл аракетинин жыйынтыктарын чыгарат;<br>• өзүн тарыхый калыптанган жарандык, этномаданий, конфессионалдык коомдун мүчөсү жана Кыргызстандын атуулу катары баалайт жана көрсөтөт. |

## ОКУУЧУНУН ОКУП - ҮЙРӨНҮҮ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

Окуучуларды баалоодо инсанга багытталган мамиле колдонулуп, алардын өнүгүшүнүн, керектөөлөрүнүн жана жөндөмдүүлүгүнүн учурдагы абалы жана өзгөчөлүктөрү эске алынат. Баалоо жекече окуп-үйрөнүүнү өнүктүрүүгө, өзүн-өзү сыйлай билүүгө, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн аңдап-түшүнүүгө көмөк көрсөтөт. Бул үчүн баалоонун ар түрдүү формалары жана методдору колдонулат.

Окутуунун натыйжаларын баалоодо окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн (жумуш аткаруу ылдамдыгын, теманы өздөштүрүү ыгын ж.у.с.) эске алып, алардын жетишкендиктерине жана өсүшүнө көңүл бурулат. Окуучулардын өсүшү билим тарамдарынын алкагында каралган белгилүү окутуу натыйжаларына жетишүү процесси катары аныкталат.

Баалоо окуу процессинин белгилүү баскычтарына карата пландалган натыйжаларга жетүү даражасын аныктайт жана окуучунун позитивдүү жетишкендиктерин топтоо же жалпылоо жолу аркылуу калыптанышы мүмкүн.

Өсүштү баалоо үчүн мугалим окуу жылынын ичинде окуучунун компетенцияларынын калыптануусунун баштапкы деңгээлдерин (алдын алуу баалоо) пландаштырылган (аралык жана жыйынтыктоочу) натыйжалар менен салыштырып жүрөт. Ар бир окуучу боюнча көрсөткүчтөрдү мугалим жалпылап, алар окуучунун жетишүүсүн жана мугалимдин ишмердигин талдоо, окутуунун милдеттерин (мугалим үчүн) жана окуу милдеттерин (окуучу үчүн) аныктоо аркылуу окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизүү жана аны өркүндөтүү максатында пайдаланат.

## ОКУУЧУЛАРДЫН ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨРҮНҮН ТҮРЛӨРҮ БОЮНЧА БААЛООНУН ЧЕН-ӨЛЧӨМДӨРҮ

Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоодо баа төмөндөгү чен-өлчөмдөрдүн (критерийлердин) негизинде коюлат. Жыйынтыктоочу баалоодо оозеки суроонун көлөмү азаят, ал эми жазуу иштеринин көлөмү көбөйөт. Айына жок дегенде бир ирет текшерүү иштерин өткөрүү сунуш кылынат. Мындай иштерди өткөрүүдө сөзсүз түрдө текшерүү иштеринин ар түрдүү формаларын колдонуу зарыл. Окуучулардын текшерүү иштерин текшерүүдө окуучулар менен кеңири байланыш түзүү, аткарылган иштерди далили менен талдоо жүргүзүү зарыл. Бул жерде окуучунун ишмердүүлүгү бааланат, ал эми мугалимдин окуучуга болгон мамилеси коюлган баага таасир тийгизбеши керек. **Объективдүү баалоо**. Баалоонун чен – өлчөмдөрүн пайдалануу менен, окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо зарыл. Чен-өлчөмдөр боюнча баалоо ар бир окуучунун ишмердүүлүгүн гана баалоого (бир окуучунун жообун/ишин башка окуучунун жообу/иши менен салыштырбай) мүмкүндүк берет. Окутуунун натыйжаларына карата алганда окуучунун деңгээлин аныктайт. Бул жерде ар бир окуучу тарабынан материалды өздөштүрүү деңгээли баалоонун чен-өлчөмдөрүнө жана тиешелүү күтүлгөн натыйжаларга жараша бааланат. Окуучунун окуудагы жетишкендиктерин баалоонун чен-өлчөмдөрүнүн негизи болуп окутуудан күтүлүүчү натыйжалардын жыйынтык максаттары эсептелет. Баалоонун чен-өлчөмдөрү окуу процессинин бардык катышуучулары үчүн ачык-айкын жана түшүнүктүү болгондо, окуучулар ар бир тапшырмага түшүнүү менен мамиле кылышып, алардын кийинки окуудагы жетишкендиктерине жетүүгө мүмкүндүк берет.

### 1.Окуучулардын оозеки жообун баалоонун чен - өлчөмдөрү

***"5" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. терең жана толук билимин, программалык материалдын бардык көлөмүн түшүнгөнүн, каралып жаткан түшүнүктөрдүн, кубулуштардын жана мыйзамченемдүүлүктөрдүн өз ара байланыштардын маңызын толук түшүнгөнүн көрсөтсө;
2. окулган материалдын негизинде толук жана туура жооп түзө алса;
3. негизги жоболорду бөлүп көрсөтө алса, жооп берүүдө өз алдынча мисалдар, фактылар менен тастыктаса;

4. предмет аралык (мурда алган билимдердин негизинде) жана предмет ичиндеги байланышты коё алса, тааныш эмес кырдаалда алган билимдерди чыгармачылык менен колдоно алса;
5. жекече жыйынтык чыгара алса;
6. негизги мыйзам, түшүнүк, теориялардын түшүндүрмөсүн жана так аныктамасын айта алса;
7. жооп берүүдө китептеги сүйлөмдү сөзмө-сөз кайталабаса;
8. алган билимин чыгармачылык деңгээлде көйгөйлөрдү чечүүдө ишенимдүү жана катасыз, өз алдынча колдонсо;
9. бир ката кетирсе, аны мугалимдин талабы боюнча жеңил ондой алса;

***"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. 1.программалык материалдын баары боюнча билимин көрсөтсө;
2. 2.окуп-үйрөнгөн теориялардын негизинде толук жана так жооп берсе;
3. 3.өтүлгөн материалды кайра айтып берүүдө билинбеген ката кетирсе;
4. материалды белгилүү логикалык ырааттуулукта бере алат, ушул жерден бир одоно эмес ката, экиден аз байкабастыктарды кетирип, бирок аларды мугалимдин чоң эмес жардамы менен же талабы боюнча өз алдынча кайра оңдой алса;
5. негизинен окуу материалын өздөштүрүп, жоопторду конкреттүү мисалдар менен тастыктаса;
6. мугалимдин кошумча суроолоруна туура жооп берсе;
7. өтүлгөн материалдан негизги жоболорду өз алдынча бөлүп көрсөтө алса;
8. фактылардын жана мисалдардын негизинде жалпылап, жыйынтык жасап, предмет ичиндеги байланышты көрсөтө алса;
9. алынган билимди практикада өзгөрүлгөн абалда колдоно алса.

***"3" баа коюлат, эгерде окуучу:***

***1.*** 1.окулган материалдын негизги мазмунун өздөштүрсө; программалык материалды кийинки өздөштүрүүгө тоскоол болбогон материалдарды өздөштүрүүдө мүчүлүштүктөрү бар болсо;
***2.*** материалды баш аламан, кээ бир бөлүктөрүн гана, ирети жок айтып берсе;
3. кээ бир билимдеринин жана билгичтиктеринин жеткиликсиз калыптангандыгын көрсөтсө;
4. жыйынтыктарды жана жалпылоолорду начар далилдесе, аларда каталарды кетирсе;
5. илимий терминдерди пайдаланууда так эмес айтса жана ката кетирсе, түшүнүктөргө так эмес аныктама берсе;
6. байкоолордон, тажрыйбалардан далил катары жыйынтыктарды жана жалпылоолорду пайдаланбаса же колдонууда каталарды кетирсе;
7. түрдүү маселелерди чыгаруу үчүн керек болгон билимдерди колдонууда, теория жана мыйзамдардын негизинде конкреттүү кубулуштарды түшүндүрүүдө же теорияларды практикалык колдонууда конкреттүү мисалдарды тастыктоодо кыйналса;

8. мугалимдин суроолоруна толук эмес (негизгисин калтыруу менен) жооп берсе, же китептеги текстти кайталап айтып берсе, бирок ушул текстте маанилүү болгон кээ бир жоболорун жеткиликсиз түшүнбөсө;
9. китептен (жазуулардан, биринчи булактардан) текстти кайра айтып берүүдө кээ бир жоболордун маанисин жеткиликтүү эмес түшүнсө же мугалимдин суроолоруна бир-эки одоно ката кетирип, толук эмес жооп берсе.

***"2" баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. материлдын негизги мазмунун ачпаса жана өздөштүрбөсө;
2. жыйынтыктарды жана жалпылоолорду жасай албаса;
3. берилген суроолордун чегинде программалык материалдын орчундуу же негизги бөлүгүн билбесе жана түшүнбөсө;
4. начар калыптанган жана толук эмес билимдери болсо жана коюлган конкреттүү суроолорго аларды колдоно албаса;
5. (бир суроого) жооп берүүдө экиден ашык одоно ката кетирсе, аны мугалимдин жардамы менен дагы оңдой албаса.

***"1" баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. коюлган бир дагы суроого жооп бере албаса;
2. материалды толугу менен өздөштүрбөсө.

**2. Окуучулардын жазуу иштерин баалоонун чен - өлчөмдөрү**

***"5" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. жазууга коштогон оозеки кеп маданиятынын негизги эрежелерин сактай алса жана илимий терминдерди пайдалана алса;
2. окуу китеби, сурап-билүүчү адабият, биринчи булак (туура багыт алат, бирок жай иштейт) менен жеткиликсиз иштөө көндүмүнө ээ болсо;
3. жазуу иштерин жасалгалоодо одоно эмес каталарды кетирсе.
4. өз алдынча жана далилдүү талдоо, жалпылоо, жыйынтык жүргүзө алса;
5. окуу материалды так, байланыштуу, негиздүү жана катасыз айта алса; кабыл алынган терминологияларды пайдалануу менен жоопту логикалык ырааттуулукта бере алса;
6. материалды илимий адабий тил менен жазса;
7. жооптор менен коштолгон жазуулар, курал, чийме, схема жана графиктер талапка ылайыктуу болсо.

***"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. окуп-үйрөнгөн материалды жазууда билинбеген ката кетирсе;
2. жообунда өзүнүн жекече көз карашын билдире алса;
3. жообунда терминдерди жана түшүнүктөрдү колдонууда экиден аз каталыктарды кетирсе;

4. жооп фактыларга, коомдук жана жекече тажрыйбаларга негизделсе;
5. жообунда окуп-үйрөнгөн материалды толук камтып, терминдер жана түшүнүктөрдү колдонсо;
6. жообунда окуучу фактыларга, коомдук жана жекече тажрыйбасына негизденип, өзүнүн жекече көз карашын билдирсе;
7. жообунда далилдер келтирилсе.

***"3" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. окуп-үйрөнгөн материалды жазууда билинбеген ката кетирсе;
2. жооп берүүдө өзүнүн жекече көз карашын билдирүүдө мугалимдин жардамын колдонсо;
3. жообунда терминдерди жана түшүнүктөрдү колдонууда экиден аз каталыктарды кетирсе;
4. жооп фактыларга, коомдук жана жекече тажрыйбаларга негизделсе;
5. жообунда окуп-үйрөнгөн материалды толук камтып, терминдер жана түшүнүктөрдү колдонгондо каталарды кетирсе;
6. жообунда окуучу фактыларга, коомдук жана жекече тажрыйбасына негизденип, өзүнүн жекече көз карашын билдирсе;
7. жообунда толук эмес аргументтерди келтирсе.

***"2" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. жооп жок же туура эмес.

### 3.Окуучулардын практикалык ишин баалоонун чен - өлчөмдөрү

***"5" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. тапшырма логикалык уланмалуулукта аткарылса;
2. тапшырмаларды аткарууда өз алдынча сунушталган булактарды тандап, аларды колдоно алса;
3. теориялык алган билимин, практикалык көндүм, ыкмаларды практикалык ишмердүүлүгүндө колдоно алса;
4. чыгармачыл эмгектерин презентациялоодо техникалык жана стилистикалык каталары жок болсо;
5. тапшырманы аткарууда толук материал камтылса;
6. маалымат булактарын, теориялык алган билимин жана практикалык көндүм, ыкмаларын туура колдонсо;
7. техникалык жана стилистикалык каталары жок болсо.

***"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. тапшырманы аткарууда толук материалды камтып, бирок, кээ бир жерлерине логикалык уланмалуулук сакталбаса;

2. маалымат булактарын колдонгон, бирок, иштин жыйынтыгын презентациялоодо техникалык жана стилистикалык каталар бар болсо.
3. тапшырманы аткарууда толук эмес материал камтылса;
4. маалымат булактарын, теориялык алган билимин жана практикалык көндүм, ыкмаларын кээде туура колдонбосо;
5. техникалык жана стилистикалык каталары кездешсе.

***"3" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. тапшырма мугалимдин жардамы менен аткарылса же толук бүтпөй калгандыктан үйгө иштеп келүү үчүн берилсе;
2. материалды теориялык жакшы билгени менен практикалык түрдө аткара албаса;
3. тапшырманы аткарууда көп материал камтылбай калса;
4. маалымат булактарын, теориялык алган билимин жана практикалык көндүм, ыкмаларын туура эмес колдонсо;
5. техникалык жана стилистикалык каталары көп кездешсе.

***"2" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. аткарылган иш коюлган максатка туура келбесе;
2. материал начар өздөштүрүлсө;
3. мугалим жардамы менен дагы тапшырманы аткара албаса.

## СУНУШТАЛГАН АДАБИЯТТАР:

### НЕГИЗГИ:


1. Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүүчү стандарты. – Б., 2014.
2. «Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» боюнча предметтик стандарт: (5-9 класстар). – Б., 2015.
3. Жалпы билим берүү уюмдарынын Базистик окуу планы. – Б., 2015.
4. Кыргыз Республикасынын билим берүү кызматкеринин колдонмо китеби. – Б., 2015.
5. Настольная книга работника образования Кыргызской Республики. – Б.: 2015.
6. Кыргыз Республикасынын тарыхы. – Б., 2000.
7. Кыргызстан тарыхынын кыскача лекциялары. – Б., 2005.
8. Осмонов Ө.Ж. Кыргызстан тарыхы (байыркыдан, бүгүнкү күндөргө чейин). – Б., 2017.
9. Бактыгулов Д.С., Момбекова Ж.К. История Кыргызов и Кыргызстана с древнейших времен до наших дней. – Б., 1999.
10. Иманкулов М.К., Голубчиков Ю.Н. Историко-культурный атлас Кыргызстана. – М., 2001.
11. Плоских В. М. Наш Кыргызстан. Популярная историческая энциклопедия. Б., 2004.
12. Введение в историю кыргызской государственности. Курс лекций для вузов. –Б., 1994.
13. Джуманалиев Т. История Кыргызстана в схемах и комментариях. – Б., 2012.
14. Койчуев Т. Постсоветская центральная Азия: состояние, поиск, пути, возможности. – Алматы, 1994.
15. Бартольд В.В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер.-Б., 1997.
16. Аристов Н.А. Усуни и Кыргызы или кара-кыргызы. – Б., 2001.
17. Проблемы политогенеза Кыргызской государственности. –Б., 2003.
18. Табалдиев К. Ш. Древние памятники Тянь-Шаня. –Б., 2011.


### КОШУМЧА:


1. Бернштам А. Н. Очерки гуннов. – Л., 1951.
2. Бичурин Н. Я. Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. – Т. 1–2. – М.-Л., 1950.
3. Бойс М. Зороастрийцы. – М., 1987.
4. Брошей Ю,, Подояльный Р. Человечество — это народы. – М.: Мысль, 1990.
5. В древние времена. Т. I. – М.-Л., 1950.
6. Васильев Л. С. История Востока. – М.: Высшая школа, 1994.
7. Галич М. История доколумбовых цивилизаций. – М.: Мысль, 1990.
8. Гальский Д. Великие авантюры: история создания Суэцкого и Панамского каналов. – М.: Прогресс, 1990.

9. Гафурое Г. Б., Цибукидис Д. Александр Македонский и Восток. – М., 1980.
10. Год кризиса: 1938–1939. Документы и материалы. – М.: Полит-издат, 1990.
11. Грюнебаум Г. Э. фон. Классический ислам. – М.: Наука, 1998.
12. Дальний Восток и соседние территории в средние века. –Новосибирск: Наука, 1980. – Таласская битва.
13. Даниленко В. Н. Декларация прав и реальность: к 200-летию прав человека и гражданина. – М.: МО, 1989.
14. Древние культуры Средней Азии и Индии. – Л.: Наука, 1984.
15. Древние цивилизации. – М., 1989.
16. История Древнего Востока. – М., 1979.
17. Массон В. М. Первые цивилизации. – Л.,1989.
18. Советское общество: возникновение, развитие, исторический финал. В 2-х томах // Под общей ред. Афанасьева Ю. Н. – М.: РГГУ, 1997.
19. Традиционное мировоззрение тюрков Южной Сибири: знак и ритуал. – Новосибирск: Наука, 1990.
20. Центральная Азия и соседние территории в средние века. – Новосибирск: Наука, 1990.
21. Шакиров Р., Буркитова А., Дудкина О. Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо. Методикалык колдонмо. – Б.: 2011.
22. Окуучуларды баалоо. Жаңыча мамилелер жана усулдар: Мугалимдер үчүн окуу-методикалык колдонмо. – Б., 2010.